Бишкек шаарынын 125-жылдыгына арналган илимий конференцияда окулган билдирүүлөр жыйнак ирээтинде В.М. Плоских, Д.Д. Джунушалиев жана В.Я. Галицкийдин редакциясында жарыяланып, шаардын байыркы доордон баштап жакынкы доорго чейинки хронологиялык аралыкты камтыган макалалардан түзүлгөн[24].

Софья Нурматованын эмгектеринде архивдик булактарды колдонуу менен Пишпек жана Ош шаарларынын (революцияга чейин камтыган тарыхындагы) орус улутундагы тургундары жөнүндө кызыктуу маалыматтар берилет. Пишпек тууралуу эмгегинде шаардыктардын мамлекеттик архивинин жана мемуарлар негизинде шаар жашоосу баяндалат. Ал эми Ош жөнүндөгү эмгеги Ош шаарынын, Ош облусунун мамлекеттик архивинин жана саясий иш кагаздар мамлекеттик архивинин, Сулайман-Тоо тарыхый-археологиялык комплексинин, Ф. Семернин атындагы фондунун жана Өзбекстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин материалдарынын негизинде түзүлгөн.[25]

Ж.Б. Алымбаевдин монографияларында жана бир катар илимий макалаларында XVIII-XX-к. коомдук-саясий турмушуна тарыхнаамалык талдоо жүргүзүлүп, кыргыздардын административдик саясаттын айрым маселелери каралып, революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринин негизинде Кокон хандыгынын жана Россия империяларынын кыргыз элинин коомдук-саясий турмушуна болгон таасири а.и. шаарлардын өнүгүүсү баяндалат. Ош уездинин герби жөнүндө жазган макаласы өзгөчө кызыгуу жараткан.[26] Ошондой эле, жүргүзүлгөн саясаттын оң жана терс таасирлерине токтолуп, Кыргызстандын Россияга каратылышынын

---

[23] Рыскулов Т.М. История города Каракола (1869-1918гг.). Кандид.дисс.. – Б.: – 1994.

[24] Плоских В.М., Джунушалиев Д.Д., Галицкий В.Я. Пишпек-Фрунзе-Бишкек: этапы исторического развития (1878-2003 гг.).-Б.: 2003;

[25] Нурматова С. Русские в Пишпеке (конец XIX - начало XX вв.): по материалам архивов; Ошол эле автор Русские в Оше (конец XIX - середина XX вв.): по материалам архивов.

[26] Алымбаев Ж.Б. Общественно-политическая жизнь кыргызов в российской историографии второй половины XVIII – начала XXвв. – Б.: 2009. – 320 с.; «Туркестанские ведомости» как источник по истории кыргызов колониального периода // Отечественная История. – Алматы, 2009. – №1. С.150-157; Причины и мотивы продвижения России в Туркестан в трудах русских ориенталистов XIX в. // Вестн. Кырг. гос. ун-та им. И.Арабаева. – Бишкек, 2007. – Вып. №8. – С. 35 – 40. Ж. История герба города Оша. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 8, 2020. 163 б.

прогрессивдүү жыйынтыктарынын бири катары алдыңкы окумуштуулар тарабынан аймактын ар тараптуу изилдөөлөрүнүн негизинде көптөгөн илимий эмгектердин жаралышы жана кийинки илимий изилдөөлөргө жол ачкандыгын билдирет.

А.Б. Беделбаевдин макаласында Россия империясына каратылгандан кийин пайда болгон алгачкы маданий-агартуу мекемелеринин тарыхы жана ишмердиги туурасында кызыктуу маалыматтар келтирилет [27]. Автордун пикири боюнча, колониалдык доордо негизделген китепканалар, окуу залдары жана драмалык клубдар, Кыргызстандын көп улуттуу калкынын руханий жактан өнүктүрүүдө белгилүү роль ойногон .

Ош шаарынын тарыхын изилдөөгө чоң салым кошкон окумуштуулардын катарына Т. Кененсариев, Б. Абытов, К. Малтаев, Ж. Жакыпбеков, Б.М. Жумабаев, А. Захарова жана сыяктуу изилдөөчүлөрдүн атын атоого болот [28].

Жыйынтыктап айтканда революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик тарыхнаамага анализ берип төмөнкүдөй жыйынтыкка келүү болот. Диссертацияда каралып жаткан Пишпек, Ош Пржевальск шаарларына арналган советтик постсоветтик доорлордогу эмгектерде, айрым эмгектерди кошпогондо, уезддик шаарларга арналган өз алдынча илимий изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Айрым эмгектерде гана уезддик шаарлардын экономикалык-социалдык абалдары учкай гана чагылдырылып кеткен. Демек уезддик шаарлардын социалдык-шаарлардын абалын изилдөө Кыргызстандын постсоветтик доорундагы актуалдуу маселе экендигин далилдейт.

### 1.2. Изилдөөнүн булакнаамалык базасы

[27] Бедельбаев А.Б. Деятельность первых культурно-просветительных учреждений Кыргызстана (конец XIX–начало XX века). Вестник КРСУ. 2006. Том 6. № 10, 4-6 б.

[28] Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917). – Б.: Maxprint, 2019. – 760 б.; Абытов Б.К..Тысячелетняя история Оша: историко-источниковедческий анализ (IX-начало XX вв.): Автореф. дис. ... д-ра ист. наук. Ин-т истории НАН КР. – Б.: 2002. – 42 с.; Ошол эле автор Ош: факты, события и личности (новый взгляд на основе источников средних веков и нового периода) Ош: 2000. 205 б. Малтаев К.Ж. Сулайман-Тоо-древнейший поднебесный храм в Центральной Азии. Ош. гос. ун-т, 2000. – 152 б.; Жакыпбеков Ж. Социально-экономическое и политическое развитие кыргызов во второй половине XIX - начале XX вв: Историграфия проблемы. Б., 2003. 288 с.; Жумабаев Б.М. Южный Кыргызстан глазами российских путешественников. (вторая половина XIX-начало XX ВВ . ). -Б.: Ош-3000, 1999. - 132 б.; Маматова А.Б. Россия империясынын Кыргызстандагы административдик саясаты (XIX кылымдын экинчи жарымы. Кандидаттык диссертациясы.- Б., 2012. 24 б. - XX кылымдын башы); Захарова А.Е. Историко-культурное наследие г. Ош, конец XIX - начало XX вв., канд.дисс., 1999.

Кыргыз элинин колониялык доордогу тарыхын чагылдырган тарыхый булактар кеңири. Алардын дээрлик көпчүлүгү орус тилинде жазылып, өз мезгилинде мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган, айрымдары бүгүнкү күнгө чейин Москва, Санкт-Петербург, Ташкент, Алматы шаарларынын архивдеринде сакталып келүүдө.[29]

Октябрь революциясына чейинки эмгектер, каралып жаткан доордун замандаштары тарабынан жазылгандыгы үчүн, аларды ошол эле учурда расмий иш-кагаз жана архивдик материалдардын катарында, булак негизинде каралгандыгын эскертүү керек. Революцияга чейинки материалдарды бир канча топторго бөлүүгө болот: 1) архивдик материалдар; 2) мыйзам актылары (Түркстан аймагын башкаруу боюнча кабыл алынган Жоболор); 3) отчеттор, рапорттор, билдирүүлөр, көрсөтмөлөр, каттар, телеграммалар; 4) мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган материалдар; 5) эскерүүлөр, күндөлүктөр.

1. Изилдөөдө Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан жана Россиянын Борбордук мамлекеттик архивдеринде сакталып турган, тийиштүү материалдар колдонулду.

Өзбек Республикасынын Мамлекеттик архивинин «Канцелярия Туркестанского генерал-губернатора» (Ф.И.-1, 1867-1918-жж.) фондунда аймактагы администрациялык саясатты чагылдырган отчеттор, рапорттор, каттар ж.б. документтер сакталган. Аталган фонддун материалдарынан администрациялык системанын органдары болгон крайлык, облустук, уезддик, болуштук башкаруу структуралары боюнча көптөгөн материалдар кызыгууну жаратат. «Ферганское областное управление» (Ф.И.-19, 1876-1917-жж.) – фондунда, Фергана облусунун аймактык-администрациялык түзүлүшүн мүнөздөгөн статистикалык жана 1876-1917-жж. чейинки облустун курамындагы уезддер, шаарлар, болуштуктар жана айылдар туурасындагы маалыматтар сакталган. Ошону менен бирге, бул фонддо Ош уезд башчысынын кызматтык кат алышуусу кызыгууну жаратат.

Казакстан Мамлекеттик архивинин «Семиречинское областное правление» (Ф.И.-44) фондунда, Жети-Суу облусундагы администрациялык саясатка байланыштуу кеңири материалдар кездешет. Алсак, аталган фонддун 10570, 10347, 1062, 10612,

[29] Белгилей кетчү нерсе, биздин изилдөөбүздө колдонулган ахивдик материалдарды, айрым тарыхый булактарды илимий жетекчим, профессор Ж.Б. Алымбаев тарабынан пайдаланууга берилди.

2359, 9046, 8287, 9305, 1904, 1880, 21704, 9051, 7307-делолорунда Пржевальск жана Пишпек уездеринин административдик саясатка байланышкан материалдар кездешет. Ошондой эле, падышачылыктын административдик саясатын чагылдырган «Канцелярия степного генерал-губернаторства» (Ф.И.-64) аттуу фонддон, генерал-губернатордун, уезддик начальниктердин отчётторун табууга болот. Бирок, тилекке каршы жогоруда аталган материалдар менен түздөн-түз иштөө мүмкүлүгү болбогондуктан. Аталган тарыхый материалдарды колдонгон изилдөөчүлөрдүн эмгектери диссертациялык ишти жазууда колдонулду.

Каралып жаткан маселени чагылдырган материалдар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик архивинде да сакталып келүүдө. Пишпектин тарыхы, анын экономикасы жана маданияты, коомдук-саясий турмушу жана революциялык кыймылы боюнча архивдик булактар Кыргыз Республикасынын Борбордук архивинин кызматкерлери тарабынан түзүлүп, жыйнак ирээтинде басылган.[30]

Ошондой эле, Пржевальск шаарынын түзүлүш өбөлгөлөрү, тарыхы, экономикасы жана демографиясы тууралуу маалыматтар Ысык-Көл облустук архивинде (Ф.1108, Оп.1) компактуу түрдө сакталып келүүдө. Фонддун курамында изилдөөчү, саякатчы жана шаар тургундарынын шаар тууралуу жазган эскерүүлөрү тиркелген (5 пункт).

2. Кийинки тарыхый булактын түрлөрүнө Түркстан аймагын башкаруу боюнча кабыл алынган «Жоболор» кирет. Түркстан крайын башкаруу үчүн 1865-1886-жж. аралыгындагы: «Временное положение об управлении Туркестанской областью», «Проект Положений об управлении в Семиреческой и Сыр-Дарьинской области», «Проект Положение об управлении в Туркестанском генерал-губернаторстве» жана «Положение об управлении Туркестанского края»сыяктуу жоболор кирет. [31] Бул «Жоболор» административдик, сот, финансы, чарбалык бөлүктөрдөн туруп, ар бир тармак боюнча тийиштүү статьялар каралган. Административдик башкаруунун негизги принциптери жана функциялары ушул «Жоболордо» каралган.

---

[30] Город Бишкек: Сб.док.и материалов / Сост. Г.Т. Гуля, Е.А. Романова, Б.О. Самаева. – Б.: 2013.

[31] Проект Положения об управлении в Семиреченской и Сыр-Дарьинской области – СПб., 1867; Проект положения об управлении в Туркестанском генерал-губернаторстве» – Ташкент, 1881; Положение об управлении Туркестанского края от 12 июня 1886г. // Свод законов Рос. империи.- СПб., 1912.- Кн.1, т.2.;. Положение об управлении Туркестанского края .-СПб,, 1892 г.

3. Маанилүү булактардын катарына генерал-губернатордун отчетунун тиркемесинин жыл сайын жарык көрүп турган «Обзор Семиреченской области» жана «Обзор Ферганской области» жыйнактары кошулду. [32] Бул эки басылмада облустардагы болуп жаткан административдик өзгөрүүлөр, жаңы уездердин, шаарлардын жана болуштардын түзүлүшү, алардын калкы туурасындагы кызыктуу матералдарды табууга болот.

Обзорлор облустук статистикалык комитеттердин расмий басылмалары катары губернаторлордун отчетторуна тиркелип, аймактын тарыхы, географиясы, жаратылыш шарттары, калкы жана анын чарбалык ишмердүүлүгү, ошондой эле өндүргүч күчтөр, салык, медицина, билим берүү, соода жана башка ар түрдүү сфералар жөнүндө маалыматтарды камтыган. 1879-жылдын 13-январында Жети-Суу облусунун статистикалык комитетинин түзүлүшү менен “Обзор...” түзүү иштери башталган. Биринчи обзор 1883-жылы жарык көрүп, 1914-жылга чейин уланган. Обзорлорду түзүүдө окумуштуулар баа жеткис салым кошушкан.

Ф. Гирстин жана К.К. Палендин отчеттору колониялык доордогу администрациялык башкаруу системасын чагылдырган маанилүү тарыхый булактар болуп саналат.[33] Падышанын жашыруун кеңешчиси Ф. Гирс жана сенатор К.К. Пален императордун тапшырмасы менен Түркстан аймагын ревизиялоого катышышып, отчетторунда аймактагы колониялык бийлик органдарынын ишмердиктерине анализ жасап, көптөгөн фактыларды жарыялашкан. Падышага сунушталган алардын отчеттору, Түркстандагы администрациялык бийликтин чыныгы абалын чагылдырган, аймактагы администрациялык бийликтин оң жана терс жактарына баа берген маанилүү документтер катары эсептелинет.

Алсак, Ф. Гирстин отчету ар түрдүү жергиликтүү материалдардын негизинде, ревизия мүчөлөрүнүн жекече талдоосу менен түзүлүп, Түркстан крайындагы орус бийлигинин ишмердигин анализдеген. Автор өзү белгилегендей, ага атайын бекитилген инструкция боюнча: «талаптарды, даттанууларды жана эл арасында

[32] Обзор Ферганской области за 1888− 1913гг. −Новый Маргилан, 1889 − 1916; Обзор Семиреченской области за 1882−1913. −Верный, 1883− 1915.
[33] Гирс Ф.К. Отчет ревизующего, по высочайшему повелению, Туркестанский край, тайного советника Гирса. – СПб., 1883; Пален К.К. Всеподданнейшая записка, содержашая главнейшей выводы отчета о произведенной в 1908–1909гг. по Высочайшему повелению, Сенатором гофмейстером графом К.К.Паленом ревизии Туркестанского края. Часть.II. – СПб. –1910.

сурамжалоо жүргүзүп, алардын каалоолорун, керектөөлөрүн билүүгө» кеңири укук берилген. Ф. Гирстин отчетунда Түркстан аймагын башкаруу боюнча кабыл алынган 1867-, 1871- жана 1873-жылдардагы «Жоболорго» кеңири анализ жасалган. Отчетто аскер губернаторлорунун, уезддик начальниктердин кызматтык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып коррупциялык иш-аракеттерди жүргүзгөндүгүн билдирет. Колониялык бийликтин ишмердигине баа берген Ф. Гирс, Түркстан крайына жаңы реформа керек деген тыянакка келген.

Маанилүү тарыхый булактардан бирине К.К. Палендин эмгектерин кошууга болот. Сенатор К.К. Палендин жетекчилиги астында Түркстан аймагына 1908-1910-жж. ревизия жасалган. Ревизиянын натыйжасында, К.К. Пален падышачылыктын аймактык, облустук, уезддик, айылдык, шаардык, сот ж.б. тармактарынын ишмердиктерин чагылдырган 20 томдон турган эмгек жарыялаган. К.К. Пален жогорудагы эмгектеринде колониялык бийлик бутактарынын ар бир тармагынын функцияларына, милдеттерине кеңири токтолгон.[34]

К.К. Пален Түркстан администрациясынын ишмердигиндеги «бюрократиялык аппараттын» калыптанышын терс көрүнүш катары баалап, реформалоо зарылдыгын белгилеген. Граф К.К. Палендин сенатордук текшерүүсү Туркстанды башкаруунун жаңы Жобосун түзүү үчүн материал чогултууга багытталып, негизги максаты Түркстан аймагындагы кырдаалды ар тараптуу чагылдырып, аймакты Ички иштер министрлигинин карамагына берүүнүн шарттарына жана тартибине, жергиликтүү администрациянын так эместиктерине жана кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалангандарга көңүл буруу болгон. Сенатор К.К. Паленге 26 пункттан турган «Атайын жогорку нускама» берилген. Нускамада инспекторлор көңүл бурууга тийиш болгон маселелердин тизмеси камтылган жана толук ачыктамалары берилген. [35]

К.К. Палендин 1910-жылы басылып чыккан “Уезддик башкаруу” томунда, уезддердин аймагы жана калкы жөнүндө, башчылары жана жардамчылары, кеңсеси жана ошондой эле кызмат абалынан кыянатчылык менен пайдаланган

[34] Махмудова Н. Историко-источниковедческий обзор отчетов ревизии Сенатора К.К. Палена // Метаморфозы истории, 2019, № 13. – С. 125-150.
[35] Махмудова Н. Сенаторская ревизия графа К.К. Палена в Туркестане: причины, ход, последствия. // Новая и новейщая история, 2016, № 94. – С. 134-150.

чиновниктер боюнча иликтөөлөрдүн жүрүшү тууралуу маалыматтар келтирилет. Сенатор К.К. Пален администрациянын өкүлдөрүнө компетенциясы жана алардын ортосунда милдеттерди туура бөлүштүрүүнү жана уезддик башчыларды кызматка даярдоо (окутуу) сунушун киргизген. Ошондой эле "Шаардык башкаруу" томунун экинчи бөлүмүндө Түркстан шаарлары, алардын ичинде Ош шаарынын административдик түзүлүшү, социалдык-экономикалык абалы жана шаардыктардын жашоо шарттары тууралуу маалымат камтылган. Үчүнчү бөлүмүндө Жети-Суу облусу анын ичинде Пишкек жана Пржевальск шаарларынын административдик түзүлүшү, социалдык-экономикалык абалы, анын ичинде бюджет, билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармагы, жер үлүштөрүнүн бөлүштүрүлүшү жана ошондой эле салык системасынын кемчиликтери тууралуу баяндалат. Мындан тышкары, жалпы билим берүү тармагынын абалы боюнча К.К. Палендин "Билим берүү иши" аттуу китебинде кенен маалымат келтирилип, кемчиликтер жана сунуштар жазылган.[36]

4. Колониялык саясаттын ар кайсы тармактары боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер, өз мезгилинде жергиликтүү жана борбордук газета-журналдарга тынымсыз жарыяланып турган. Метрополияда жарык көргөн «Военный сборник», «Русский Вестник», «Исторический Вестник» журналдарында, «Биржевые ведомости», «Голос» ж.б. газеталарда көптөгөн кызыктуу булакнаамалык маанидеги материалдар жарык көргөн. Алардын көпчүлүгү булактык деңгээлден тарыхнаамалык деңгээлге чейин көтөрүлгөн.

Түркстан аймагында басылган газеталардын ичинен болсо, «Туркестанские ведомости» газетасын өзгөчө бөлүп кароого болот. Согуш министри генерал-адьютант Милютиндин докладына таянсак, газета императордун буйругу менен генерал-губернатордун басма сөз органы катары 1870-жылдан баштап Ташкент шаарында жарык көрө баштаган. Анын башкы редактору генерал-губернатордун карамагында болуп, ага баш ийип, анын түздөн-түз көрсөтмөсү алдында иштөөгө тийиш болгон. Газетанын негизги максаттарынын бири Түркстан крайына таандык болгон өкмөттүк жана административдик көрсөтмөлөрдү, буйруктарды жарыялап, аймакты ар тараптан изилдөөгө көмөк көрсөтүү үчүн, Туркстанга таандык бардык маанилүү илимий макалаларды жарыялоо болгон. Демек, газета

[36] Махмудова Н. Историко-источниковедческий обзор отчетов ревизии Сенатора К.К. Палена // Метаморфозы истории, 2019, № 13. – С. 128-150.

колониялык бийликтин идеологиясын жактаган расмий орган болгон. Газетанын алгачкы редактору болуп 1869-1892-жж. белгилүү этнограф, аскер-чыгыштаануучу Н.А. Маев (1835-1896) 23жыл бою иштеген. Газетага алгачкы күндөн тарта 1907-жылга чейин аймактын тарыхын, этнографиясын, географиясын жана экономикасын чагылдырган кызыктуу илимий материалдар жарык көргөн.

«Туркестанские ведомости» газетасы колониялык бийликтин кызыкчылыгын чагылдырган расмий орган болгонуна карабастан, газета беттерине булакнаамалык мааниси жогору болгон материалдар жарык көргөн. Полемикалык, жекече талаш маселелер жарыяланган эмес. Бирок, газетага күнүмдүк окуялар, кызыктуу очерктер, публистикалык материалдар тынымсыз жарыяланып, алардын көпчүлүгү тарыхый булактык мааниге ээ болгон.[37]

Маанилүү тарыхый булактардын катарына «Туркестанский сборник» жыйнагын кошсок болот. 591 томдон турган бул жыйнак, Кыргызстандын гана эмес, жалпы Орто Азия элдеринин тарыхы, экономикасы, маданияты, өнөр жайы ж.б. тармактары боюнча кеңири маалымат берүүчү жападан жалгыз уникалдуу тарыхый булак болуп саналат. «Түркстан жыйнагында» колониялык доордогу администрациялык саясатына, социалдык-экономикалык абалы тууралуу көптөгөн макалалар, очерктер, тарыхый эмгектер орун алган. «Түркстан жыйнагына» негизинен орус тилинде жарык көргөн газета-журналдарга жарыяланган эмгектер топтолгон. Түркстан генерал-губернатору К.П. Кауфмандын демилгеси менен библиограф В.И. Межов, андан соң окумуштуу-чыгыштаануучулар А.А. Диваев, Н.Ю. Бонч-Осмоловский, А.А. Семенов, И.И. Гейерлердин көп жылдык эмгектин натыйжасында, түзүлгөн, 591 томдон турган Орто Азия тарыхы боюнча, өз ичине 3000 ашык макалаларды, атайын эмгектерди камтыган баа жеткис тарыхый булак болуп саналат. ”Туркестан жыйнагы” бүгүнкү күндө Ташкент шаарынын А. Навои атындагы китепкананын сейрек кездешүүчү фондунда сакталып турат.[38]

---

[37] Туркестанские ведомости. 1895. №93. 21 дек. (2 янв); Туркестанские ведомости. 1908. №92. 29 апр. Туркестанские ведомости. 1901, № 33;

[38] Алымбаев Ж.Б. «Түркестан жыйнагы» – Кыргызстандын тарыхы боюнча маанилүү тарыхый булак // *Вопросы истории Кыргызстана*. – Бишкек, 2008. – №1. – 101–104-б.

Белгилей кетчү нерсе көрсөтүлгөн булактарда административдик-аймактык башкарууга таандык эле материалдардан сырткары башка дагы тарыхый материалдарды кездештирүүгө болот. Ошондуктан, каралып жаткан маселеге тийиштүү эле булактарды өз алдынча бөлүп жазуу мүмкүн эмес. Башкача айтканда, биз карап жаткан изилдөөнүн булакнаамалык базасы кеңири. Бул материалдарды колдонууда, ар бир фактыны салыштырып, сын көз менен кароо милдети келип чыгат. Анткени, тарыхый булактардын дээрлик көпчүлүгүн администрациялык бийликтин түздөн-түз өкүлдөрү тарабынан жазылган. Өзгөчө мезгилдүү басма сөз беттерине официалдуу багытты жактаган гана маанайдагы материалдар чагылдырган. Бул материалдарды колдонууда, архивдик, жана жергиликтүү булактарды колдонуу аркылуу гана тарыхый чындыкты тактоого болот.

5. Каралып жаткан маселе боюнча жарык көргөн көптөгөн тарыхый булактардын катарына саякатчылардын күндөлүктөрүн жана эскерүүлөрүн кошууга болот. Анткени, эмгектин авторлору аталган шаарларда болушуп, айрым окуяларга түздөн- түз катыштыгы болгон. Саякатчыларынын эмгектеринде шаарлардын географиялык абалы, калкы туурасында ар түрдүү маалыматтар келтирилген.

Алсак, Ош шаары боюнча 1774-1882-жж. аралыгында Бухара эмирлигинде туткун катары 9 жыл кызмат өтөгөн Ф.С. Ефремовдун күндөлүгүндө: “ Оштон Кашкарга чейин 13 күндүк жол. Ош менен Кашкардын ортосунда кыргыздар жашайт”[39] деп эскерип кеткен. Автордун бул маалыматы кыска болгондугуна карабастан, анын күндөлүгү 1898-жылы “Русская старина” аттуу журналга жарыяланып, натыйжада орус тарыхнаамасында Ош шаары боюнча маалымат коомчулука белгилүү боло баштаган. Ош шаары тууралуу маалымат калтырган орус саякатчыларынын дагы бири Ф. Назаров шаарды: “Кытайга кеткен жана Кытайдан келген кербендерден салык алып туруучу соода борбору катары”, Чыгыш Туркстан менен Фергана өрөөнүн байланыштырган ири транзиттик соода борбору катары сүрөттөйт.[40]

[39] Ефремов Ф.С. Российского унтер-офицера Ефремова, ныне коллежского асессора, десятилетнее странствование и приключение в Бухарии, Хиве, Персии и Индии и возвращение оттуда через Англию в Россию, писанное им самим // Русская старина, 1898. №7. – М., 1952.
[40] Назаров Ф. Записки о некоторых народах и землях средней части Азии Филиппа Назарова, отдельного Сибирского корпуса переводчика, посланного в Коканд в 1813 и1814 годах. - СПб., 1821.

Ош шаары, Алай менен Памирдин тоолорун жана өрөөндөрүн ар тараптуу изилдеген белгилүү орус окумуштуусу жана саякатчысы А.П. Федченконун билдирүүлөрүндө жогоруда белгиленген жерлерге жибериле турчу пункт катары эскерилген. Саякаттын жана илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгында чоң китеп басылып, анда көчмөн жана отурукташкан элдердин тарыхы, географиясы, статистикалык маалыматтары, этнографиясы, калктын соодасы жана кесиптери, ошондой эле тоо системаларынын түзүлүшү, жергиликтүү флора жана фауна сыяктуу маалыматтар келтирилген.[41] Көрүнүктүү илимпоздун илимий изилдөөсүнө Ош шаары жана анын калкы ар тараптуу жардам жана көмөк көрсөтүшкөн.

Ошондой эле, Ош шаары тууралуу баалуу маалыматтар жазуучу, саякатчы Е.Л. Марковдун эмгегинде келтирилет. Саякатчынын эскерүүлөрүндө, Ош шаарынын базарынын түзүлүшү, ассортименти жана ошондой эле базарга келген тургундары, туземдик бөлүгүндөгү көчөлөрүнүн түзүлүшү жөнүндө кызыктуу маалыматтар берилип, Ош шаарынын туземдик жарымы, жакынкы чыгыш шаарларынын мүнөзүндө болгонун белгилейт. Ошондой эле, саякатчы Сулайман-Тоонун кыскача тарыхы жөнүндө сөз кылып, туземдик бөлүктөн чыгып бараткан учурда өзү күбө болгон кызыктуу окуя тууралуу маалымат берет. Ошол кездеги Ош уезддик шаарынын башчысы подполковник А. Н. Дейбнер, жергиликтүү элдин арасындан тандалып алынган жигиттердин коштоосунда, үй-бүлөсү менен жакынкы болуштуктун башчысынын тоюна шашып баратып, жолду бошотуу менен башка жүргүнчүлөрдү жолдун боюна сүрүп чыгарганын сүрөттөйт. Марков, Орто Азия чөлкөмүндө мындай көрүнүштөр арбын экенин жана жергиликтүү менталитеттин өзгөчөлүгүнүн негизинде пайда болгонун белгилейт.[42]

[41] Федченко А.П. Путешествие в Туркестан. Москва, 1950, 194 б.
[42] Е.Л. Марков. Россия в Средней Азии: Очерки путешествия по Закавказью, Туркмении, Бухаре, Самаркандской, Ташкентской и Ферганской областям, Каспийскому морю и Волге. — СПб., 1901.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

## ТҮРКСТАН КРАЙЫНДА ЖАҢЫ АДМИНИСТРАТИВДИК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

### 2.1. Жаңы административдик башкаруунун киргизилиши

Россия империясынын XIX кылымдын орто ченинен башталган Азия саясатынын түпкү маани-маңызы империянын бийлик төбөлдөрүн гана эмес, коомчулукту да ойлондуруп, натыйжада Россиянын аймагынан чыгышты карай жайланышкан чөлкөмдөргө болгон саясатынын алысты мерчемдеген концепциясы иштелип чыга башталганы ачыкка чыккан. Россиянын Орто Азияга илгерилешинин себептери аскердик чыгыш таануучулардын атайын изилдөөлөрүнүн предметине айланган. Орус тарыхнаамасын изилдөөчү профессор Жээнбек Алымбаевдин эмгектеринде бул маселе терең изилденген. Ж. Алымбаев аскердик чыгыш таануучулардын эмгектерин талдап, Россия империясынын Орто Азияга жүргүзгөн экспансиясынын негизги себептери катары төмөнкү көз караштарды бөлүп чыккан:[43]

- "цивилизатордук миссия";

- чек араларды көчмөндөрдөн коргоо зарылдыгы;

- Англияга каршы туруу зарылчылыгы;

– экономикалык фактор (жаңы базарларга жана чийки зат булактарына болгон муктаждык).

Аталган мезгилдеги орус авторлорунун дээрлик көпчүлүгү, Россия империясынын Түркстанга кирип келишинин себептерин талдоодо, расмий көз карашка таянып, царизмдин агрессивдүү саясатын актагансыйт. Мисалы, Россия тышкы иштер министри А.М. Горчаковдун пикири боюнча Россиянын саясаты жерлерди ченемсиз багындыра берүү эмес, багынган жерлерде орус амирлигин биротоло орнотуп, ал жерлердин келечегине кам көрүү.[44]

Бирок, Түркстан аймагына кирип келүүнүн негизги себептери катары “тарыхый зарылчылык”, “цивилизатордук миссия” жана “тарыхтын табигый жүрүшү” эмес, экспансиясыз өнүгө албаган чыныгы капитализмдин көрсөткүчү каралышы керек.

---

[43] Алымбаев Ж.Б. Общественно-политическая жизнь кыргызов в российской историографии второй половины XVIII – начала XXвв. – Б.: 2009. –

[44] Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917). – Б., 2019. 66-67 б.

Россияда жүргүзүлгөн реформалардан кийин, жергиликтүү капитализмдин өрнөктөрү тездик менен күчөп, империянын күн сайын өскөн экономикалык талаптарын камсыздай ала турган Орто Азия чөлкөмүнө көз артып, Түркстанды көздөй жылышына эң маанилүү себептердин бири болгон.[45]

XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап, Россия империясы каратып алган аймактарды башкаруу үчүн колониалдык башкаруу системасын орнотууга кирише баштаган. Аймакта административдик системанын калыптануу жана өнүгүү процесстери, падышалык бийлик өкүлдөрүнүн кылдаттык менен талдоосунун, изилдөөсүнүн натыйжасында акырындык менен жүзөгө ашкан. Кыргызстандагы Россия империясынын административдик башкаруу системасынын орношун чагылдырган тарыхый булактар, 1917-жылдагы Октябрь революциясына чейинки доордогу изилдөөлөр, бул системанын өрчүп өнүгүшүн хронологиялык тартипте үч баскычка бөлүп кароого мүмкүндүк берет.[46]

Россия империясынын Кыргызстан аймагын өзүнө каратуу процесси 1855-жылдын 17-январында кыргыздардын өкүлү тарабынан биринчи жолу Россиянын букаралыгын кабыл алгандыгы жөнүндөгү расмий ант берүүсүнөн кийин башталган.[47] Бул убакытты өз учурунда аймактагы жаңы администрациялык системанын калыптанышынын биринчи этабынын башталышы деп эсептөөгө болот. Аймактагы администрациялык системанын калыптанышынын кийинки этабы, 1865-жылы Оренбург генерал-губернаторлугунун курамында Түркстан облусу түзүлгөнү жана муну менен катар Түркстан облусунун ички администрациялык бөлүнүшүнүн системасы аскердик максатка ылайык жүргүзүлгөндүгү менен өзгөчөлөнөт.[48] Башкаруу системасынын негизин аскердик-аймактык бирдиктер түзүп, ал турсун облус башкаруусу аскер адамдарынын колунда болгон. Облустун ички түзүлүшү аскердик командачылыктын жана падышалык казнанын кызыкчылыктарына ылайык

---

[45] Алымбаев Ж.Б. Общественно-политическая жизнь кыргызов в российской историографии второй половины XVIII – начала XXвв. – Б., 2009. 95 б.

[46] Маматова А.Б. Россия империясынын Кыргызстандагы административдик саясаты (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)// Кандидаттык диссертациясы.- Б., 2012. 75 б.

[47] Литвинов П.П. Роль России в исторических судьбах киргизского народа (по материалам истории памиро-алайских киргизов конца XIX- начала XXвв.) АКД. Фрунзе, 1985. 13 б.; Сапаралиев Д. Система управления кыргызов в составе Российской Империи 1855-1917 гг. Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi, 2004, 6 (12),9-15. https://dergipark.org.tr/tr/pub/manassosyal/issue/49968/640529

[48] Талызин А. Пишпекский уезд. Исторический очерк (1855-1868гг.) // Памятная книжка Семиреченского областного статистического комитета на 1898 г. Т.2. Верный, 1898. 32-40 б.

келиши зарыл эле. Падышачылык өз курамына басып алган жерлерди кошуп алуу менен катар эң алгач натыйжалуу, ошол эле учурда башкарууда каражатты көп талап кылбаган системасын түзүүнү көздөгөн. Бирок, Н. Абдурахимова, Г. Рустамовалар белгилегендей, "Түркстанды каратып алуу акцияларын баштаганы менен, падышачылыктын кеңири масштабдагы аймакты каратып алууда дыкаттык менен иштелип чыккан пландары, ал турсун басып алган жерлерде башкарууну уюштурууга байланыштуу долбоорлору да болгон эмес...". Облусту башкаруу үчүн генерал М.Г. Черняевдин штабында алгачкы нормативдик документ иштелип чыгып, борборго сунушталган. Натыйжада, 1865-жылдын 6-августунда император Александр II тарабынан "Түркстан облусун башкаруу жөнүндөгү убактылуу жобо" бекитилген.[49] "Убактылуу жободо" башкаруу системасы "аскердик-элдик башкаруу" деп аталып, облустагы аскердик жана жарандык бийлик аскер губернаторунун колуна топтоштурулган.[50] 1866-жылы М.Г. Черняевдин ордуна дайындалган аскер губернатору Д.И. Романовский биринчилерден болуп Түркстанды колония катары эмес империянын бир бөлүгү катары карап, буржуазиялык реформалардын негизинде Россиянын өзүндө түзүлгөн мамлекеттик мекемелердин системасын акырындык менен түзүү сунушун өкмөткө билдирген.[51] Ошондой эле Түркстан облусун Оренбург генерал-губернаторлугунан бөлүү идеясы башкаруу чөйрөсүндө козголо баштаган. 1866-жылы облустун иши менен жакындан таанышуу максатында аскер министри Д.А. Милютиндин демилгеси менен Өзгөчө комиссия жөнөтүлгөн. Аталган комиссия кырдаал менен таанышып, кеңири аймак үчүн өз алдынча башкаруу органын түзүү чечимине келишкен. Ошентип, 1867-жылы 11-июлда Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлүп, жаңы администрациялык системанын калыптануусу башталган. Орус бийлигинин жаңы системаны киргизүүдөгү негизги максаттарынын бири, материалдык чыгымдарды аз талап кылган башкарууну түзүү болгон. Падышачылык табигый байлыктарды натыйжалуу колдонуу үчүн башкаруунун аскердик үстөмдүк формасынан баш тартып, крайды Россиянын

---

49 Абдурахимова Н.А., Рустамова Г. Колониальная система власти в Туркестане во второй половине XIX – первой четверти XX вв.– Ташкент: Университет, 1999, 20 б.

50 Тиллебаев, С.Б. Система админстративно -территориального управления в Туркестанском крае в конце XIX - начале XX вв. и участие в ней представителей местного населения (на примере Ферганской области) [Текст]: автореф. дис.…канд. ист. наук –Ташкент, 2006.-21с.

51 Маматова А.Б. Россия империясынын Кыргызстандагы административдик саясаты (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)// Кандидаттык диссертациясы авторефераты.- Б., 2012. 24 б..

жалпы мыйзамдарына баш ийдирүү менен *империянын бир бөлүгүнө айлантуу* жолуна түшкөн. Натыйжада, 1867-жылдын июнь айларынын аяктарында гана Талаа комиссиясы "Түркстан генерал-губернаторлугунун Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын башкаруу жөнүндөгү жобонун" долбоорун иштеп чыгышкан. Жободо аймактын чек аралык жана ички туруксуз абалына байланыштуу "аскердик" элемент басымдуулук кылган аскердик жана администрациялык бийликтин биримдиги көрсөтүлгөн. Бийликтин жаңы органдарынын түзүлүшү жана түзүмү Россиянын ички губернияларындагы администрациялык системага жакындатуу менен жүргүзүлгөн, бул империянын чегинде аймакты андан ары интеграциялоону жеңилдеткен. Россия ээликтеринин кеңейишинен улам, Түркстан генерал-губернаторлугуна Орто Азиянын жаңыдан каратып алган жерлери да кошулган. Алгач анын курамына Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустары кирген. Кийинчерээк, каратылып алынган аймактардын эсебинен жаңы облустар түзүлгөн. Натыйжада, Түркстан генерал-губернаторлугунун курамы беш: Сыр-Дарыя, Самарканд, Закаспий, Жети-Суу жана Фергана облустарынан турган. 1867-жылы кабыл алынган Түркстан генерал-губернаторлугунун Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын башкаруу жөнүндө Жобо сыяктуу, жаңыдан түзүлгөн Фергана облусунун да административдик түзүлүшүн аныктай турган жана аны башкаруу үчүн атайын Жобо кабыл алынмак. Бирок, Фергана облусунун статусун аныктаган андай бирдиктүү Жобо жогорку жактан бекитилген эмес.[52] Ошентсе да иш жүзүндө, Фергана облусун башкарууда административдик, жер жана салык маселелери боюнча 1873-жылдагы Жобонун долбоор менен, ал эми облустагы соттук иштер боюнча 1867-жылда кабыл алынган Талаа комиссиясынын Жобосунун негизинде иш алып барылган.[53] Ошентип, 1876-жылы түзүлгөн Фергана облусун башкаруу боюнча расмий түрдө жогорку жактын буйругу менен бекитилген Жобосу болбосо да, облус 1886-жылы Түркстан крайын башкаруу жөнүндө туруктуу Жобо кабыл алынганга чейин иш жүзүндө жогоруда айтылган Убактылуу Жоболор менен башкарылып келген.

Азыркы Кыргызстандын аймагы негизинен Жети-Суу жана Фергана облустарынын курамында болсо, ал эми Талас аймагы Сыр-Дарыя облусунун

---

[52] Пален К. К. Городское управление. СПб, 1910, с.390

[53] Гирс Ф.К. Отчет ревизующего, по высочайшему повелению, Туркестанский край, тайного советника Гирса. Ф.К. Гирс. – СПб. 1883. 7-б.

Олуя-Ата уездине караган. Жети-Суу облусу жалпы алты уездден турган. Алар: Верный, Жаркент, Копал, Лепсинск, Пишпек жана Пржевальск уездери.[54] Жети-Суу облусу Түркстандагы эң чоң облус болуп, аянты 347 910 кв.верст [55] болгон.[56] Калкынын саны 1897-жылы жүргүзүлгөн эл каттоого ылайык 987 863 адамды түзгөн.[57] Жети-Суу облусунда жалпы 6 шаар болгон.[58] Алар облус жана уезд борборлору: Верный, Копал, Лепсинск, Джаркент, Пишпек (1878-жылга чейин уездин борбору Токмок шаарында болгон) жана Каракол-Пржевальск (1869-жылы Ак-Суу чындоосу ынгайсыз деп табылгандыктан, Каракол чындоосу курулган, кийинчерээк аталышы өзгөртүлүп Пржевальскийдин атынан коюлган). Ал эми Фергана облусу административдик-аймактык жактан 5 уездге бөлүнгөн. Алар Кокон, Маргалаң, Анжиян, Наманган, жана Ош уезддери.[59] Фергана облусунда жалпы аянты 16 043 дес.[60] түзгөн 7 шаар болгон, [61] алардын ичинен облус жана уезд борборлору: Кокон, Маргалаң, Анжиян, Наманган, Скобелев жана Ош шаарлары өзгөчө статуска ээ болушкан.[62]

### 2.1.1. Уезддик шаарлардын түзүлүшү

#### Каракол (Пржевальск)

Уезд башкармалыгы алгач Ак-Суу чындоосунда жайгашкандыктан, 1869-жылдын 1-июлунда падышалык бийлик тарабынан негизделген Каракол шаары, тарыхынын алгачкы калыптануу жылдарын жөнөкөй, өзгөчөлөнбөгөн шаар катары баштаган. Ак-Суу чеби географиялык мааниде ыңгайсыз болуп, соода магистралы – Караколдон четте жайгашкандыктан улам, жергиликтүү кыргыз урууларына көп жерден уттурган абалда калган. Ошондуктан, Түркстандын генерал-губернатору К.П. Кауфман уезддик борборду гарнизону менен бирге соода жолдоруна жакын жерге жайгаштырууну чечкен. 1871-жылы шаарга

[54] Недзвицкий В.Е. Административное устройство, оседлые пункты и кочевыя волости Семирьченской области. г.Верный, 1913. 2-б.
[55] 1 Квадрат верст=1.14 км$^2$.
[56] Пален К.К. Материалы к характеристике народного хозяйства в Туркестане. СПб., 1911. Ч.1. 1-б.
[57] Первая Всеобщая перепись населения Российской империи 1897 г. Семиреченская облусь. Под редакцией Н.А. Тройницкого. – Санкт-Петербург: издание Центрального статистического комитета Министерства внутренних дел, 1899-1905. 4-б.
[58] Губернии Российской империи. История и руководители. 1708-1917. Москва, объединенная редакция МВД России. 2003. 396-400 б.
[59] Список населенных мест Ферганской области, г.Скобелев, 1909. 11-б.
[60] 1 Десятина = 109,25 «соток»; 1,0925397504 га
[61] Губернии Российской империи. История и руководители. 1708-1917. Москва, объединенная редакция МВД России. 2003. 396-400 б.
[62] Ошол эле жерде, 153-б.

уезддин жана аскердик башкармалыктардын которулуп келиши менен гана Россия империясынын мыйзамдарына ылайык уезддик шаар статусуна ээ болгон.[63] Шаар калкынын жана анын соода-өнөр жай тармактарында эмгектенгендердин контингентинин өсүшү менен, Каракол XIX кылымдын 90-жылдарында социалдык-экономикалык маанидеги шаар катары калыптанып, XX кылымдын башында Ысык-Көл өрөөнүнүн эң ири соода-экономикалык жана транспорттук түйүндөрүнүн борборуна айланган. Шаардын экономикалык жана өнөр жай базасын көптөгөн соода мекемелер жана бир нече кичи кол өнөрчүлүк ишканалар түзгөн. XX кылымдын башында шаарга орус жана чет өлкөлүк соода ишканалары келе баштаган, бул өз учурунда шаардык тургундардын кесиптик ар түрдүүлүгүнө таасирин тийгизген. Жыйынтыгында, шаардыктардын дээрлик көпчүлүгү соода-сатык менен алектенишсе, кээ бирилери негизги кесиби менен бирге айыл чарбасы менен оокат кылышкан. Шаардын түптөлүшүнүн алгачкы жылдарында ар түрдүү улуттан турган калкынын көптүгүнө карабастан, коомдук-маданий жашоосу жөнөкөй ыргакта жүргөн. Ар бир улуттун жана конфессиянын окуу жайларынын жана ар түрдүү өнөрчүлүк бирикмелердин, саламаттыкты сактоо мекемелеринин, Жети-Суу облусундагы алгачкы китепкананын, ипподром жана басма сөз кызматтарынын пайда болушу жана ошондой эле көптөгөн илимий-изилдөө экспедициялар, шаарды бир кыйла өнүктүрүп, жашоо шарттарынын деңгээлинин көтөрүлүшүнө чоң таасирин тийгизген.

**Ош**

XIX к. акыркы чейрегинде, Кокон хандыгы кулап, анын ордуна Россия империясы тарабынан төрт уездден турган Фергана облусу түзүлгөн. Ош уезди аймактык жактан өзгөчө маанилүү жерде жайгашып, уезд аркылуу Кытайга, Ооганстанга жана ошондой эле Индиянын түндүк-батыш өрөөндөрүнө да чыгуу мүмкүнчүлүгү болгон. Ош чек арасы аркылуу жүздөгөн каравандар, миңдеген мезгилдик жумушчу-мигранттардын агымы тынбай жүрүп турган. Алардын ичинде аткезчилик (контрабанда) менен алектенген жана түрдүү маалымат чогулткан чалгынчылар да кездешкен. Ушул себептерден улам, Ош уезди борбору Ош шаары менен Фергана облусунун курамында Түркстан генерал-губернаторунун 6-февраль 1876-жылдагы буйругу менен түзүлүп, Түркстан жетекчилиги, тынчсыз

[63] Ысык-Көл облустук архиви Ф.1108, Оп.1, Д.2

Ош уездинин жетекчилигине талапкерди аныктоодо, биринчи кезекте чыгыш өлкөлөрүнүн дипломатиясынан жана геосаясатынан түшүнүгү болгон офицерлердин катарларынан издөөнү чечкен. Ошентип, 1876-жылы Ош уездинин башчысы болуп Ионов Михаил Ефремович (1846-1917) дайындалган.[64] М.И. Ионов жетекчилигинин алгачкы жылдарын, хандык бийликтин жок кылынышы жана орус администрациясы толугу менен калыптана элек кезде, кароосуз калган Ош уездине ар тараптан кол салган куралдуу бирикмелерге каршы күрөшү менен өткөргөн.

**Пишпек**

Шаардын тарыхы XIX кылымдын экинчи жарымынан кийин орус окумуштуулары тарабынан изилдене баштаган. 1825-жылы Мадали хандын тапшырмасы менен Кокон хандыгы Пишпек чебин курдуруп, кийин бул жактагы кыргыз урууларын башкаруу үчүн аскерий-административдик жана соода-экономикалык мааниде ги шаарга айланткан. 1864-жылы Кокондун талкаланган Пишпек чебинин жанында орус аскердик бекети курулган. Кийин ошол бекеттин жанында соода жайы пайда болуп, биринчи орус келгиндеринин үйлөрү салынган.[65] 1878-жылы бекет кеңейип, Токмок уездинин борбору болуп калган.[66] Ошол мезгилден тартып Пишпек административдик борбор катары эсептелгендиктен, империянын мыйзамдарына ылайык Пишпек шаары деп аталган. XX кылымдын башында Пишпек Кыргызстандын ири соода-өнөр жай, саясий жана маданий борборуна айланган.[67] Шаар калкы соода-өнөр жай, жана айыл-чарбасы менен алектенишкен. Ошондой эле Пишпек Түркстандын транзиттик соодасында да маанилүү роль ойногон.

### 2.1.2. Уездик шаарлардын башкаруу системасы жана өзгөчөлүктөрү

Уездик администрациянын башчысы уезд башчысы болуп эсептелип, ага жарандык административдик, чарбалык жана социалдык иштер, бир эле учурда

---

[64] ООГАПД. -Ф. 50. Оп. 1. Д. 115-а. Л.25; Хасанов А. Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. М.- Б., 2004. 163 б.; Сапаралиев Д. Система управления кыргызов в составе Российской Империи 1855-1917 гг. Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi, 2004, 6 (12), 9-15.

[65] Галицкий В.Я. История города Пишпека (1878-1917).Ф.:1980, с. 19-26

[66] ЦГА РК.Ф.44.Оп.1Д.94.Л.2

[67] ЦГА РУз.Ф.И-1.Оп.27.Д.1011.Л.18-23

уездде жайгашкан аскер күчтөрү баш ийген. Уезд башчысына төмөндө берилген кызматтык милдеттерди көзөмөлгө алуу жүктөлгөн: [68]

- полициянын жетекчиси;
- земствонун жетекчиси;
- шаардык бийлик;
- жер салык кызматынын төрагасы;
- оорукана комитетинин төрагасы;
- түрмө бөлүмүнүн төрагасы.

Уезддик бийликке аймактын чегиндеги бардык, толгон-токой майда күнүмдүк иштер жүктөлгөн. Алар башкаруудан сырткары салык жыйноо, чарба иштерин уюштуруу, отурукташкан жана көчмөн калктын жашоосундагы жаза салуудан сыйлоого чейинки түрдүү маселелерди чечкен, жергиликтүү элдик башкаруучулардын (болуштуктардын, аксакалдыктардын, старчындардын, казылардын, эл сотторунун жана башкалардын) ишмердигине көзөмөлдүк кылган. Мындай караганда уезддик башкарма өзү башкарган аймактын чегинде жеке монополиялык башкаруучу болгон. Бардык уезд башчылары облус башчыларына отчет берген.

Уезддик башчылар облустук аскер губернаторунун сунушу менен Түркстан генерал-губернатору тарабынан ишке дайындалган жана кызматтан алынган. Алар бир эле убакта бийлик кылуучу да, аткаруучу да, көзөмөлдөөчү да (полициялык ички иштер), жергиликтүү (земстволук) башкаруучу да, шаардык башчы катары да, жер-салык иштери боюнча комиссиянын төрагасы да болуп саналчу. Уезддик башкармалыкта башчыдан сырткары анын жардамчысы, тилмеч жана канцелярия иштеген. Уезд башчысы ооруп калса же иште жок болсо, анын милдетин жардамчысы аткарган, ал канцеляриянын башчысы катары да таанылган. Уезд башкаруучуларынын эки жардамчысы болгон. Алар: улук жана кенже жардамчы деп бөлүнүшкөн. Кенже жардамчы негизинен жергиликтүү элдин өкүлүнөн дайындалчу. Мисалы, Пишпек уездинин башкаруучусунун кенже жарамчысы катары Сооронбай Кудаяров, кийин Байтик Канаев иштешкен. Ал эми

---

[68] Шушкова М.Е.Организация управления Туркестаном в начале XX века. Канд.дисс.-М.: 2015, с.113,119

Ысык-Көл (Пржевальск) уездинин башкаруучусунун кенже жардамчысы катары Токсоба Олжобаев (1871-ж. 19-октябрына чейин), Чыныбай Тилекметов (1871-1877-жж.) иштешкендиги жөнүндө маалымат сакталып калган.[69]

Жергиликтүү бийлик кызматчыларынын маяналары орус чиновниктеринин маяналарынан алда канча аз болгон. Негизи эле Түркстан крайынын административдик-башкаруу аппаратынын чиновниктерине маяна, кошумча маяна, тамак үчүн, сыйлоо жана башка категориядагы эсептер менен алган акчаларынын баары, Түркстан крайынын бюджетинин дээрлик көпчүлүгүн түзгөн.

**2.2. Шаарлардын укуктук статусу жана символикасы**

Түркстан крайы бири-бирине окшобогон административдик системанын негизинде иш алып барган субъектерден түзүлгөндүгүнөн улам, шаар башкарууда, ал тургай облус башкаруусунда бирдиктүү стандарттын болбогондугу байкалат. Мисалы, Жети-Суу облусунун шаар башкаруусу Россиянын губернияларынан аз айырмаланган. 1870-жылы Верный шаарында Генерал-Адъютант К.П. фон-Кауфман тарабынан "Шаардык жобо" (Городовое положение) киргизилип, ал эми уезддик шаарлардын иши дагы ушул эле жобонун 50-беренесине ылайык жүргүзүлүшү талап кылынган. Кийинчерээк, 1894-жылдын 6-майында жарыяланган Жогорку буйруктун негизинде Жети-Суу облусунда 1892-жылдагы Шаардык жобосу кабыл алынып, Верный шаарында толук ишке киргизилсе, калган уезддик борборлордо 1985-жылы жобонун 22-беренесине ылайык жеңилдетилген вариантында киргизилген. [70] Жеңилдетилген вариантта, шаардык кеңештин милдеттерин шаардын үй ээлери арасынан тандалып алынган 15 ыйгарым өкүлүнөн түзүлүп, 4 жылдык мөөнөткө дайындаган Жыйын жүргүзгөн. Аталган Жыйындын мүчөлөрү кызматка кирүүдө ант беришип, курамынан, шаардык администрациясынын милдеттерин жүргүзө турган бир киши шаардык староста жана эки киши ага жардамчы катары шайланган.

Ал эми Сыр-Дарыя, Самарканд жана Фергана облустарында көпкө чейин төрт убактылуу жобонун негиздеринде иш жүргүзүлгөнү менен, алардын эч бири

---

[69]Сапаралиев Д. Система управления кыргызов в составе Российской Империи (1855-1917 гг.) Румянцев П.П. Уезды Жетысу. – Алматы.: Жалын, 2000. 278-б.;

[70] Пален К.К. Городское управление.- СПб., 1910. . С.386; Шушкова М.Е.Организация управления Туркестаном в начале XX века. Канд.дисс.-М.: 2015, с.113

расмий түрдө бекитилген эмес. 1886-жылы гана аталган облустар үчүн Жобо кабыл алынып, бирок шаар башкаруусунун мыйзамдык негиздери такталган эмес.[71] Сыр-Дарыя, Самарканд жана Фергана облустарында 1892 жылдын Шаардык жобосун ишке киргизүү маселеси да көпкө чейин талкууда болуп, Фергана, Сыр-Дарыя жана Самарканд облустарынын аскер губернатору өз пикирлерин Түркстан генерал-губернаторуна билдиришкен. Бирок, 1892 жылдын Шаардык жобосу аталган облустарга расмий түрдө ишке киргизүү маселеси белгисиз мөөнөткө токтотулган. К.К. Палендин отчетунда белгиленгендей, мындай чечимдин бир нече себеби болгон. Биринчиден, аскердик губернаторлор тарабынан сунулган отчеттордун мазмуну ар түрдүү болуп, жалпы жыйынтыкка алып келген эмес; экинчиден үч облустун калкынын басымдуу көпчүлүгү жергиликтүү элдерден тургандыгы үчүн жаңы жобонун толугу менен кабыл алынышы эл арасында нааразычылыкка алып келүү коркунучун жараткан; үчүнчүдөн, генерал-губернатордун пикири боюнча, жергиликтүү элдин жана башкаруу органдары тарабынан нааразычылык жок болгондугунан улам, облустардын административдик башкаруусуна өзгөртүү киргизүү кажети жок болгон.[72]

Убакыттын өтүшү менен уезд шаарлардагы тургундардын саны көбүйгөнү уезддик борборлордун аймагынын өсүшүнө алып келип, административдик түзүлүштүн татаалдашуусу менен бирге укуктук статусун жана аймактык таандыгын белгилеген символдордун пайда болушуна түрткү болгон.

Белгилүү болгондой геральдика тарых илиминдеги гербдердин тарыхын изилдеген атайын кошумча тармактардын бири катары эсептелет. Геральдиканын изилдөө методдорун колдонуу менен тарыхый булактын түзүлгөн мезгилин, жерин, шартын аныктоого мүмкүндүк берет. Тарыхта маалым болгондой кыргыздарда белги катары тамга колдонулуп келсе, Россия империясынын курамына киргенден кийин жалпы эле Орто Азияда жашаган элдерде герб түшүнүгү пайда болгон. XX к. башында Туркстан генерал-губернаторлугунун ар бир облустук, уездик борборлорунун герби түзүлө баштаган.

[71] Пален К.К. Городское управление.- СПб., 1910. .- СПб., 1910. -С.5
[72] Пален К.К. Городское управление.- СПб., 1910. . СПб., 1910. 5-б.

Жети-Суу жана Фергана облустарынын уезддик шаарларынын гербдери бирдей, стандарттуу француз типтеги калкандын формасында болгон. Бул өз учурунда француз маданиятынын орус императордук салтына күчтүү таасир тийгизгедигинин белгиси. Гербдин иерархиялык бөлүктөргө бөлүнүшүн да Европанын геральдика салтынын таасири катары белгилей кетүү керек. Маселен, гербдеги кандайдыр бир элементтин кайсыл бир бөлүктө жайгашуусу анын маанисин олуттуу түрдө өзгөртөт.[73]

Гербдер, гералдикалык мыйзам боюнча, таажылар менен коздолгон. Мындай практика орто кылымдардагы Европада башталып, алгач чыныгы монарх таажыларынын сүрөттөлүшү менен, герб ээсинин статусун, монархиялык үй-бүлөгө болгон жакындыгын баса белгилөө үчүн жасалган. Кийин салтка айланып территориалдык даражага көтөрүлгөн. 1851-жылы падыша Николай I, мындан ары губерния, облустарда жана алардын борборлорунда императордук таажынын, ал эми уезддик шаарлардын гербтеринде шаардык таажынын шарттуу түрдө сүрөттөлүшүнө буйрук чыгарып, ошондой эле ички иштер министринин сунушу менен императордук таажынын калкынын көптүгү жана жалпысынан административдик, коммерциялык жана тарыхый жактан мааниси менен башкалардан айырмаланган райондук шаарлар үчүн колдонулушуна уруксат берет. Падышанын буйругун аткаруу милдети гералдика департаментине жүктөлгөнү, бул тармактын Европадан айырмаланып, Россия империясынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык өнүгүшүнө өбөлгө түзүп берген.[74]

Б.В. Кёне тарабынан иштелип чыккан гербди жасалгалоонун жаңы түзүгү 1857-жылы бекитилип,[75] 1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин да бир нече жыл күчүндө болгон.[76] Кёне Б.В., гербте орун алган элементтердин арасынан негизги акцентти таажыга багыттаган. Таажылар шаардын статусуна жараша колдонулган. Мисалы, калкынын саны 50 минден ашпаган уезддик шаарлардын гербдеринде үч тиштүү күмүш мунара таажы, ал эми калкынын саны бирдей болгон, бирок башкы шаардын өзгөчө статусу менен айырмаланган шаарлар үч

---

[73] Егоров С. Геральдика для всех. Москва, 2002. Левандовский А.П. В мире геральдики.-М.: Вече, 2008.

[74] Лукомский В.К. и барон Типольт Н.А. Русская геральдика: Руководство к составлению и описанию гербов.- Петроград, 1915. С. 7-25;

[75] 1857 жылдагы “О гербах губернии, областей, градоначальств, городов и посадов” указы;

[76] Соболева Н.А. Российская городская и областная геральдика XVIII-XIX вв. М.: Наука, 1981. С. 3-21;

тиштүү алтын мунара таажы колдонулган. Башка жасалгаларга көңүл бурсак, гералдика салты боюнча алар шаардын ордун жана жашоочулардын негизги киреше булагын жана тиричилигин чагылдырышы керек болчу.[77] Айыл чарбасы өнүккөн шаарлардын гербинде Александр лентасына оролуп өскөн алтын түстүү эки буудайдын шагы, ал эми жүзүм өстүрүү менен алектенген шаарлардын гербинде Александр лентасына оролуп өскөн жүзүм сабагы сүрөттөлгөн. Кёне Б.В. жасалгалардан тышкары шаардын гербинин структурасын да өзгөрткөн. Облустун герби, эми гербдин үстүнкү бөлүгүндө эмес, шаардын гербинин эркин деп аталган (бош, сүрөтү жок) жогорку оң[78] жагына жайгаштырылган.

Жети-Суу облусунун бардык гербтери бир күнү, 1908-жылдын 19-мартында бекитилген.[79]

Пржевальск шаарынын герби (2.1-сүрөт)[80]: *Кара калкандын жогорку бөлүгүндө алтын меридиандар менен капталган күмүш глобус, анын үстүндө алтын беш бурчтуу жылдыз орун алган. Калкандын төмөнкү бөлүгүндө бал аарысы, арка планында эки кочкул кызыл машак кайчылаш жайгашкан. Гербдин эркин бөлүгүндө Жети-Суу облусунун герби түшүрүлгөн. Калкан үч тиштүү күмүш мунара таажысы жана Александр лентасына оролуп өскөн алтын түстүү эки буудайдын шагы менен коoздолгон.*

Геральдикалык мыйзамдарга ылайык алтын жылдыз жана меридиандар менен коштолуп, стендге тургузулган глобус – олуттуу географиялык ачылыштардын символу катары эсептелинет. Мындан тышкары, гербдин негизги элементтери кара түстөгү фондо жайгашканы эффекти дагы да күчөтөт.

[77] Бойко Д.А. Гербы городов, губерний и областей Российской Империи, внесенные в Полное Собрание Законов с 1900 по 1914 год. – Запорожье, 2013.
[78] Ошол эле жерде. С.18; *Гербтин маңдайынан караганда сол жагы.
[79] Коллекция документов по истории Кыргызстана полученных из Российского Государственного (РГИА) архива” Центральный Государственный Архив Кыргызской Республики (ЦГА КР) ф-160.-И, оп 1, ед. хран.46
[80] Ысык-көл облустук мамлекеттик архиви, Ф.1108, Оп. 1, № 12.



2.1-сүрөт. Пржевальск шаарынын герби

Француз тибиндеги калкан, үч тиштүү күмүш мунара таажы менен кооздолгондугу, шаар калкынын 50 миңден аз болгондугун билдирет. Александр лентасына оролуп өскөн алтын түстүү эки буудайдын шагы чарбанын өзгөчөлүгү тууралуу кабар берет. Эркин бөлүгүндө жайгашкан герб, шаардын Жети-Суу облусуна карагандыгын билдирет. Ушул сыяктуу гербтердин Россия империясынын бүтүндөй аймагында эч кездешкен эмес. [81]


Каракол шаарында жайгашкан Ысык-көл облустук мамлекеттик архивинде, алгачкы гербдин караколдуктар тарабынан тартылган долбоорунун копиясы сакталган.[82] Алар сүрөткө шаардын четинде орун алган белгилүү саякатчы Пржевальскийге арналган эстеликти, бал челектер менен дыйкандарды түшүрүшкөн.

Пишпек шаарынын герби (2.2-сүрөт)[83]: *Көк түстөгү француз типтеги калкан, ортоңку бөлүгүндө жайгашкан күмүш кемердин үстүндө катары менен үч көк соко тиши, ал эми жогорку жана төмөн бөлүктөрүндө бирден алтын бал аарысы орун алган. Гербдин эркин бөлүгүндө Жети-Суу облусунун герби жайгашкан. Калкан үч тиштүү күмүш мунара таажысы жана Александр лентасына оролуп өскөн алтын түстүү эки буудайдын шагы менен кооздолгон.*

---

[81] Бойко Д.А. Гербы городов, губерний и областей Российской Империи, внесенные в Полное Собрание Законов с 1900 по 1914 год. – Запорожье, 2013, с.6
[82] Ысык-көл облустук мамлекеттик архиви, Ф.1108, Оп. 1, № 12, с.4.
[83] Город Бишкек: Сб.док.и материалов / Сост. Г.Т. Гуля, Е.А. Романова, Б.О. Самаева. – Б.: 2013.

Пржевальск шаары сыяктуу эле француз тибиндеги калкан, үч тиштүү күмүш мунара таажы менен кооздолгондугу, шаар калкынын 50 миңден аз болгондугун билдирет. Александр лентасына оролуп өскөн алтын түстүү эки буудайдын шагы чарбанын өзгөчөлүгү тууралуу кабар берет. Эркин бөлүгүндө жайгашкан герб, шаардын Жети-Суу облусуна карагандыгын билдирет.



2.2-сүрөт. Пишпек шаарынын герби.

Герб 3 бөлүккө бөлүнгөн: жогорку жана төмөнкү лазурь[84] түстөгү бөлүктөрүндө бирден аары, ортосунда күмүш кемерде жайгашкан үч соко тиши. Лазурь же ушул сыяктуу көк түстөр суунун же дарыялардын көптүгүн, аарылар бал өндүрүүнүн өнүккөнүн билдирет. Катары менен жайгашкан соко тиштеринин бир нече мааниси бар. Биринчиден, ал соконун бир бөлүгү, демек, жер иштетүүнүн символу. Орус дыйкандардын келиши менен жер иштетүүнүн бир кыйла өнүккөнүн айта кетүү керек. Мисалы, Алексей Фетисов Кара жыгач токою, Эмен паркы жана ошондой эле жемиш бактары, жүзүм жана декоративдүү өсүмдүктөрдү өстүрүү менен алектенген.[85] Экинчиден, бул салттуу орус турак-жайынын чатыр куруу материалы. Ошентип, гербдин мазмунун талдоо менен шаар тууралуу жалпы түшүнүк пайда болот: шаардын негизги тургундары дыйканчылык жана балчылык менен алектенген.

Россия империясынын Герольдмейстр департаментинин герб бөлүмүнүн чогулушунда Фергана облусунун Анжиян, Жаны-Маргалан, Кокон, Наманган,

[84]Лазурь геральдикада көк түстү жана сууларды (дарыя, көл) билдирет.
[85] ЦГА РК.Ф.44.Оп.1.Д.21416.Л.5; 12-13; 16; 19-20; 122.

Эски-Маргалан жана Ош шаарларынын гербтеринин долбоорун даярдоо маселеси угулуп,[86] жогорудагы аталган шаарлардын гербтеринин долбоору сунушталган. Аталган чогулушта Фергана облусунун шаарларынын гербдерин долборлоо буйругу Герольдмейстрге жүктөлөт. Архивдик материалдар тастыктап тургандай, 1907-жылдын 10-декабрында Россия Сенатынын алдындагы геральдика департаментинин башчысы Фергана облусунун уездеринин гербтерин даярдоого макул экендигин билдирип, ал императордун кароосуна бекитүү үчүн жөнөтүлүп, геральдика департаменти Серебряков аттуу сүрөтчүгө Фергана шаарларынын гербин даярдоо тапшырмасы берилип, Россия императорунун 1908-жылдын 22-октябрындагы буйругунун негизинде Фергана облусунун шаарларынын, анын ичинде Ош шаарынын герби бекитилген.[87]

Шилтемеде берилген архивдик материалдарга таянуу менен Ош шаарынын гербинин түзүлүш тарыхына, анын символикалык белгилерине анализ жасап көрөлү. 1903-жылдын 15-октябрында Фергана облусунун аскер губернатору Ош шаарынын гербин талкуулоо маселесин көтөрүп, герб маселеси 1904-жылдын 14-июнунда Ош шаарынын чарбалык башкармалыгында каралат. Кеңешмеде полковник Зайцев тарабынан Ош шаары боюнча тарыхый легенда баяндалып, шаардын башкармачылыгынын кеңешмесинде Ош шаарынын гербин долбоорун даярдоо чечими кабыл алынат. 1904-жылдын 14-июнунда сунушталган гербдин 1-вариантынын алгачкы долбоору төмөндөгүдөй болгон: *Калкан (щит), калкандын жогорку жагында тоо, ага чачырап тийип турган күндүн нуру. Калкандын төмөнкү жагында жер айдоо үчүн чегилген эки өгүз. Калкандын үстүнкү бөлүгүндө императордун таажысы тартылган.* Гербдин 2-варианты: *Адыр-будур болгон калкан (щит). Калкандын жогорку тарабында тоо (Сулайман-Тоонун сүрөтү), ага чачырап тийип турган күндүн нуру. Калкандын төмөнкү күмүш түстүү жагында: кош айдоо үчүн чегилген мүйүздүү эки өгүздүн сүрөтү. Калкандын бош эки тарабында-Фергана облусунун герби. Калкандын баш жагында, императордун урматына анын алтын таажысы жана Александр лентасына оролуп өскөн алтын түстүү эки буудайдын шагы. Тоонун бет жагы (фасады) алыстан караганда (жергиликтүү элдин каалосу боюнча) жатып алып*

---

[86]Коллекция документов по истории Кыргызстана полученных из Российского Государственного (РГИА) архива” Центральный Государственный Архив Кыргызской Республики (ЦГА КР) ф-160.-И, оп 1, ед. хран.46, л.24.

[87]Ошол эле жерде.Л.34.

*мойнун созуп турган төөнүн сүрөтү тартылган*. Белгилей кетчү нерсе, кээ бир булактарда Сулайман-Тоо отко сыйынгандардын зыярат кылуучу жери катары көрсөтүлгөн[88], ал эми төө зороастризм окуусунда ыйык жаныбар катары кабыл алынган. Кызыктуу жагы, тоонун өзү алыстан эки өркөчтүү төөдөй көрүнөт.

Ош шаарынын кабыл алынган гербинин түзүлүшүнө анализ берип көрөлү (2.3-сүрөт). Француз типтеги калкандын башында үч тиштүү күмүш түстөгү мунара таажысы тартылган, [89] калкынын саны 50 миңден ашпаган уезддик шаарлардын гербдеринде үч тиштүү күмүш мунара таажы, ал эми калкынын саны бирдей болгон, бирок башкы шаардын өзгөчө статусу менен айырмаланган шаарлар үч тиштүү алтын мунара таажы колдонулган.Ал эми эки жүзүмдүн сабагы – бул облуста, уездде жүзүм чарбачылыктын мыкты өнүккөндүгүн билдирет.


Высочайше утверждено:
22-го Октября 1908 года.

Къ №31079

РИСУНОКЪ

герба уѣзднаго города Оша,
Ферганской области.

Въ червленомъ щитѣ, серебряная вершина горы, сопровождаемая сверху золотымъ полумѣсяцемъ, рогами вверхъ. Въ зеленой оконечности щита, двѣ золотыя воловьи головы съ червлеными глазами. Въ вольной части щита, гербъ Ферганской области. Щитъ украшенъ серебряною башенною короною о трехъ зубцахъ и окруженъ двумя виноградными лозами, соединенными Александровскою лентою.

---

[88] Ярков А. Очерк истории религий в Кыргызстане. Б., 2002. с. 15

[89] Коллекция документов по истории Кыргызстана полученных из Российского Государственного (РГИА) архива" Центральный Государственный Архив Кыргызской Республики (ЦГА КР) ф-160.-И, оп 1, ед. хран.46, л.8

2.3-сүрөт. Ош шаарынын герби.

Башка жасалгаларга көңүл бурсак, калкандын эки тарабынан курчап турган Александр лентасына оролгон эки алтын жүзүм сабагы, аймактагы жүзүм өндүрүшү тууралуу маалымат берет.[90] Гербдин эркин бөлүгүндө (калкандын жогорку сол тарабы) Фергана облусунун герби орун алганы – Ош шаарынын административдик тиешелүүлүгү жөнүндө кабар берет.

Калкандын үстүңкү бөлүгүндө Сулайман-Тоо жана өйдө караган жарым ай тартылган. Өйдө караган жарым ай символу, шаардыктардын дээрлик көпчүлүгү мусулман болгону тууралуу кабар берет. Сулайман-Тоо, Оштун гана эмес, Фергана аймагынын да негизги тарыхый эстеликтеринин бири болуп, көптөгөн адамдар үчүн диний борбору болуп саналган.[91]

Гербдин төмөнкү бөлүгүндө эки кызыл көздүү өгүздүн башын байкасак болот. Негизинен геральдика салты боюнча, гербдин композициясында чыныгы жаныбарлардын ордуна, мифтик персонаждар сүрөттөлөт. Андыктан, Россия империясынын геральдикасында, батыш өлкөлөргө салыштырмалуу, кандайдыр бир жаныбардын гербте орун алышы түздөн-түз ал жердин фаунасына байланыштуу болгон. Өгүз эн бези жок болгондуктан, букарага салыштырмалуу жоош болуп, тезирээк семирет. Өгүздөрдүн жүрүм-турумун көзөмөлдөө оңой, ушул себептен алар жүк ташууда, жер айдоодо жана унаа катары колдонулат. Өгүздөр өтө жай жана оор жаныбарлар, тегиз жана жапыз жерлерде багылат. Ошондой эле жергиликтүү мал базарларынын чоңдугу, чет жактан көптөгөн кардарлардын келиши жөнүндө архивдик маалыматтар бар. Калкандын бош бөлүгүндө Фергана областынын герби тартылган. Фергана областынын герби 1890-жылы 31-январда кабыл алынган. Анда күмүш калканда көгүлтүр түстөгү белдик, анын алды үстүндө үч кызыл түзтөгү жибек көпөлөктөр тартылган. Көпөлөк – бул христиан done динде кайра жаралуунун символу. Ошол эле учурда сулуулуктун символу катары да бааланып келет.[92] Кызык жагы, элдин арасында,

---

[90] Бойко Д.А. Гербы городов, губерний и областей Российской Империи, внесенные в Полное Собрание Законов с 1900 по 1914 год. – Запорожье, 2013, с.18 Галицкий В.Я., Плоских В.М. Старинный Ош. - Фрунзе, 1987, с. 117-118

[91] Кененсариев Т. Мысли о трехтысячелетия Оша и предстоящем празднике 3015-летие города // Маданият баалуулуктарын камтыган сырдуу Ош-3015. Бишкек, «Улуу Тоолор». 2015. С. 22-36. Малтаев К.Ж. Сулайман-Тоо – древнейший поднебесный храм в Центральной Азии. – Ош, 2000.

[92] Алымбаев Ж. История герба города Оша. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 8, 2020. 163 б.

Сулайман пайгамбар, сокого жабдылган бир жуп өгүз менен өз аскерин жетектеп келе жатып, шаардын аймагына жеткенде: - Хош! деп айткандыгынан, шаар Хош (Ош) деп атала баштаган деген уламыштар да бар. [93]

Жыйынтыктап айтсак, герб бир гана исскуство чыгармасы эмес, герб жердин, элдин тарыхын чагылдырган тарыхый булак. Гербдердин жасалышын, анын атрибуттарын үйрөткөн тарых илиминин бир тармагы болгон геральдика илими тарыхый фактыларды, калктын салттуу маданиятын, диний ишенимдерин, чарбасын тактоого мүмкүндүк берет. Түркстан генерал-губернаторлугу уездик шаарлардын гербин түзүүдө, ар бир шаардын тарыхый өзгөчөлүктөрүнө, калктын чарбалык турмушуна көңүл бурушкан. Гербди түзүүдө колониалдык бийликтин жергиликтүү элдин салтын эске алуусу, анын тарыхын, диний салтын сыйлоосун да көрүүгө болот. Бул өтө чоң мааниге ээ. Белгилей кетүүчү нерсе, гербди кабыл алууда колониалдык режимдеги бюрократиялык аппараттын күчтүү экендиги көрүүгө болот. Алсак, Ош шаарынын гербин кабыл алуу идеясы 1903-жылы көтөрүлсө, 1908-жылы, т.а. арадан 5 жыл өткөндөн кийин гана бекитилип жаткандыгын архивдик материалдар тастыктап турат. Бул көрүнүш Россия империясынын баардык аймактарында “бюрократиялык аппараттын” катуу орногондугун айгинелеп турат.

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдын аягына чейин Түркстан шаарларындагы жашоочулардын санынын аздыгы, шаар администрациясынын карамагына кирген жерлердин чеги так аныкталбагандыгы, чиновниктердин демилгесиздиги жана жалпы эле экономиканын алсыздыгы шаарлардын инфраструктурасынын өнүгүшүнө тоскоол болгон. XX кылымдын башында орус келгиндеринин массалык түрдө Түркстан шаарларына көчүп келиши менен абал өзгөрчүдөй болгон, бирок келгиндердин обочолонуп отурукташуусу, шаарлардын экиге ажырашына алып келген: "жергиликтүү" – "азиялык" жана "россиялык". Сыр-Дарыя, Фергана, Самарканд облустарындагы шаарлар, орустар келгенге чейин эле түптөлүп, тургундарынын басымдуу көпчүлүгүн жергиликтүүлөр түзгөндүктөн, чет жактарында “жаңы шаар” деп аталган чакан орус конуштары пайда болгон. Ал эми Жети-Суу облусундагы шаарлар орустар тарабынан негизделип, жергиликтүү калктын саны аз болгондугуна байланыштуу, алардын шаардагы

[93] Галицкий В.Я., Плоских В. Старинный Ош. – Фрунзе, 1987, с.6-7

орду да төмөн болгон[94]. Мындай кырдаал, шаарларды жакшыртууда жана башкарууда бирдиктүү саясат жүргүзүүгө жана элдин консолидациясына тоскоол болуп, жергиликтүү жана орус калкынын ортосунда айырмачылыкты күчөткөн.

[94] Протоколы заседаний комиссии, учрежденной приказом по Туркестанскому краю от 27 апреля 1902 г. № 92, для составления объединенного Положения об управлении областей Туркестанского края. 249-б.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ШААРЛАРДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ

## 3.1. Экономикалык абалы

Түркстан аймагы Россия империясына каратылганга чейин, жергиликтүү элдин туруктуу экономикалык байланыштары дээрлик жок болуп, феодалдык ыкмадагы административдик башкаруунун жана патриархалдык-уруулук түзүлүштүн белгилери сакталып келген. Түркстандын, а.и. кыргыз элинин Россия империясынын курамына каратылгандан кийинки тарыхый тагдырында, колониалдык басып алуунун кесепеттери менен катар коомдук жана экономикалык түзүлүштөрдө жаңылануу байкалган. Алардын бири, орус администрациясынын эң төмөнкү бийлик элементи болгон жаңы уезддик шаарларды: Пишпек жана Пржевальск шаарларын түптөө жана Ошту уездик шаарга айлантуу, ошондой эле аталган шаарларда капиталисттик мүнөздөгү социалдык-экономикалык алакалардын пайда болушу.

### 3.1.1 Чарбалык турмушу

Ош, Пржевальск жана Пишпек шаарларынын чыныгы уезддик шаарга айлануу процесси XIX кылымдын 90-жылдарына чейин созулган. Аталган убакыттын ичинде жашоочулардын негизги оокаты соода-сатык жана ар түрдүү кол өнөрчүлүк менен тыгыз байланыштуу болуп, шаар түзүлүшү, турак жайлары жана коомдук мекемелери Россиянын ички губернияларынын архитектурасына таандык мүнөздө өзгөчөлөнүп тургузулган. Мисалы, үйлөрүнүн үстү көбүнчө камыш менен жабылган, терезелери чакан жана орус калкынын тибиндеги чатырлуу болгон. Көчөлөрүнө кыдырата теректер тигилген.[95] Орус келгиндеринин үйлөрү европалык үлгүсүндө болуп, жергиликтүү элдердикинен айырмаланып, эшик-терезелеринин көчө жакты карай багытталышы, жергиликтүү эл үчүн жаңылык болгон. Аларды туурап бай кыргыздар орус усталарына үй салдыра баштаган. Үйлөр бийик чатыр, чоң терезелүү, жыгач төшөлгөн полдору жана террасасы менен 2-3 бөлмөдөн турган.[96] Колунда бар, окаттуу кыргыздар орустардыкына окшоштуруп саман аралаштырылган кыш менен үй курушуп,

---

[95] Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, 1999. – 91-б

[96] Шкапский О.Р. Киргизы-крестьяне (из жизни Семиречья) // Туркестанский сборник. Т. 490.- Ташкент. 1908, с. 57-63

жыгач менен полдошкон. Үйлөрү тунике менен жабылып, бир канча бөлмөдөн турган.[97] Аймакта болуп жаткан өзгөрүүлөрдү натыйжасында кыргыздар күнүмдүк жашоосунда темир, калайдан жасалган буюмдарды кеңири пайдалана башташкан. Шаарга байланыштуу болбосо дагы кызыктуу мисал катары, саякатчы Н. Сорокиндин Кетмен-Төбөдөгү Чыныбай аттуу бай адамдын үйүнө конгонун келтирели. Ал Чыныбайдын үйү европа стилинде экендигин жана бир нече бөлмөдөн турганын, стол жана стул коюлуп, дубалда саат илинип турганын белгилеп кеткен.[98]

Жети-Суу облусунда отурукташкан конуштардын орус бийлигине чейин болбогондугу анык, ал эми Фергана облусунда чыгыш элдерине таандык өзгөчө шаар маданияты өкүм сүргөнү талашсыз. Салыштырып айтсак, Ош шаарында калктын үйлөрү тар жана жапыз, эшик жана терезелери көчө жакты караган эмес. Үйлөр бийик дубалдар менен тосулган. Мындан улам үйдүн ичи караңгы болгон. Көчөлөрү тар болуп, көп эл өтүүгө ыңгайсыз болгон.[99] Мындай үйлөрдүн (терезелери жапыз, көчө тарапты карабаган, дубалдардын бийик) салынышы диний талаптарга байланыштуу түшүндүрүлгөн.

Кыргыздардын келгин дыйкандардын таасиринен отурукташууга өтүүсүн прогрессивдүү тарабы келгин орус, украин жана башка дыйкандардан жергиликтүү элдер чарбачылыктын жаңы түрлөрүн өздөштүрүшкөн. Натыйжада жергиликтүү элдер дагы отурукташкан жашоо образына өтүшүп, дыйканчылыктын жаңы түрлөрү, соодагерчилик, балчылык сыяктуу иштер менен активдүү алектене башташкан.

Мисалы, көптөгөн изилдөөлөрдө Пишпек, Пржевальск жана Ош уезддеринде балчылык менен алектенген кыргыздардын көп экендиги белгиленет.[100] Балчылык 70-80-жж. шаардыктар жана уезддин тургундары үчүн жаңы жана кирешелүү тармакка айланып, аны менен ар кандай катмарындагы адамдар, анын ичинде пенсиядагы чиновниктер да алектенишкен.[101] Алсак, 1886-жылы Пишпек

---

[97] Русские путешественники и исследователи о киргизах. –Фрунзе, 1973.-С. 207
[98] Аймамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX века. – Фрунзе, 1967. – С 58
[99] Кушелевский В.И. Материалы для медицинской географии и санитарного описания Ферганской области. Том II. — Новый Маргелан, 1891.
[100] И.В. Рожанович. Пчеловодство в Пржевальском уезде «Туркестанские ведомости», 1901, № 33.
[101] Pahlen K. K. Mission to Turkestan: Being the Memoirs of Count K. K. Pahlen. 1908—1909. Ed. by R. A. Pierce.

шаардык багында курулган бал челектердин өрнөгүндө ышкыбоз балчы Кирьянов балчылыктын сырлары менен бөлүшүп, шаардыктарга аары кармоодо жана бал өндүрүүдө ар кандай ыкмалар үйрөтүлгөн. Кыргыздар да балчылыкка кызыгып, майда бал челектерин орнотуп башташкан. [102]Ошондой эле Ош шаарында, токойчу тарабынан Кавказдан арылар менен бал челектер алынып келип, 1905 жылы 50 бал челек болсо, 1911 жылга карата бал челектин саны 161 түзгөн.[103]

Келгин дыйкандар жергиликтүү жаратылыш-климаттык шарттар менен да, аймакта калыптанып жаткан ички базардын талаптарына да ыңгайлашып, ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн экономикалык жөндөмдөрүн да үйрөнүүгө кызыкдар болушкан.

Жогоруда белгиленгендей славян келгиндеринин таасири астында кыргыздарда айрым жаңылыктар пайда болуп, акырындык менен отурукташууга өткөн чарба ээлеринде мурунку примитивдүү буюмдардын ордуна фабрикадан өндүрүлгөн буюмдарды, идиш-аяк, самоор, колдо тигүүчү машиналар ж.б. ушул сыяктуу буюмдарды колдонуу мүмкүнчүлүгү жаралган. Айрым көл-өнөрчүлөр коңшуларынан үй буюмдарын жасоону үйрөнүү менен бирге аз да болсо өз керектөөлөрүн камсыздаоого өтүшүп, натыйжада 1897-жылы өткөрүлгөн Биринчи жалпы Россия боюнча эл каттоо маалыматынын негизинде Пишпек, Пржевальский жана Ош шаарындагы кыштактардын 10,1-16,9%ын кыргыз тургундары түзүшкөн.[104]

***Дыйканчылык***

XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз жергесине көчүп келишкен этностордун чарбалык ишкердигинин натыйжасында жана алардын тарыхый мекениндеги кесипчилиги менен тыгыз байланышкан айыл чарба өсүмдүктөрүнүн пайда болушу белгилөөгө татыктуу окуя. 1883-жылы Кытайдан качып келген дунгандар Чүй өрөөнүнө биринчи жолу күрүч[105] эгишкен жана андан 770 чейрек түшүм алышкан. Кылымдын аягында анын дүн жыйымы 16979 чейрекке чейин

---

London, Oxford University Press, 1964. 179-б.

[102] Галицкий В.Я. История города Пишпека (1878-1917). – Ф.:1980, с. 49-50

[103] Галицкий В.Я., Плоских В.М. Старинный Ош. - Фрунзе, 1987, с. 117

[104] Кронгардт Г.К. Население Кыргызстана во второй половине XIX - начале XX вв. – Бишкек, 1997. – С. 36

[105] Фергана өрөөнү күрүч менен Кокон хандыгын башкарып турган Эрдене Бий убагында алгачкы жолу таанышкандыгы тууралуу пикирлер айтылып келет.

жеткен. Тез эле жергиликтүү базарларда кардарларын таап, товардык эгинге айланат. Жаңы пайда болгон дан өсүмдүктөрүнө гречиха жана жүгөрү да киришет. Бул өсүмдүктөр кедейлердин жана орто чарбалардын негизги тамагына айланган. Жарым кылымдын ичинде таруу жана конок айдалган аянт 10 эсе, алынган түшүм 4 эседен көбүрөөк азайган. Бул кыргыздардын массалык түрдө арпа жана буудай эгүүгө өткөндөрү менен байланышкан. Буудай өстүрүүнүн ылдам темп менен өсүшү Кыргызстандын түндүк-чыгышын товардык эгин өндүрүүнүн районуна айландыруунун башталганына ачык далил. Адатка айланган данчылыктын кыскарышы соода-сатык менен тыгыз байланышып, буудай өндүрүүнүн өсүшү орус оторчуларынын келиши менен да түшүндүрүлөт. Ушундай эле абал Ош уездине дагы таандык. 1891-жылы Фергана облусунда жашаган көчмөн чарбалар 112601 пуд буудай алышса, 1900-жылы бир гана Ош уездинде буудайдан 655210 пуд түшүм алынган. Бул облустун тоолуу райондорунда да дан өндүрүүгө өтүшкөнү менен түшүндүрүлөт.

Ошону менен катар Ош уездинин дыйкандары пахта эгүүгө өтө башташкан. Тактап айтканда 1896-жылы Ош уездинде пахта себүү башталат. 1900-жылы анын аянты 3683 тешени түзгөн жана андан 231 миң пуд пахта алынган.[106] Бирок кылымдын аягына чейин кыргыз пахтакерлери жерди начар иштетүүнүн натыйжасында коңшу өзбектерден ар бир тешеден 20 пуддан кем түшүм алышкан. Бирок, ошого карабастан пахта эгүү арбый берген.[107] Ош уездинде пахта эгүүнүн, ал эми бахча өсүмдүктөрүнүн, өзгөчө дарбыз, коон, пияз өстүрүүнүн күчөшү башталат.

Тамыры жемиш өсүмдүктөрдүн ичинен картошка өстүрүү башталган. 1900-жылы Пишпек жана Пржевальск уездинин орустары андан 8923 чейрек түшүм алышкан. Бирок, бул жаңылыктар кыргыздарды өзүнө тарткан эмес. Алар өзүлөрүнүн адаттагы дыйканчылыктары менен кесиптене беришкен. Техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн башаты да эки кылымдын оошуна тиешелүү.

Дыйканчылыктагы ири алга жылышка беде себүү кирет. Ал орустар, немистер жана украиндыктар тарабынан кеңири тарай баштаган.

---

106 «Турк. ведом.», 1915, № 263

107 Н. С. Лыкошин. Полжизни в Туркестане. Пт., 1916, стр. 15

XIX кылымдын акыркы чейрегинде Ош уездинде жүзүм өстүрүү келип чыкты. Анын чегендектерин отургузуу 1893-жылы башталган. 1900-жылы анын жалпы аянты 128 тешени түзгөн жана ошол эле жылы андан 1585013 пуд түшүм алынган.

Дыйканчылыктагы жанылыктарга Ош уездинде тыт жыгачын өстүрүү жана ага байланыштуу жибек чарбачылыгынын биринчи кадам шилтегени да кирет. 1900-жылы 3667 пуд кокон алынган.

Мына ошентип, XIX кылым Түркстан аймагындагы уезддерге дыйканчылык тармагындагы бир топ жаңылыктарды алып келген. Анын өрөөндөрүндө дыйканчылыктын жаңы түрлөрү жана бай дыйкандардын катмары пайда болгон. Алардын уезддик шаарларда ири базарлардын пайда болуусуна себеп болуп, дыйканчылыкты базардаштыруусуна алып келгендиги тууралуу төмөндө сөз кылсак. [108]

Пишпек пикетинин[109] жанында жана Ташкент жолунун боюнда багбанчылык, дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенишкен чала-казактар деп аталган бир нече үй-бүлө отурукташып, аларга мурдатан бери Пишпек чебинин айланасында жашаган өзбек соодагер жана кол өнөрчүлөр, андан кийин татарлар кошула баштаган. Биринчи отурукташкандар почта жолунун боюна жыгачтан, жалпак чатырлуу чыгыш тибиндеги жер үйлөрдү жана чакан дүкөндөрдү курушуп, Пишпек базарын негиздешкен.

Айыл чарбасы жана кол өнөрчүлүгү Пишпектин калкынын кыйла бөлүгүнүн негизги каражат табуу булагы болгон. Айдоо жерлердин үлүш жерлерге салыштырмалуу көп болушу шаардын алгачкы мезгилиндеги экономикасынын жарым агрардык мүнөздө болгондугун тастыктайт. Шаардын балансында айдоо жерлердин жана жайыттардын аздыгы, Пишпектеги шаардыктардын айыл чарба муктаждыктары үчүн шаарга жакын жайгашкан Аламүдүн жана Талкан волостторундагы кыргыздардын жерин ижарага алып иштетүүгө мажбур кылган.[110] Мисалы, Пишпектиктер 1883-жылы 148 дес. дан эгиндерин, анын ичинде 108 дес. жаздык буудай, 5 дес. жаздык кара буудай, 31 дес. сулу, 4 дес. гана арпа аянтын иштетишкен. Ашыкча данды, жарым-жартылай ун түрүндө, бай

[108] История Киргизии, т. I, 1956, стр. 312. Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX в. – Ф.: 1987, с. 24.
[109] Жети-суу облусундагы почта станциясы
[110] ЦГА РУз. Ф.И-1. Оп.27. Д.1011. Л.18-23

дыйкандар базарда жана почта станцияларында сатышкан. Дыйканчылыкты базарлаштыруу процесси Пишпекте соода жана ишкер элитасынын катмарынын пайда болушуна алып келген. [111]

Дыйканчылык менен алектенген шаардыктардын айыл чарба техникасы Россиянын борбордук губернияларындагыдай болуп, кыргыз дыйкандарына салыштырмалуу бир топ артыкчылыкта болгон. Отурукташкан кыргыз дыйкандары да жаңы айыл чарба техникасын колдоно башташкан.[112] Изилдөөчү А.М. Фетисов Ташкентте 1890-жылы өткөн айыл чарба көргөзмөсүндө, эң акыркы үлгүдөгү соко, тырмоок жана башка айыл чарба шаймандарын сатып алып, пишпектиктерди жаңы технологиялар менен тааныштырган.[113]

Дунгандар Пишпекке отурукташканга чейин жашылча-жемиштер менен орус-украин калкы (негизинен аялдар), бахча өсүмдүктөрү менен өзбек калкы алектенишкен. Дунгандар капуста, бадыраң, кызылча, картошка, пияз, укроп, буурчак, помидор, дарбыз жана коон өстүрүшкөн. Бахча талааларында күн карама жана кара куурай да эгилген. Эмгекчил дунгандар дыйканчылыкты мыкты өздөштүрүп бадыраң, сабиз, пияздын ар кандай сортторун, капуста, колраби, төө буурчак, буурчак, көк баклажан, салат, укроп, петрушка, пастернак, щавел, кунжут, зыгыр ж.б. өстүрүшкөн.

Пишпекте багбанчылык дагы жакшы өнүгүү деңгээлине чыккан. Дээрлик ар бир чарба өз муктаждыктары үчүн, жок эле дегенде, бир нече жемиш бактарын өстүргөн. Айрым бай шаардыктар жеке бакчаларынан тышкары шаардан ижарага алынган бакча аянттарында жана шаардын четиндеги жер тилкелеринде багбанчылык менен алектенишкен. Мыкты ышкыбоз багбандардын бири Намангандык Селим Райымбаев болгон. Ал Аламүдүн трактында чоң бак тигип, Аламүдүн менен Пишпектин жаңы конуштарын түрдүү жемиш дарактарынын көчөттөрү менен камсыздаган.[114] Аймакта маданий багбанчылыктын жана жасалма токой өстүрүүнүн пионери пишпектик илимпоз А.М. Фетисов, шаардык бакчада кеңири мөмө-жемиш питомниктерин жана 1881-жылы Каражыгач токоюн

---

[111] Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980.с. 44
[112] «Турк. ведом.», 1905, № 48. Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX в. – Ф.: 1987, с. 27-28
[113] Ошол эле жерде
[114] «Турк. ведом.», 1883 г., № 27. Обзор Семиреченской области за 1885 г., стр. 17. за 1887 г., стр. 80. за 1884 г., стр. 20. Поярков Ф. Алексей Михайлович Фетисов. «Турк. ведом.», 1894, № 59

негиздеген.[115] Европалык шаар тургундарынын бакчаларында эң көп алма жана алмурут дарактары өсүп, алар кичинекей жана кычкыл мөмөлөрдү берген; жергиликтүүлөрдүн бакчаларында алча, кара өрүк, өрүк жана шабдалы өскөн. Шаар тургундары көбүнчө кулпунай жана жүзүм өстүрүшкөн. Шаар питомниктеринде батыш европалык жана түштүк россиялык мөмөлүү дарактардын сорттору пайда болушу менен пишпектиктер, дыйкандар, атүгүл отурукташкан кыргыздар өздөрүнүн короолорунда мөмөлүү дарактардын жакшыртылган сортторун өстүрө башташкан. Көп өтпөй Чүй өрөөнүнө толугу менен адаптацияланган ширин алмалар менен алмуруттар, Түркстанда жана Батыш Сибирде кардарын таап, экспортко сатыкка чыккан.

Пишпек шаар бакчасынын көчөттөрү Пржевальск шаардык бакчасына алынып, Барсов тарабынан өстүрүлүп, ар түрдүү мөмө-жемиш бактардын көчөттөрү шаар тургундарына төмөн баада, ал эми кыргыздарга бекер берилген.[116] Барсовдон тышкары, Долматов аттуу шаардык тургун да мөмө-жемиш бакчасын негиздеген.[117]

Чүй өрөөнүндө отурукташкан конуштардын түзүлүшү менен бул жерде дан өсүмдүктөрү менен катар техникалык өсүмдүктөр, анын ичинде Тянь-Шань тоолорунда жапайы өскөн хмель өстүрүлө баштаган. Аны коммерциялык максатта өстүрүүгө биринчи аракетти А.М. Фетисов жасаган. 1884-жылы, ал чет өлкөдөн Žatice жана Schwezingen сортундагы хмелди алдырган. А.М. Фетисовдун аракетинин натыйжасында хмелдин жаңы сорту чыгарылып, бара-бара пишпектин сортунун чет өлкөлүктөрдүн эң жакшы сортторунан эч кандай кем болбогонун моюнга алууга аргасыз кылган.[118]

Мындан башка, А.М. Фетисовдун чарбалык иштеринин натыйжасында Пишпектин соода-экономикалык байланыштары кеңейген. Пишпектин жана шаар четиндеги Аламүдүн кыштагынын айрым тургундары тамеки өстүрүү менен да алектенишкен. Алар тамекинин төмөнкү сортунун негизги көлөмүнөн өздөрү

[115] ЦГА РК.Ф.44.Оп.1.Д.21416.Л.5; 12-13; 16; 19-20; 122.
[116] «Турк. ведом.», 1889, № 24
[117] Гареев З.В. Опытные работы по плодовым, бахчевым культурам и по винограду. Сб. «Наука в Киргизии за 20 лет (1926— 1946)» стр. 103. Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX в. – Ф.: 1987, с. 38
[118] Памятная книжка и адрес-календарь Семиреченской области на 1905 год. Верный, 1905, с.196. А.Н. Бернштам. Культура древнего Киргизстана. – Ф.:1942, с 20; Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX в. – Ф.: 1987, с. 24

үчүн чайналуучу тамеки (насвай) жасашып, ашыктарын болсо сатуу үчүн өстүрүшкөн. [119]

XIX кылымдын 80-жылдарында, ошол эле А.М. Фетисов тарабынан Пишпекте жибек өндүрүүнү жайылтуу аракети ийгиликтүү болуп, кийин көпөстөр тарабынан чийки зат түрүндө жергиликтүү соодагерлерге сатылып баштаган. [120]

Ошондой эле, Пишпек шаарынын талааларында пахта өстүрүлүп, администрация ишкерлерге мотивация ирээтинде жерди жеңилдиктер менен ижарага берген. Ташкенттик Мирхамед Ахметбаев 4 пуд пахтанын уругун эгип, 40 пуд түшүм, кийинки жылы 60 пуд, ал эми 1893-жылы ошол эле жерден 200 пуд пахта жыйнаган. Жыйынтыгында, бул кирешелүү иш менен алектенүүнү каалагандардын санынын көбөйүшүнө алып келген.[121]

XIX-кылымдын аягы XX-кылымдын башында шаарга тийиштүү жерлердин ичинен айдоо жерлеринин жетишсиздиги, шаарга жакын жайгашкан коңшу кыргыз болуштуктарына таандык жерлерди ижарага алуу менен толукталган. Кыргыз жерин ижарага берүүнү кыргыз бай-манаптардын өздөрү гана эмес, шаардын старостасы баш болуп, бейрасмий каражат булагына айландырып алышкан. Мисалы, 1896-жылдын 1-январынан тартып Талкан (Толканов) болуштугунун кыргыздарынан 750 дес. жерди жылына 150 руб. баалап, 12 жылга ижарага алып, Пишпектин тургундарына субарендага беришкен. 1895-1903-жылдар аралыгында, ижара аянты дээрлик 20 эсеге көбөйгөн. Мындай олуттуу өсүш, шаардын бай жашоочуларынын ижарага алган жер тилкелерин, жери жок жаңы келгиндерге кымбат баада субарендага бергенге шарт түзгөн. [122]

Пржевальск шаарында да ижарага алынган жакынкы кыргыз болуштуктарынын айдоо тилкелерин көпчүлүк учурда орус, украин жана өзбек дыйкандары иштетишип, талаа (дан) эгиндеринен жаздык буудай, сулу, таруу, ошондой эле буурчак эгишкен. Мындан тышкары, өзбектер – арпа, шаардык орустар – картошка айдашкан.[123] Кой-эчкилер, эт-сүт жана жумушчу бодо мал менен

[119] Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980.с. 48
[120] Памятная книжка и адрес-календарь Семиреченской области на 1905 год, стр. 196— 197. Обзор Семиреченской области за №89 .—Верный, 1890, с. 11.
[121] История Киргизии, т. 1, 1956, стр. 313
[122] Пишпек. — Русский Туркестан, 1904, № 52. Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980.с. 84
[123] ЦГА Республики Казахстан. Ф.И-44, оп.1, д.646, л.80.

жылкылар үчүн тоют катары чөп, саман жана беде камдалган. 1894-жылы беде аянттары, айдоо аянттарынан ашып кеткен[124].

Каракол шаарынын жашоочуларынын бакча тилкелерин иштетүү деңгээли Теплоключенка жана Преображенский айылдарына салыштырмалуу айдоо тилкелерин иштетүүдө артта калбаганын жана жакшы өнүккөндүгүн көрө алабыз. Айдоо аяттарынын жана чабынды тилкелеринин колдонулушу шаардыктардын коммерциялык максатта жер иштетүүлөрүн жана малды багууларын көрсөтүп турат. Ушул себептен улам Караколду, XIX к. 70-90 жылдарында, жарым агрардык шаар катары сыпаттасак болот (3.6-таблица).

**Пржевальск шаарында жана ага чектеш айылдардагы жерлердин айыл чарба максатында колдонулушу, 1894-ж., дес.**

| Үй тилкеси | Бакча тилкеси | Айдоо тилкеси | Чабынды тилкеси | Иштетүүгө ыңгайлуу кошумча жер | Токой | Жалпы иштетүүгө ыңгайлуу жер | Ылайыксыз жер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Пржевальск | | | | | | | |
| 400 | 240 | 1074 | 1976 | 1463 | - | 5153 | 903 |
| Теплоключенка | | | | | | | |
| 42 | 153 | 1209 | 340 | 5794 | - | 7538 | 512 |
| Преображенский | | | | | | | |
| 61 | 210 | 2639 | 2300 | 5900 | - | 11409 | 890 |

XIX к. 70-жылдарынан баштап Батыш Кытайдан Пржевальск уездине көчүп келген дунган жана уйгурлар менен шаардык калктын бир бөлүгү үчүн дарылык апийим өстүрүү, чогултуу жана жакынкы аймактарга сатуу өтө пайдалуу киреше булагына айланган. Акырындык менен апийим чогултууга кыргыздар да тартыла баштаган. Бир жылдын ичинде эле апийим айдоо аянттары 20дан 200 десятинага 10 эсе көбөйгөн – (1 дес.=1,09 га)[125]. Апийим көпчүлүк учурда жакынкы Кашгария жана Өзбекстанга, Нарын жана Каракол коргондорунун көзөмөл пункттары аркылуу жөнөтүлүп турган. 1880-жылдын аягында апийим түшүмү жыйналган соң уезддеги баасы 1 джин (0,6 кг) = 6-8 руб, ал эми 1881-жылдын башында накталай төлөм менен 9 руб., вексeлдик төлөм менен 11 руб. түзгөн. 1881-жылдын 1 февралына карата Кашгарияга жалпы 500 джин (300 кг) апийим жана 578 руб. түзгөн 578 пуд (9468,04 кг) апийим башы чыгарылган[126]. Кытайда

[124] ЦГА Республики Казахстан. Ф.И-44, оп.1, д.646, л. 24.
[125] Туркестанские ведомости, 13 ноября, №45.
[126] ЦГА Республики Казахстан. Ф.И-44, оп.1, д.646, л.34-35

апийимдин жана апийим баштары өтө кымбат бааланып ортомчулар, контрабандисттер бир кыйла каражат табышкан.

Жерди иштетүү технологиялары жана колдонулган ыкмалары да бир топ өзгөрүүлөргө дуушарланган. Орус жана немис дыйкандары жерди темир соколор менен айдоого, айдалган аянтты темир, жыгач малалар менен малалоого өтүшкөн. Бирок, жергиликтүү калк мурункудай эле жерди буурусун (темир же чоюн учу бар) менен айдоону уланта беришкен. Акырындан жаңылануу жана жаңы доордун үнү кыргыздарга да жете баштаган. Ал жаңылануу жана жаңы доордун үнү, көчүп келип кошуна жайгашкан орустардын, украиндыктардын жана немистердин айдоо тилкелериндеги темир соконун, темир маланын, ат сүйрөгөн эгин сепкичтердин, бирин-экин чөп чапкыч, эгин оргуч жана баскыч молотилкалардын добушу эле. Натыйжада, чарбаны комплекстүү жүргүзүү мыйзамына баш ийген дыйканчылыкта, жаңы агротехнологияларды колдонуп, жаңы дан жана техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүү жышаанасы башталган.[127]

***Мал чарбасы***

XIX кылымдын акыркы чейрегине дейре кыргыз жергесиндеги малдын саны жөнүндө материал жокко эсе. Буга кыргыздардын илгертеден келе жаткан адаты боюнча малдын так санын айтууга болбогондугу себепкердир. Анткени, исламга чейинки ишеним боюнча төрт түлүктүн ар биринин өзүнүн пири болгон (Ойсул-Ата, Камбар-Ата, Зеңги-Баба, Чолпон- Ата, Чычаң-Ата,).[128] Көчмөндөр төлдүн санын «көз тиет, сөз тиет» деген үрп-адатка таянып, жашырышкан. Керек болсо, Кокон хандыгынын мезгилине тиешелүү жылдарда да малдын саны тууралуу так кабар жок. Мындай материалдар Түркстанды Россия карамагына каратып алгандан кийин гана пайда болгон. Буга Ташкент көргөзмө комиссиясынын материалдары кирет. Ал кабар боюнча Түркстан генерал-губернаторлугунда 1870-1871-жж. 10 млн. төрт түлүк үчүн зекет жыйналган.

Статистикалык материалдарды Кокон хандыгы жоюулуп, Түркстан генерал-губернаторлугу тарабынан түзүлгөн тартипке (1867) ылайык «жарым падышанын, аскер губернаторлорунун, уезддик начальниктеринин жылдык отчетторунан»

[127] Аттокуров С. Развитие мелкой промышленности Киргизии в к. XIX - нач. XX в. // Ученые записки историкоюридического факультета Киргосуниверситета. Фрунзе, 1964. Вып. № 3
[128] Түлөбаев А.З., Салыков Р., Исаев А.Т., Гүлназ Аскарбек. Жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу: - Б.: «Улуу Тоолор», - 2016. 78-79 б.

алууга мүмкүн. Ал материалдарда, саны азайтылганына карабастан, мал чарбасы жөнүндө болжолдуу абалды сүрөттөөгө болот.

Малчылык боюнча жазылган жана басылган эмгектерде 1869-1879-жж. Ысык-Көл жана Пишпек уезддеринде малдын саны өскөндүгү, ал эми 1870-1902-ж. 17% жана 40%га кыскаргандыгы жөнүндө айтылат. Биринчи өсүш жөнүндөгү кабар 1879-жылдагы малдын болжолдуу саны, ал эми 1869-жылга тиешелүү маалымат жок. [129]

Малдын санына түз таасирин тийгизген жаратылыштын кубулушу – жут, ал 5-10 жылда кайталанып турган. 1870-1902-жж. ичинде аталган уезддерде малдын саны 17 жана 40%га кыскарган. Бул кыскаруу бир гана жылга – 1885-жылга тиешелүү, ал башка 32 жылдык мөөнөткө эч тиешеси жок. Эскерте кете турган нерсе авторлор 1897-ж. жутту эске алышкан эмес. Кыскартып айтканда, өсүү да, кемүү да чындыктан өтө алыс. Аны ошол эле уезддердин статистикалык кабарлары ашкерелейт. Пишпек уездинде 1890- жылы 200 641, 1900-ж. 119 778 жылкы болгон, Пржевальск уездинде 1890-ж. 125 146, 1900-ж. 122 067 жылкы катталган. 1883-ж. Жети-Суу облусунун Пишпек уездинде 516 499, 1893-жылы 737 807, 1900-жылы 738 614 кой-эчки болсо, Ысык-Көл уездинде 1883-ж. 453 340, 1893-ж. 648 741, ал эми 1900-ж. 1 568 980 кой-эчки болгон. 18 жылдын ичиндеги өсүш үч эседен ашкан. Ош уездинде 1891-жылы 74 055, 1900-ж. 292 745 кой-эчки болгон. 9 жылдын ичиндеги өсүш төрт эсеге жакын болгон.

Кой чарбасынын кирешелүү чарбага айланышы, Олуя-Ата, Ат-Башы жана Пишпек жарманкелеринин иштеши менен байланыштуу. Ошондой эле, мал чарба чийки заттарына болгон талап да жылдан-жылга өсө берген. Натыйжада, кой өстүрүүгө жаңылыктар кирип, каракүл жана метис койлор пайда болгон, кой чарбасын жогорку рентабелдүү чарбага айландырууга кадамдар шилтенген. Орус казактары, көчүп келген дыйкандар, немистер ак метис койлорду асыроого киришишкен. Ошону менен бирге татар, өзбек, орус көпөстөрү жана алардын агенттери тез эле байый баштапкан.[130]

[129] «История Киргизской ССР». 1968. Т. I. Стр.409
[130] Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX в. – Ф.: 1987, с. 32

Чарбалык мааниси жагынан көрүнүктүү орунду уй жана топоз багуучулук ээлеген. Күч катары өгүздөр пайдаланылган. Өгүзгө жүк артышкан, буурсунга салышкан, чийне тартышкан. Аты жок кедейлер мингич катары пайдаланышкан.

Пишпек уездинде 1882-жылы 64 570, 1890-ж. 109 600, 1900-жылы 110 754 уй, ал эми Пржевальский уездинде 1882-жылы 64 560, 1890-ж. 65 348, 1900-жылы 115 346 уй болгон. Ош уездинде 1891-жылы 17 342, 1900-жылы 49 126 уй жана топоз катталган. Кыргыз уйлары континенталдык климаттагы жайыттарга жакшы ылайыкташып, жем-чөпкө анча көз каранды эмес болуп, сүттү, этти берген. Ал төрт түлүктүн бири болгонуна карабастан, көчмөн кыргыз элинде байлык катары эсептелген эмес. Уйдун мааниси орустар жана немистер келгенден тартып өсө баштаган.

Төрт түлүктүн ардактуу бөлүгүнө эки өркөчтүү төө кирген. Төөнү бай адамдар өзүнүн зоболосун көтөрүү иретинде кармашкан. Төө негизинен унаа, көлүк жана ылоо катары пайдаланылган. Дөңгөлөктүү транспорт келгенге чейин төө жүк ташуунун бирден-бир түрү болгон. Анын орду өзгөчө эл аралык соода жүргүзүүдө маанилүү болуп, каравандарды төөсүз элестетүү мүмкүн эмес эле. Төө түздүн, жарым чөлдүн малы болгон. Ошол себептүү, шаар шартында аны өстүрүү бир топ кыйынчылыкка турган. Төө өзүнүн жемге, чөпкө көп муктаж эместигинен жана башка үй жаныбарлары жебеген өсүмдүктөр менен тоюттангандыктан (тикен, ала бата ж.б.) жана ачкалыкка, суусуз жашоого чыдамдуулугунан, бирин-экиндеп айылдын айланасында өз жанын өзү багып жүрө берген. Аны атайын баккан, кайтарган да киши болбогон.

Ферганалык кыргыздарда мингич жана ылоо катары эшектерди жана качырларды кармашкан. Булар жарым көчмөн жана отурукташкан калктын арасында кеңири тарашкан. Пишпек жана Пржевальск уездеринде кылымдын ортосунда бир нече ондогон эшектер болсо, кийин жок болуп кеткен. Орустар жана немистер чочко багуучулукту уюштурушкан.

Мына ошентип мал чарбасы XIX кылымда жергиликтүү элдин негизги кесиби болгон, аны менен калктын 85-90 пайызы алектенишкен жана товардык

мамилелер менен муктаждыктарын чечишкен. Акырындан мал чарбасы, орус капитализминин таасири астында, акча-товар мамилелерине өтө баштаган.[131]

Мисалы, Каракол шаарында, өзгөчө кыш мезгилинде жылкы багып жүргөн шаардыктардын айрымдары, талаа жумуштарынан бош убактыларында Кыргызстандын башка шаарларына жана андан тышкары жерлерге жүргүнчүлөрдү жана айыл чарба азык-түлүктөрүн ташып, кайра кайтып келе жатканда жергиликтү соодагерлер сатып алган товарларды жеткирип турушкан.

Пишпектиктердин чарбасында малчылык негизги орунду албаса да, кошумча каражат булагы катары эсептелинген. Мал чарбасы эт, сүт жана башка өндүрүмдөр менен камсыз кылуу менен бирге, жүк ташуучу күч катары колдонулган.

Малдын тукумун жакшыртуу аракети айрым шаардыктар, анын ичинде ошол эле А.М. Фетисов тарабынан жасалган. 1890-жылы Ташкентте өткөн Түркстан көргөзмөсүндө, Таластан келген немец улутундагы фермерлерден, орус тукуму менен аргындаштырылган голландиялык тукумдагы букаларды сатып алып, кыргыз Ала-Тоосунун этегиндеги жайгашкан фермасында кыргыз бодо малы менен, ошондой эле орус койлорун жергиликтүү койлор менен аргындаштырып, жакшы жыйынтыктарга жеткен. [132]

Пишпекте малдын саны боюнча биринчи жана экинчи орунду жылкы жана бодо мал, үчүнчү орунду койлор (эчкилер менен бирге), төртүнчү орунду чочко, бешинчи орунду эшек жана качыр, алтынчыны төөлөр түзгөн. 1882-1895-жылдардагы малдын бардык түрлөрүнүн жалпы саны жылына 1,5-2 миңден ашкан эмес. [133]

XIX кылымдын аягынан баштап Пишпекте айдоо чарбасы, эпизоотиядан жапа чеккен мал чарбачылыгына салыштырмалуу алдыда болгон. 1900-жылы 8 130 кишини түзгөн шаар тургунуна 5 760 баш мал, 1902-жылы 9 656 шаар тургунуна 7 682 баш мал туура келген. [134]

---

[131] Аттокуров С. 245-256 б.
[132] ЦГА РК.Ф.44.Оп.1.Д.21416.Л.5; 12-13; 16; 19-20; 122.
[133] Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980, с.45
[134] Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980, с.84

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдын 90-жылдарынын аягында мал арасында эпизоотия пайда болгонго чейин шаар тургундары короодо багылуучу бодо мал багышкан. Бай тургундарга таандык мал саны элүүгө чейин жеткен учурлар болгон. Шаарларда чарбакерлер кыргыз уйларын Европадан жана Россиядан алынып келинген уйлар менен аргындаштыруу аркылуу мал чарба өндүрүмдөрүнүн сапатын жогорулатуу аракетин жүргүзүшкөн.

### 3.1.2. Шаардык бюджет жана киреше маселеси

Түркстан крайы бири-бирине окшобогон административдик системанын негизинде иш алып барган субъектерден түзүлгөндүгүнөн улам, шаар башкарууда бирдиктүү стандарттын болбогондугу жогоруда айтылган. Жети-Суу облусунда 1892-жылы Шаардык жобо кабыл алынып, облус борбору Верный шаарында толук ишке киргизилсе, уезддик борборлордо 1985-жылы кабыл алынган жобонун 22-беренесине ылайык жеңилдетилген варианты киргизилгендиги тууралуу жогоруда айтылып кеткен. Бирок ошол эле учурда, Шаардык жобонун негизинде иш алып барган Пишпек жана Пржевальск шаарларынын бюджеттик сметалары бир стандарттын негизинде түзүлгөнү менен, бир аз кемчтиликтери дагы байкалган. Ал эми Фергана облусунда көпкө чейин төрт убактылуу жобонун негиздеринде иш жүргүзүлгөнү менен, алардын эч бири расмий түрдө бекитилген эмес. 1886-жылы гана бирдиктүү Жобо кабыл алынып, бирок шаар башкаруусунун мыйзамдык негиздери такталган эмес.[135] Ошондуктан, уезддик шаарлардын киреше булактары жана чыгымдарын анализдөөдө, тактыгы менен белгилүү ревизия маалыматтарынын негизинде жазылган К.К. Палендин “Городское управление” аттуу эмгегине кайрылууну чечтик.

Уезд башчысы жана ошол эле учурда шаар башчысынын кызматтык милдеттерин жүргүзгөн башчы, шаардын чарбалык секторуна да жооптуу болгон, бул кызматы үчүн шаардык бюджеттен жылына эмгек акысына кошумча катары 500 руб. бөлүштүрүлгөн. Иш жүгүнүн көлөмүнө дал келбеген эмгек маянасы уезд башчыларынын көпчүлүк учурда көңүлсүз, демилгесиз, күнүмдүк иштерди маселе жаратпашы үчүн гана аткаруу менен, кызматтык ыйгарым укуктардан аша чабуу фактыларына алып келген.

---

[135] Пален К.К. Городское управление.- СПб., 1910. . С.386; Шушкова М.Е. Реформа управления Туркестанским краем в начале XX в.: разногласия между С.Петербургом и Ташкентом // Новый исторический вестник, 2012, с. 7

Уезд жана шаар канцеляриясынын иш кагаздарын жүргүзүү үчүн шаардын чоңдугуна жана иш көлөмүнө жараша жыл сайын каражат бөлүнгөн. Мисалы, Ош шаарына жылына 300 руб. бөлүнгөн, бул өз учурунда Фергана облусу боюнча эң төмөн көрсөткүч болгон[136]. Каражаттын жетишсиздиги жана кесепеттери тууралуу жогорку жактагы башчылардын кабары болгон, бирок бөлүнгөн каражат тескеринче жыл сайын азайган. Ушул себептен улам уезд жана шаар администрациясынын анык ишмердиги боюнча маалымат бере турган иш кагаздардын аздыгы жана так эместиги мыйзам ченемдүү болгон.

Жыл сайын, Ош шаарынын администрациясы тарабынан киреше менен чыгашалары жана учурдагы бюджеттик каражаттардын колдонушу туурасындагы отчеттор кошумча берилген, пландалган шаар керектөөлөрү үчүн смета сунушу, облус башчыларынын катышуусунда губернатор тарабынан текшерилген соң, Россиянын Ички иштер министрлигине жөнөтүлгөн. Министрлик сметаларды кабыл алып же өзгөртүү киргизилишин туура көргөн учурда, оңдоо үчүн артка кайтарганга укуктуу болгон. Мисалы, курулуш иштери боюнча сметалар, техникалык иштердин бардык документациясы менен бирге генерал-губернатордун алдында түзүлгөн эксперттерге сунулуп, туура деп табылган учурда генерал-губернатордун тастыктоосуна жиберилген. Жогоруда көрсөтүлгөн этаптардын баарынан өтүп туруп гана курулуш иштерин баштоо мүмкүн эле. Бул өз учурунда жалпы Түркстан башкаруусунда, өзгөчө кызматтык милдеттерди бөлүштүрүүдө жана иш кагаздарды жүргүзө турган кадр даярдоодо көптөгөн кемчиликтердин болгондугун көрсөтөт.

Кемчиликтер К.К. Палендин ревизиясынын натыйжасында да кездешет. Фергана облусунун шаарларында, алардын ичинде Ош шаарында, шайлоо процессинде жүргөн кээ бир мыйзамсыз жагдайлар аныкталган. Түркстанда шайлоо укуктарын колдонуу үчүн, жарандардын кыймылсыз мүлктүн ээси болуусу шарт эле. Бирок, 1905-жылы Ош уезд жана ошол эле учурда шаар башчысынын сунушу менен, кыймылсыз мүлкү болбосо дагы, мамлекеттик кызматта эмгектенгендер үчүн шайлоо укугу таанылып, 41 талапкер катталган.[137]

[136] Ошол эле жерде. С. 141
[137] Пален К.К. Городское управление.- СПб., 1910. . С.133-134

Эл өкүлдөрүнүн уездке байланыштуу иш сапарларына жылдык 300-720 руб. бөлүнгөнү менен жетишсиз болгон. К.К. Палендин отчетуна ылайык, бул жетишсиз каражатты көбөйтүү маселеси каралганы менен чечилген эмес. Ошондой эле, депутаттардын үстүңкү макамдан түшкөн буйруктарды аткаруудагы кызматтык милдеттери аныкталбагандыгы, аларды эрксиз администрация кызматчысына айландырган. Ушул себептерден улам көпчүлүк шайлоого катышууга умтулган эмес.

К.К. Палендин маалыматтарына ылайык, Фергана облусунун шаарларында, эл өкүлдөрүнүн уездге байланыштуу иш сапарларына жылдык 300-720 руб. бөлүнгөнү менен, бул каражат жетишсиз болгон. Иш сапарларына каражатты көбөйтүү маселеси каралганы менен, чечилген эмес. Ошондой эле, депутаттардын үстүңкү макамдан түшкөн буйруктарды аткаруудагы кызматтык милдеттеринин аныкталбагандыгы, аларды эрксиз администрация кызматчысына айландырган. Ушул себептерден улам шайланууга укугу барлардын көпчүлүгү шайлоого катышууга умтулган эмес.

Уезд башчысы жана ошол эле учурда шаар башчысынын кызматтык милдеттерин жүргүзгөн башчы, шаардын чарбалык секторуна да жоопту болгон, бул кызматы үчүн шаардык бюджеттен жылына эмгек акысына кошумча катары 500 руб. бөлүштүрүлчү. Иш жүгүнүн көлөмүнө дал келбеген эмгек маянасы, уезд башчыларынын көпчүлүк учурда көңүлсүз, демилгесиз, күнүмдүк иштерди маселе жаратпашы үчүн гана аткаруу менен, кызматтык ыйгарым укуктардан аша чабуу фактыларына алып келген.

Уезд жана шаар канцеляриясынын иш кагаздарын жүргүзүү үчүн шаардын чоңдугуна жана иш көлөмүнө жараша жыл сайын каражат бөлүнгөн. Мисалы, Ош шаарына жылына 300 руб. бөлүнгөн, бул өз учурунда Фергана облусу боюнча эң төмөн көрсөткүч болгон[138]. Каражаттын жетишсиздиги жана кесепеттери тууралуу жогорку жактагы башчылардын кабары болгон, бирок бөлүнгөн каражат тескеринче жыл сайын азайгандан азайган. Ушул себептен улам уезд жана шаар администрациясынын анык ишмердиги боюнча маалымат бере турган иш кагаздардын аздыгы жана так эместиги мыйзам ченемдүү болгон. Жыл сайын Ош шаарынын администрациясы тарабынан киреше менен чыгашалары жана

[138] Пален К.К. Городское управление.- СПб., 1910. С.141

учурдагы бюджеттик каражаттардын колдонушу туурасындагы отчеттор кошумча тиркелип, пландалган шаар керектөөлөрү үчүн смета сунушталып, облус башчыларынын катышуусунда губернатор тарабынан текшерилип, андан соң Россиянын Ички иштер министрлигине жөнөтүлгөн. Министрлик сметаларды кабыл алып же өзгөртүү киргизилишин туура көргөн учурда, оңдоо үчүн артка кайтарганга укуктуу болгон. Мисалы, 300 руб. ашкан курулуш иштери боюнча сметалар, техникалык иштердин бардык документациясы генерал-губернатордун алдында түзүлгөн эксперттерге сунулуп, туура деп табылган учурда генерал-губернатордун тастыктоосуна жиберилген. Демек, курулуш иштерин баштоо жогоруда көрсөтүлгөн этаптардын баарынан өтмөйүн мүмкүн эмес эле. Бул өз учурунда жалпы Түркстан башкаруусунда, өзгөчө кызматтык милдеттерди бөлүштүрүүдө жана иш кагаздарды жүргүзө турган кадр даярдоодо көптөгөн кемчиликтердин болгондугун көрсөтөт.

Ош шаарынын тышкы дотацияга көз каранды абалы, кирешеси чыгымдардын ордун толуктай албагандыгы белгилүү (3.1-таблица) болуп, киреше менен чыгымдарды оптималдаштыра албаган шаар администрациянын, смета түзүүдө дагы бир топ кемчиликтери байкалган.

**Ош шаарынын киреше жана чыгаша көлөмдөрү**

| Жыл | Киреше, руб. | Чыгым, рубл. |
|---|---|---|
| 1887 | 12003,25 | 10232,24 |
| 1897 | 27987,46 | 29085,86 |
| 1907 | 31605,47 | 42608,27 |

Фергана облусунун шаарларында смета түзүү тартибиндеги кызыктуу өзгөчөлүк катары, жогору жактан сүйлөшүлүп, уруксат алына элек шаар чыгымдарын алдын-ала сметага кошуусун айтууга болот. Мисалы, Ош шаарынын 1908-жылкы алдын ала чыгымдар тизмеси төмөндөгүдөй берилген (3.2-таблица):

**Ош шаарынын 1908-жылы үчүн алдын-ала чыгымдарынын тизмеси**

| Чыгымдын ачыктамасы | Талап кылынган каражат, рубл. |
|---|---|
| Шаардын мал союлуучу жайынын курулушу | 8519,56 |
| Мал союлуучу жайдын алдындагы ичеги-карын тазалоочу жайдын курулушу | 500 |
| Бетон көпүрөнүн курулушу | 104,29 |
| Шаардын бакчасында чарпаянын курулушу | 522,98 |
| Эки көчөгө майда таш төшөө | 1555,99 |
| Тротуарларга майда таш төшөө | 274,62 |

Каражаттардын бөлүштүрүлүшүнө уруксат алына элек чыгымдарды сметага кошуу туура эмес болгон, уруксат берилбей калган учурда сметанын теңдемин бузган жана болжолдогон иш аткарылбай калган. К.К. Палендин отчетуна ылайык, облустар тарабынан сунушталып, генерал-губернатор тарабынан бекитилген киреше жана чыгымдар тизмесин “смета” деп атоого мүмкүн эмес болгон, анткени чыгымдар кирешелерге дал келүүсү шарт эле. К.К. Палендин отчетунда, аргасыздыктан, муктаждыктан жана амалсыздыктан, шаарлардан алынган маалыматтардын негизинде, мүмкүн болушунча, киреше жана чыгашаларды параграфтарга бөлүштүрүп, Ош шаарынын бюджеттик сметасын түзүү аракети жасалганы айтылат (3.3-таблица):

**Ош шаарынын бюджети**

| Киреше | |
|---|---|
| **Түрү** | **Көлөмү, рубл.** |
| Кыймылсыз мүлктөрдөн жыйым | 9188 |
| Соода жана өнөр-жай салыгы | 5202,17 |
| Ар түрдүү пошлиналар | 191,49 |
| Ижарага берилген шаардык мүлк салыгы | 10469,90 |
| Шаардык ишканалардын салыгы | 2706 |
| Шаардын жөлөкпулу жана чыгымдардын кайтарылышы | 1848,24 |
| Ар түрдүү киреше булактары | 1457,95 |
| **Жалпы** | **31363,75** |
| **Чыгымдар** | |
| Шаардын администрациясы | 2105 |
| Түрмөлөрдө жарык жана жылытуу системасы | 1173,56 |
| Шаардык полиция | 12260 |
| Шаардын өрт коопсуздук командалары | - |
| Шаардын жакшыртылышы | 5324,90 |
| Шаардын имараттарын кармоо | - |
| Элге билим берүү | 970 |
| Коомдук камсыздоо (жетим-жесир, бей-бечаралар) | 380 |
| Медициналык, ветеринардык жана санитардык бөлүк | 10587,83 |
| Салыктардын төлөнүшү | 65,92 |
| Шаарга тийиштүү кыймылсыз мүлктү кармоо | 11048,89 |
| Карыздардын кайтарылышы | - |
| Ар кандай | 558,47 |
| **Жалпы** | **44474,69** |

Таблицада берилген маалыматтын негизинде, шаардын кирешеси чыгымдарды камсыздай албаганы анык көрүнүп турат. Ижарага берилген шаардын кыймылсыз мүлкү, кирешенин эң чоң статьясын түзгөндүгү, шаарда өнөр-жайдын жана соода-сатыктын жакшы өнүкпөгөнү тууралуу кабар берет. Ар түрдүү пошлиналардын, соода-сатык жана өнөр-жай салыктарынын көлөмү, Ош сыяктуу чоң соода борбору үчүн өтө аз көрсөткүч. Демек, Ош шаарында коррупциялык схемаларынын тамыр жайганы тууралуу божомолго түрткү берет.

Шаардын ижарага берилген кыймылсыз мүлк салыгы – “подомный налог”, бул үйлөргө төлөнгөн салык. Ош шаары, алдыдагы бөлүмдөрдө белгиленгендей, туземдик (жергиликтүү) жана россиялык бөлүктөрдөн турган. Туземдик бөлүктө, шаар администрациясы тарабынан ар бир районго жалпы төлөнө турчу салык көлөмү белгиленген. Шаардын кыймылсыз мүлкүн кармоого суралган каражаттар дагы өзүн актаган эмес, анткени алардын ижарасынан түшкөн каражат чыгымга салыштырмалуу төмөн болгон. Үй ээлери жана шаар администрациясы тарабынан

дайындалган аксакалдардын катышуусундагы жыйында салыктар тең бөлүштүрүлгөн. Төлөмдөр накталай жыйналып, квитанциясы жергиликтүү элдин тилинде жазылып берилген. Кийинчерээк, атайын баалоо комиссиясы тарабынан үймө-үй кыдырылып, салык көлөмү мүлктүн баалуулугуна карата эсептелинип чыккан. Ош шаарында үч комиссия иш жүргүзүп, отчет тапшыраарда өтө түйшүктүү иш аткаргандыктары үчүн, шаардык бюджеттен кошумча төлөмдөрдүн берилишин өтүнгөн.

Ал эми шаардык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнө көңүл бурганда, эң көп медициналык, ветеринардык жана санитардык тармакка каражат бөлүнгөнүн көрсөк болот. Мындай чоң каражат жөн жерден эле бөлүнбөсө керек. Демек, талкууланууда гы смета түзүлгөн жылдары Ош шаарында кандайдыр бир оорунун күчөшү, эпидемиянын жүрүшү байкалган же божомолдонгон болушу керек жана болгон абалдан чыгуу же божомолдонуучу муктаждыкты каржылоо максатында чоң суммадагы каражат сметадан орун алган.

Ош уездинин калкы эпидемиялык оорулардан, өзгөчө холерадан көп жабыркап, падышалык бийлик бул ооруларга каршы күрөшүүгө аракет кылышкан. 1908-жылдын 2-октябрында Фергана облусунун аскер губернатору Ош уездинин башчысына шаардык бюджеттен 2000 рубль сарптоого уруксат берген оорукананын курулушу үчүн күтүлгөн талаптарды белгилеп, эпидемия чыккан учурда гана эмес, жай учурларда дагы калкка кызмат кылууга тийиш экендигин белгилеген.[139]

Айта кетүүчү жагдай, Россиянын көпчүлүк аймактарындай жана Европанын кээ бир өлкөлөрүндөй эле 1879-жылы жалпы Түркстан аймагында бодонун көк көйнөгү (*чума*) чыгып, бат эле тараган дагы, жергиликтүү мал чарбачылыгына чоң зыян алып келген. Бодонун көк көйнөгүнүн Россиянын европалык бөлүгүнө таралыш коркунучу жаралып, соода-сатыктын өнүгүшүнө дагы тоскоол болуу коркунучу пайда болгон. 1889-жылы Жети-Суу облусунун Пржевальский (*Каракол*) жана Пишпек уездерине көк көйнөккө каршы иш-чараларды жүргүзүү үчүн Россиянын ар кайсыл шаарларынан ветеринардык адистер жиберилген. Ал учурда бодонун көк көйнөгү менен күрөшүүнүн негизги ыкмасы болуп, ылаңдуу жана ылаңга шектүү бодо малды союу эле, бирок бул ыкма мал ээлерин, өзгөчө

[139] ЦГА КР, Ф.2, Оп.1, д.45. л. 1

көчүп келген орустарды канааттандырган эмес. Ошондуктан 1901-жылдагы орус өкмөтүнүн мыйзамы менен көк көйнөккө тиешелүү болуп союлган бодого акчалай компенсация төлөнгөн. Бирок бул ыкма өкмөткө өтө эле кымбатка тургандыктан, өзүн актабай калган. Мына ушундай шарттарда, Россия падышалык өкмөтү, ветеринардык кызматынын сунушу менен, Түркстанда көк көйнөктү жоготуу боюнча бир топ практикалык тез чараларды кабыл алып, каражат бөлүп, ветеринардык адистерди жөнөткөнү аргасыздыктан келип чыккан.[140]

Коомдук керектөөлөргө суралган каражаттарга көз салсак, жетим-жесирлеге жана элге билим берүүгө бөлүнгөн акча өтө аз болгон, ал эми түрмөнүн жарыктык жана жылытуу системасына салыштырмалуу көбүрөөк акча бөлүү талап кылынган. Андыктан, түрмөлөрдү ревизиялаган К.К. Палендин отчетунда, эч кандай жакшыруу байкалбаганын, камактагылар чыдагыс шарттарда кармалгандыгы айтылат.

Төмөндө келтирилген макала алгач 1889-жылы облустук гезитте жарыяланып, кийин орустардын мезгилдүү басма сөз кызматында кайрадан басылып чыгып, шаар тууралуу баалуу маалыматтарды өзүнө камтыйт: *"Пржевальск 20 жылдын ичинде кыйла өсүп, азыркы учурда 5 миңге жакын калкы бар, алардын жарымы орус, ал эми калган жарымы сарттар, жергиликтүү эл жана Кашгардан келгендер. Шаарда: 5-Батыш Сибирь линиялык батальону, тоолуу артиллериялык бөлүк жана жергиликтүү команда жайгашкан, эркек балдар үчүн окуу жай, кыздар үчүн мектеп, кыргыздар үчүн айыл чарба окуу жайы жана Николай Михайлович Пржевальский атындагы окуу залы ачылган. Пржевальск шаарында уезддик администрациядан тышкары, казына жана почта бар, тилекке каршы, империянын жалпы тармагы менен телеграф аркылуу кошулган эмес, билдирмелер Пишпектен почта аркылуу жеткирилет. Пржевальск Каракол дарыясынын оң жээгиндеги абдан кооз жерде жайгашкан. Шаардын көпчүлүк бөлүгүндө жайгашкан тыкан ак сокмо үйлөр, пирамида сымал, күмүш түстөгү теректер менен мажүрүм талдардын жашыл багына көмүлгөн. Көчөлөрү иштелбеген, бирок көбүнчө кургак, алардын көбү суу арыктары тартылган бульварларга айланган. Быйылкы жылдан баштап шаар*

[140] Түлөбаев А.З. Ветеринария тарыхы. Лекциялар жыйнагы. – Б.: 2022. – 57-58 б.

*көчөлөрү керосин менен жарыктандырылды. Орус кварталынын борбору таш тосмо менен курчалган православ чиркөөсү; чиркөөнүн жанында базар аянты бар, ал жерде күн сайын кызуу соода жүрүп, айланасында атчан кыргыздар көп чогулушат. Шаарга сатуу үчүн айдалып келинген жылкы, бодо мал, кой, кээде төөлөр үчүн дарыянын жээгинде атайын аянтча бөлүнгөн. Орус шаары, чыгышка мүнөздүү, чатыры жапыз, шыбак үйлөрдөн турган мусулман кварталы менен курчалган. Пишпектен Пржевальскиге каттаган почта жолу Ысык-Көлгө жакын өтөт, жүргүнчүлөр кооз эстеликти көрүшөт. Акыркы кезде Пржевальск шаарында жана жалпы уездде, билимдүү катмар, дыйкандар да, ал турсун кыргыздар да алектенген бал чарбасы күчтүү өнүгүүдө*[141]. Албетте, мындай макалалардын авторлору шаардын турмушундагы көмүскө жактарды “байкашкан эмес”. Ал эми ошол эле учурда шаарда мыйзам бузуучулар үчүн атайын имарат болбогондуктан улам, камалгандар жана которула турган транзит- камалгандар Пржевальск гарнизонунун гауптвахтасында кармалган. Туткундардын саны 1894-жылы 432 адамды түзүп, падышачылыктын аймактагы колониалдык режими күчөгөн сайын өскөн. Туткундар, күнүмдүк акысы 10-15 тыйынды түзгөн шаарды көрктөндүрүү, сугаруу жана бак кыюу иштерине мажбур түрдө тартылган.[142]

Дагы бир мисал катары, кабыл алынып, каражат бөлүнгөн чыгымдарга көз жүгүртсөк: 1900-жылы чиркөө алдындагы мектеп үчүн үй салуу максатында карызга 1066,50 руб. берилген, кийин окуу жайлар инспектору, аскер губернаторунан карыздын кечирилишин суранган, аскер губернатору бул сунушту колдогон эмес. 1907-жылы соттук-медициналык иштер боюнча иш сапарлар үчүн 425 руб. 40 коп., 1909-жылы ушундай эле максатта 150 руб. бөлүнгөн. 1908-1909-жж. Оштун түрмөсүндөгү камактагылардын керектөөлөрү үчүн 1747 руб. 24 коп. бөлүнгөн.

Ош шаарынын 1909-жылга карата капиталы 42565,31 руб. түзгөн, анын ичинде 3689,14 руб. карыз түрүндө болгон. Акчалай жана баалуу кагаздарда сакталган капитал тууралуу маалымат жок.

---

[141] Русский инвалид. 1889. №59, ЦГА Республики Казахстан. Ф. И-44, оп.1, д.646, л.46

[142] ЦГИА РФ. Ф.1263, оп.1, д.4603, л.51.

К.К. Палендин "Шаардык башкаруу" тууралуу отчетунда берилген Жети-Суу облусунун шаарларынын 1905-1908-жылдарга тийиштүү сметаларына көз жүгүртүп көрөлү (3.4-таблица):

**3.4. Жети-Суу облусунун шаарларынын 1905-1908-жылдардагы бюджети, рубл.**

| Жыл | Киреше | | Чыгымдар | |
|---|---|---|---|---|
| | Пландалган | Түшкөн | Пландалган | Коротулган |
| **Пржевальск боюнча:** | | | | |
| 1905 | 24850 | 33344,57 | 24377,63 | 28300,3 |
| 1906 | 32559 | 38454,38 | 32559 | 35153,76 |
| 1907 | 36585 | - | 36580 | - |
| 1908 | 45501 | - | 45500 | - |
| **Пишпек боюнча:** | | | | |
| 1905 | 40417,90 | 47110,45 | 39860,87 | 45635,4 |
| 1906 | 35957,57 | 45834,16 | 35334,66 | 42984,16 |
| 1907 | 43528,99 | 60806,16 | 41379,99 | 60552,92 |
| 1908 | 50844,62 | - | 50844,62 | - |

Таблицада берилген маалыматтын негизинде, шаарлардын кирешеси чыгымдарды толук камсыздай алгандыгы анык көрүнүп турат. Жогоруда көрсөтүлгөн Ош шаарына салыштырмалуу, бюджеттик смета түзүдөө алдын-ала анализдөө жана пландоо иштери жүргүзүлгөнү байкалат. Бул өз учурунда, "Шаардык жобонун" ишке ашкандыгы менен түшүндүрүлөт. Ал эми, төмөндөгү таблицада берилген 1908-жылга карата Пишпек жана Пржевальск шаарларынын киреше жана чыгымдардын ачыктамасына анализ жасап көрөлү (3.5-таблица):

**3.5. Пишпек жана Пржевальск шаарларынын киреше жана чыгымдардын ачыктамасы, 1908-ж., рубл.**

| Ачыктама | Пишпек | Пржевальск |
|---|---|---|
| **Киреше** | | |
| 1. Кыймылсыз мүлктөрдөн жыйым | 560,80 | 2500 |
| 2. Соода жана өнөр-жай жыйымы: | | |
| 2.1. Көпөс гилдияларынан | 210 | 700 |
| 2.2. Майда соода жана өнөр жайлардан | 320 | |
| 2.3. Алкоголь ичимдиктерин өндүргөн жана сатуусун ишке ашырган ишканалардан | 620 | 430 |
| 2.4. Трактирлерден | 402 | 450 |
| 2.5. Кирекечтиктен | 60 | 180 |
| 3. Экипаждарда колдонулган ат жана иттерден жыйым | - | 100 |
| 4. Нотариалдык кызматтардын жыйымы | 500 | 520 |
| 5. Ижарага берилген шаардын кыймылсыз мүлк жыйымы: | | |
| 5.1. Жер тилкелерден | 2506,7 | 14380 |
| 5.2. Шаардык мекемелерден | 16000 | 14495 |
| 5.3. Ар түрдү мүлктөрдөн | 18350,10 | 8906 |
| 5.4. Шаардын запас капиталынан түшкөн пайыз | 965,65 | 100 |
| 5.5. Баалуу кагаздардан түшкөн пайыз | 25 | 30 |
| 6. Шаардык ишканалардан:<br>Кушканадан | 1900 | 2250 |
| 7. Шаарга бөлүнгөн жөлөкпул жана чыгымдардын кайтарылышы: | | |
| 7.1. Үй ээлеринен жыйнала турган кыймылсыз мүлк карыздары | 100 | 200 |
| 7.2. Ак-Суу минералдык сууларынын кармоосуна жөлөкпул | - | 200 |
| 7.3. Православ диндеги шаардыктардан жыйнала турган чиркөө жыйымы | 560 | - |
| 7.4. Соода жана өнөр жай ишканаларын иштетүү үчүн уруксат алуудагы ыктыярдуу салык (Салык акысынын 10% элге билим берүүгө жумшалган) | 400 | |
| 8. Ар кандай киреше булактар: | | |
| 8.1. Штраф, пеня, өндүрүп алуулар | 100 | 10 |
| 8.2. Шаарга таандык мүлктүн сатылышы | 60 | 130 |
| 8.3. Кайрымдуулук | 200 | |
| **Жалпы** | **43840,25** | **45581** |
| **Чыгымдар** | | |
| 1. Облус өкүлүнүн кызматтык чыгымдары | 567 | 465 |
| 2. Шаардык администрациясынын жана жетимдер сотунун чыгымдары: | | |
| 2.1. Администрация кызматкерлеринин кызматтык акылары | 1420 | 2160 |
| 2.2. Канцеляриянын чыгымдары | 2560 | 1299 |
| 2.3. Шаар архитекторунун ж.б. техникалык кызматкерлердин кызматтык акылары | 920 | 600 |
| 2.4. Соода депутациясынын жана соода полициясынын кызматтык акылары | - | 530 |
| 2.5. Пенсия, жөлөкпул ж.б. | | 60 |
| 2.6. Коомдук башкармалыктардын жайгашкан имараттарынын ижарасы жана кармоо чыгымдары | 650 | 2011 |

| | | |
|---|---|---|
| 2.7. Жетимдер сотунун чыгымдары | 300 | 300 |
| 3. Жогорку рангдагы аскер кызматкерлеринин кире чыгымдары | 250 | 180 |
| 4. Шаардык полициянын чыгымдары: | | |
| 4.1. Полиция кызматкерлеринин кызматтык акылары | 2600 | 3392 |
| 4.2. Жогорку чиндеги полиция кызматкерлеринин кире чыгымдары | - | 240 |
| 4.3. Полициянын провиант, амуниция ж.б. керектөөлөрү | 350 | 325 |
| 4.4. Полициянын камоого алуу имараттарынын ижарасы жана кармоо чыгымдары | 120 | 150 |
| 4.5. Жогорку чиндеги полиция кызматкерлеринин иш сапарлар чыгымдары | 60 | 60 |
| 4.6. Төмөнкү чиндеги полиция кызматкерлеринин медициналык чыгымдары | - | 10 |
| 5. Өрт коопсуздугу кызматынын чыгымдары: | | |
| 5.1. Кызматкерлердин кызматтык акылары | - | 84 |
| 5.2. Керектөөлөр | 894 | 50 |
| 5.3. Оңдоо иштери | 650 | 30 |
| 6. Шаардын жасалгалоо чыгымдарды: | | |
| 6.1. Өтмөк, тротуарларды кармоо | - | 450 |
| 6.2. Бульвар жана коомдук бактарды кармоо | 300 | 1096 |
| 6.3. Өтмөктөрдү оңдоо иштери | 1300 | 1000 |
| 6.4. Көлмө, кудук, суу каналдарын жана түтүктөрүн кармоо | 800 | 600 |
| 6.5. Жарыктандыруу иштери | 4060 | 2350 |
| 6.6. Шаардын майда жасалгалоо чыгымдарды | 150 | 30 |
| 7. Кушкана чыгымдары | 242 | 500 |
| 8. Билим берүү чыгымдары: | | |
| 8.1. Мектептерге | 2379 | 4940 |
| 8.2. Чиркөө мектептерине жөлөкпул | 120 | - |
| 8.3. Мамлекеттик мектептерге | 3260 | 300 |
| 8.4. Окуу материалдарына жөлөкпул | - | 50 |
| 8.5. Окутуучу жана окуучуларга жөлөкпул жана сыйлык | - | 675 |
| 8.6. Жаңы билим берүү имараттарынын курулушуна | 200 | 3000 |
| 8.7. Сабатсыздыкты шаардыктардын арасында жоюу иштери | - | 500 |
| 9. Кайрымдуулук: | | |
| 9.1. Жетим үйлөрүнө | 100 | - |
| 9.2. Мамлекеттик эмес кайрымдуулук коомдоруна жөлөкпул | 275 | |
| 9.3. Кедейлердин баш калкалаар жерлерин кармоо | 100 | 350 |
| 10. Медициналык, ветеринардык жана санитардык чыгымдар: | | |
| 10.1. Медициналык кызматкерлердин кызматтык акылары | 360 | 1265 |
| 10.2. Шаардык медициналык мекемелерди кармоо | 4725 | 2660 |
| 10.3. Санитардык абалды жакшыртууга бөлүнгөн каражат | 434 | 290 |
| 10.4. Атайын таштандылар жерин уюштуруу | - | 30 |
| 10.5. Эпидемиялык ооруларды алдын алуу | 150 | - |
| 10.6. Ээси жок иттерди атуу | 50 | 150 |

| | | |
|---|---|---|
| 10.7. Жаңы медициналык имараттарынын курулушуна | - | 35 |
| 11. Салык: | | |
| 11.1. Шаарга таандык кыймылсыз мүлктөн чогултулган мамлекеттик салык | 428,60 | 350 |
| 11.2. Шаарга таандык мүлктөн чогултулган мамлекеттик салык | 150,1 | 150 |
| 12. Шаарга таандык кыймылсыз мүлктү кармоо: | | |
| 12.1. Шаардык мекеме жана эстеликтерди кармоо | - | 15 |
| 12.2. Жаңы имараттарды куруу же сатып алуу | 14280,1 | 8850 |
| 12.3. Шаарга таандык мүлктү кармоо | 1458 | 3300 |
| 13. Карыздар | 700 | 300 |
| 14. Капиталды толуктоо | 1500 | 100 |
| 15. Ар кандай чыгымдар: | | |
| 15.1. Салык комиссиясы | - | 300 |
| 15.2. Сот иштерин жүргүзүү | | 200 |
| 15.3. Чиркөө чыгымдары | 1400 | |
| 15.4. Көрүстөн күзөтчүсүнүн акысы | - | 158 |
| 15.5. Ар түрдүү майда чыгымдар | - | 80 |
| 15.6. Кошумча комиссияда иш алып барган депутаттын кызматтык акысы | 36 | |
| 15.7. Аскер кызматына кабыл алынгандарга жөлөкпул | 90 | |
| **Жалпы** | **50382,8** | **46020** |

К.К. Палендин отчетуна негизинде, жалпы Жети-Суу шаарларынын ичинде Верный, Пишпек жана Пржевальск шаарларында эң көлөмдүү жана "активдүү" бюджеттик сметалар байкалат. Мисалы, шаарды жакшыртуу, билим берүү жана медициналык кызматтар параграфтарына көз жүгүртсөк, Пишпек жана Пржевальск шаарларында башка шаарларга салыштырмалуу көлөмдүү каражаттар бөлүнгөн. Мындай көрүнүш, аталган шаарлардын жашоочуларынын негизги бөлүгүн орустар жана башка келгиндер түзгөндүгү менен байланыштуудай. Анткени, аларды аймакта кармап калуу үчүн бардык шарттарды түзүп, кызыктыруу аракеттеринин жүргүзүлүшү керек болгон. Бул аракеттер Россия империясынын колониялдык саясатынын бир багыты болгону азыр жашыруун деле эмес.

Ошондой эле бюджеттин көлөмдүү бөлүгү шаардык администрациясынын ишмердүүлүгүнө жумшалган, анын ичинде кызматтык акылар, имараттардын ижарасы жана канцеляриянынын керектөөлөрү.

Киреше көлөмүнө жана ар түрдүүлүгүнө көңүл бурсак, шаарга таандык мүлктөрдүн ижарасынан түшкөн каражаттар негизги киреше булагы катары

көрсөтүлгөн. Ижарадан түшкөн каражаттар имараттарды ондоо жана түзөө иштерин толук камсыздай алган.

Көпөс гилдияларынын ишмердигинен түшкөн каражаттар аз болсо да, шаар бюджетине жардамы тийген. Пишпек жана Пржевальск шаарларынын жашоочуларынын дээрлик көпчүлүгүн келгиндер түзүп, алар кредиттик бирликтердин колдоосу жана чет жактан келген киреше булактарынын жардамы менен өндүрүш ишканаларын негиздешип, шаарлардын индустриалдык жактан өнүгүүсүнө салым кошкон. Ошондой эле, Пишпек шаарынын көпөстөрү тарабынан соода жана өнөр жай ишканаларын иштетүү үчүн уруксат салык акысынын 10% *ыктыярдуу түрдө* элге билим берүүгө жыйналган.

Капитал тууралуу сөз кыла турган болсок, жалпы Түркстан шаарларында каражаттар накталай түрдө сакталган. Баалуу кагаздар тууралуу маалыматтар кездешпейт. Пржевальск шаарынын 1908-жылынын 1-январына карата запас капиталы 6565,71 руб. жана Н.М. Барсов атындагы атайын стипендиясы үчүн бөлүнгөн каражат 350 руб. түзгөн. Пишпек шаарынын 1908-жылынын 1-январына карата запас капиталы 25456 руб. түзгөн жана Пишпек шаарынын майда кредиттик бирлигине субсидия катары 6000 руб. каралган.

Жалпы жонунан, Пишпек жана Пржевальск шаарларынын бюджеттик сметаларынын кириш жана чыгымдар статьялары, бир аз кемчиликтери болгону менен 1892-жылы кабыл алынган “Шаардык жобонун” талаптарына ылайык параграфтарга бөлүштүрүлүп түзүлгөн.

## 3.2. Шаарлардын өнөр жайы жана транспортунун өнүгүшү

### 3.2.1. Өнөр жайынын калыптанышы

Жети-Суу облусунун аскер губернатору жана Ысык-Көл уезддик башчысынын отчетторунда XIX к. 70-90 жылдарынын арасында шаарда жеке, жалданма жумушчулары бар капиталисттик мүнөздөгү чакан өнөр-жай ишканалары пайда боло баштаганы айтылат. Отчеттор өнөр жайдын жалпы абалына мүнөздөмө берүүсү менен, тилекке каршы өнөр жай секторунун өзгөчөлүгү, өнүгүү динамикасы жана ошондой эле критерийлери туурасында жетишсиз маалымат берет. Мисалы, 1882-1885-жж. ишканалардын жалпы саны 12 болсо, 1894 жылы 25ке жеткен, устакана жана тегирмендер менен бирге эсептегенде 41 түзгөн. 1882-

1885 жылдар аралыгында жалпы 10 жумушчу эмгектенген 3 булгаары заводу көрсөтүлгөн. Алардын эң эскиси 1877-жылы көпөс А. Каримов тарабынан негизделген. 1894-жылы заводдордун саны 8ге жеткени менен, жумушчу саны азайган. 1882-1884-жылдарда май өндүргөн 6 завод, 1882-жылы самын өндүргөн 3 завод, 1885-жылы 1 завод, 1894-жылы 2 завод иш жүргүзгөн. Жогоруда айтылгандай эле, отчеттор толук маалымат берген эмес, ошондуктан алардын саны эмне себептен көбүйүп-азайганы белгисиз. 1884-жылы көпөс Торопкин тарабынан курулган пиво заводу Пржевальск шаарынын эң ири ишканалардын бири болуп саналган. Заводдо учурдагы заманбап жабдуулар орнотулуп, өндүрүштүн сапаты жакынкы райондорго салыштырмалуу кыйла жогору болгондугунан улам, пиво жакынкы конуштарга тездик менен тарап кетчү. Шаардын ишканаларында өндүрүлгөн азык-түлүк, кийим-кече айылдарга салыштырмалуу сапаты менен бир топ алдыда болгон.

Жеке чарбалардын, соода жана өнөр жай ишканаларынын пайда болушу, базар жана стационардык сооданын өнүгүшү менен салык аркылуу шаардын казынасында каражаттар топтолуп, кээ бир коомдук маселелерди чечүүгө, жашоо шарттарды жакшыртууга мүмкүнчүлүк пайда болгон. 80-90-жылдарда Каракол шаарынын бюджети, облустун борбору болгон Верный шаарынан бир аз артта болгон. 1883-жылы шаардык бюджеттин кирешеси 3 346 руб., ал эми чыгашасы 519 руб. түзгөн. 1885-жылы киреше – 4 195 руб., чыгаша – 4 336 руб. түзгөн. 1886-жылга карата шаардык бюджетте мурдагы жылдардан топтолуп, колдонулбаган каражаттын саны 16 304 руб. түзгөн. Мындай көрсөткүчтөр 90-жылдарга чейин уланып, уезд башчысынын милдеттериндеги кемчиликтерди көрсөтүп турат.

Пишпектин алгачкы өнөр жай ишканалары тууралуу маалымат алуу аракети жасалганда, бардык булактарда XIX кылымдын 70-80-жылдарынын башында «Токмок жана Ысык-Көл уезддеринде завод-фабрикалар жок» же «завод-фабрика сыяктуу мекемелер жок» деген пикирлерди кездештиребиз. Бирок, Пишпектин кызматында эски конструкциядагы 5 өзбек тегирмени жана шаардыктардын ун өндүргөн чакан комбинаттарынын болгондугу анык. Шаардын 1880-жылдагы киреше китебинде 1 тегирменден, кийинки жылы 2 тегирменден төлөмдөр чогултулган. Кийинки жазууларда соода мекемелеринен, жаңыдан курулган

тегирмендерден жана кол өнөрчүлүк устаканаларынан төлөмдөрдүн көбөйгөнү байкалат. XIX-кылымдын 80-жылдарынын ортолорунда Пишпек шаары жалпы уезд боюнча кол өнөрчүлүктүн борборуна айланып, анда майда кол өнөрчүлүк ишканалары: 1883-жылы тери иштетүү заводу жана 1885-жылы аймактагы алгачкы сыр жасоочу фабрика ачылган.[143] Сыр заводу ачылган жылы эле, тоодо жайгашкан сарайлары жер титирөөдөн жабыркап, өндүрүш күчү шаардагы бөлүгүнө жүктөлгөн.[144] Сыр өндүрүүнүн потенциалына карабастан, кыйроолорду оңдоо демилгеси  уезддик жетекчилер тарабынан көтөрүлгөн эмес. Кийин, А.М. Фетисовдун өлүмү менен пайдалуу өндүрүш көпкө чейин токтогон. Пишпектик көпөс Ш. Мамашевге тийиштүү тери иштетүүчү завод, шаардын жана уезддин экономикасында маанилүү орунду ээлеп, Октябрь революциясына чейинки Кыргызстандын чийки зат иштетүүчү өнөр жайынын негизги тармактарынын бирине айланган.

Жети-Суу облусуна тиешелүү маалыматтарда 1891-жылдан баштап Пишпектин өнөр жай ишканаларынын катарында пиво жана май өндүрүүчү заводдору; 1892-жылдан баштап пилорама, эки булгаары заводу, ошондой эле соодагер С. Кожановдун самын заводун куруу үчүн ижарага алган жер тилкеси жана 1893-жылы май өндүрүү жана булгаары иштетүү заводдору үчүн дыйкан Н. Чернецов менен В.Тезиковго ижарага берилген жер тилкеси тууралуу маалыматтар кездешет. XIX кылымдын 90-жылдарынын биринчи жарымында, шаарда 14 устакана (алардын 8и бай өзбектерге таандык), 2 жыгач устаканасы жана 1 дөңгөлөк устаканасы жана ошондой эле 28 күрүч иштетүүчү завод, 7 май жана 1 крахмал иштетүүчү заводдор, ошондой эле 5 нан бышыруучу завод кызмат көрсөткөн. Пишпектин ишканалары 1-2 кызматкери менен жылына бир нече ай гана иштетилген. Пишпектин ишканаларында негизинен жалгыз бой мигранттар иштеп, туруктуу жашай турчу жайы болбогондугунан, иштеген жериндеги жатаканаларда жашашкан. Эмгек акысы жылына 50-80 руб. аралыгындагы каражатты түзгөн. Өнөр-жай ишканалары, өндүрүмүнө суроо-талап болгон учурда

[143] ЦГА РК.Ф.44.Оп.1.Д.21416.Л.5; 12-13; 16; 19-20; 122.
[144] Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX в. – Ф.: 1987, с. 32

гана, убактылуу түрдө кошумча жумушчу күчүн жалдап, өндүрүш технологиясы боюнча эски устаканалар менен айырмасы болгон эмес.[145]

Алгач Пишпек шаарынын өнөр жай тармактарынын абалы Каракол, Ош сыяктуу шаарларына уттуруп, жадагалса Токмоктон да төмөн болгон. Бирок, XIX кылымдын 90-жылдарында Пишпекте өнөр жайы калыптанып, ар түрдү багытта өнүгүп, жакшы жыйынтыктарга жеткен. Өнөр жай тармактары катары айыл чарба чийки заттарын кайрадан иштетип чыккан ишканалар: күрүч, ун фабрикалары, тери иштетүүчү, самын, май жана шам өндүрүүчү, чийки заттан кирпич жана курулуш материалдарын чыгаруучу заводдору кызмат көрсөтүп, иш орундары менен камсыз кылган.

### 3.2.2. Транспорту жана байланыш түйүндөрү

Жол жана транспорт коомдун талабына жараша пайда болуп, анын ар бири тигил же бул экономикалык жана социалдык түзүлүштүн жемиши. Феодалдык-патриархалдык түзүлүштө тоо жакалай жашаган кыргыздар тигил же бул жакка баарууну жана жүк ташууну мал унааларынын жардамы менен жүргүзүшкөн. Колдогу мал буга болгон керектөөнү толук канааттандырган.

Ал эми унаа транспортунун талабына кара жана чыйыр жолдор дал келген. Ошондуктан жүргүнчүнү жана жүк ташууну кылымдар бою камсыз кылган кербен (караван) жолун, ашуулар аркылуу өткөн жалгыз аяк жолдорду байланыш каражаты катары санабоо туура эмес. Алар өз милдетин ак аткарган. Бекеринен дөңгөлөк (даңгыр) жана темир жолдор дал ошолордун нугу менен салынган эместир. Ал эми капиталисттик Россия Түркстанды каратып алгандан кийин жүргүнчү жана жүк ташууга жогоролотулган милдеттер коюлган. Бул согуштук, саясий жана чарбалык маселелердин түйүнү болгон. Аларды кара жол унаа транспорту чече албаган. Ошол себептүү крайды орустар ээлеп алгандан кийин, жолдун жана транспорттун жаңы түрлөрүнө өтүү зарылдыгы келип чыккан. Муну сезген падыша өкмөтү даңгыр, дөңгөлөк жолдорун курууну колго алган. Аны ишке ашыруу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонгон. Кылымдын экинчи жарымынан тартып транспорттун кылымдар бою келаткан түрү өзгөргөн. Ал Кыргызстандын Россиянин карамагына өткөндөн кийинки убакка тиешелүү. Орус падышачылыгы Түркстанды өздөштүрүүнү транспорттон баштаган.

[145]Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980, с. 82

Багындырылган элдерди жакшы уюштурулган транспортсуз, байланышсыз баш ийдирүүгө, багындырууга мүмкүн эместигин жакшы түшүнгөн. Ошондуктан Ала-Тоо аймагынын Түркстан облусунун Түркстан генерал- губернаторунун чиновниктери, атайын изилдөөчүлөрү кара жолдорду жакшы изилдешкен. Анын ар бир тармагын жана бир өрөөндөн экинчи өрөөнгө, бир кыштактан экинчи кыштакка чейинки аралыктарын өтө так эсептешкен, картага түшүрүшкөн. Кыргыздын Ала-Тоосунун ашууларын да жакшылап изилдешкен, ошонун натыйжасында алардын качан жабыларын, качан ачыларын, суулардын, дарыялардын, көпүрөөлөрдүн кечүүлөрүн даана билишкен, картага түшүрүшкөн. Ылоолордун кимиси кандай жол менен жүрө тургандыгын жана жүк көтөрүмдүүлүгүн кылдаттык менен үйрөнүшкөн.

Аскер жана соода жүктөрүн ташуу үчүн аларды арендага же реквизициялап алыш үчүн дагы, анын ар биринин жүк көтөрүмдүүлүгүн эсепке алышкан. Мисалы 1870-1880-жылдары төө 10 пуд. ат 6-8 пуд, качыр, эшек 4-5 пуд жүк көтөрөрү такталган. Бул күнүнө 25-30 км жол жүрүүгө эсептелген. Кийин ылоо, унаа менен катар араба менен жүк ташуу жолго коюлган. Ал үчүн арабага дөңгөлөк жолун салуу керек эле. Бул өзгөчө кыргыз жергесине тиешелүү болуп, Орто Азияны каратып алары менен башталган. Ал почта-жүк ташуучу даңгыр жол эле. Бул жолдун байыркы Улуу Жибек жолунун нугу менен салынганын белгилөө абзел. Жол үчүн топографиялык жумуштар өтө дыкаттык менен жүргүзүлгөн. Аскер топографтары бул милдетти алдын-ала бүтүрүшкөн. Почта-араба жолун салууга орус казактары, аскерлер жана жергиликтүү жумушчу күчтөрү тартылган. Жолдун узундугу такталган. Жол курууну согуштук иш катарына баалашкан. Геодезисттер жолду өлчөп, ар бир 20 км сайын казык кагып белги коюшкан. Кийин ошол жерге почта станциясы же бекет (пикет) курулган. Ар бир бекетке казак сакчылары отурукташтырылган. Кыштакча пайда болгон. Сакчы-казактардын ар бирине 30-40 га жер кесилип берилген. Бекеттин жетекчисинин (начальнигинин) карамагына 20-30 га чейин аттар ээр токуму, жабдыгы менен берилген. Алар келген жүктөрдү, почтаны кабыл алып, ат алмаштырып, кайтаруучу берип, кийинки бекетке (пикетке) жеткирүүгө милдеттүү болушкан. Кийин почта даңгыр жолун бойлоп телефондук, телеграфтык устундар орнотулуп, телеграф линиясы тартылган. Жүк жана почта кайсы ылоо менен канча убакытта жетери так көрсөтүлгөн. Мисалы, 1873-ж. Ташкенттен Ошко араба менен 13, ат

менен 6 күндө, Токмокко араба менен 19 күндө, Ысык-Көлгө 25 күндө жетишкен.[146]

Бул эски жол, эски транспорт эле. Аны Россия узакка пайдалана алган жок. Жаңы жол, жаны транспорт жана байланыш системасы Борбордук Азияда чыгыштан башталган. Анын себеби, орус армиясынын жүрүшү батыш Сибирден Хивага чейинки аралыкты ээлеген. 1867-жылы Жети-Суу облусу түзүлгөндө жолду жана транспортту уюштуруу аскер губернаторуна тапшырылган. Анын буйругу менен Семипалата-Сергиополь-Верный, андан кийин облустун борборун, крайдын борбору – Ташкент менен байланыштыруу зарылдыгы келип чыккан. Натыйжада, ошол эле жылы Верный-Пишпек-Кара-Балта-Олуя-Ата-Ташкент жолун куруу ишке киришет. 1868-жылы Верный-Ак-Суу, 1869-жылы Көтмалды (Кутемалды)-Нарын, 1870-жылы Верный-Кордой-Токмок- Көтмалды (Кутемалды)-Каракол линиясы курулат. 1867-1870-жж. бул ат менен ташыла турган почта жолу эле. 1870-жылдардан тартып даңгыр жол курулуп, кийин дөңгөлөк жолуна айландырылган. Ошентип, кара жолду дөңгөлөк-даңгыр жолго айландыруу 9-10 жылды талап кылган.

1883-жылы Жети-Суу облусунун Кыргызстан боюнча кеткен 3 почта жолу болгон:

1. Карабалта-Верный-Сергиополь жолу, узундугу 1010 чакырым, 40 почта станциясы, 17 орус кыштагы, 19 бекети;

2. Пишпек-Пржевальск жолу, узундугу 375,3 чакырым, 14 почта станциясы, 6 орус кыштагы, 7 бекети;

3. Кутемалды-Нарын жолу, узундугу 151,3 чакырым, 6 почта станциясы, 5 бекети.

Жолдун курулушуна кыргыздар жана аскерлер, жардыргычтар катышса, жолду ишке жарамдуу кылып кармап туруу, оңдоо-түздөө иштери бүт бойдон жергиликтүү калктын өкүлдөрүнө жүктөлгөн. Ар бир болуштук өзүнүн аянтындагы жолду дайыма канааттандыраарлык деңгээлде кармап туруу керек эле. Аны үчүн оңдоо-түздөө иштерине жылына 15-20 миң киши мобилизацияланууучу. Ал милдет болуп калган. Бул почта жолун курууда чоң кыйынчылыктарга Кашкелең, Сынташ, Боом жана Долон тилкелеринде

[146] Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда

учурашкан. Жергиликтүү калк жол милдетин, унаа милдетин аткарууга аргасыз болгон. Ага таянып облустук, уезддик жана болуштук администрациялар курулушту унаалар, жумушчу күчү менен камсыздашкан. Телефондук, телеграфтык зымдарды тартуу үчүн токойлорду башаламан кыркып, ысырапка учуратышкан. Экологияга зыян келтиришкен. Почта станцияларында, бекеттерде жүктү, почтаны кайтарган жана узаткан аскер кызматкерлери куралдуу күчтөрдүн функциясын өткөрүшкөн. Ошого карабай дөңгөлөк жолунун, зым карагайдын пайда болушу мурункуга караганда алга жылуу-прогресс болгон. Транспорттун мындай жайланышы облус менен уездди гана байланыштырбастан, биринчи кезекте гарнизондор менен гарнизондорду, аскердик пункттарды бекеттер менен байланыштырган. Бирдиктүү, уюшулган система түзүлгөн.

XIX кылымдын акыркы чейрегинде дөңгөлөк-араба жолун куруу Фергана өрөөнүндө да жүргөн. Анын дагы согуштук- экономикалык мааниси бар эле. 1876-жылы Кокон хандыгы жоюлган соң, анын аймагында жол куруу иши башталган. Бирок эл аралык мамилелерде Россиянын Орто Азияга каптап киргенине тынчсыздануу жаралып, натыйжада бийлик төбөлдөрүнүн Англиянын түндүккө карай жылышы ылдамдайт жана согушка алып келиши да мүмкүн деген чочулоосунун натыйжасында, жол куруу өтө акырындык менен жүргөн. Жол куруу адегенде Фергананын түздүктөгү райондорунда башталган. Анын негизги максаты жаңы түзүлгөн Фергана облусун, шаарларын бири-бири менен байланыштыруу жана аларды крайдын саясий борбору Ташкент менен туташтыруу болгон. Биринчи 10-15 жылдын ичинде бул маселе негизинен чечилген. Бирок, дагы деле почталык жана телеграфтык мекемелерди түштүк багытында курууга шашылышкан эмес. Жол курулушу Улуу Жибек жолунун түштүк айрыгынын нугу менен жүргүзүлгөн. Бирок, батыш Кытайга Кашгар генералдык консулуна Фергана аркылуу жол Ысык-Көл, Торугарт аркылуу өткөн жолго караганда бир топ жакын жана ыңгайлуу экенине карабастан, аны өздөштүрүү улам кийинкиге калтырыла берген. Ошол себептүү, даңгыр араба жолу кылымдын акыркы он жылдыгына чейин Ош-Кара-Сууга келип токтогон. 1900-жылы почта жолдорунун узундугу 399,1 чакырымды түзгөн. Бул аралыкта 18 почта станциясы, 17 станция аралык мекемелер болгон. Алты шаарда, анын ичинде телеграфтык мекеме (контора) жана 1 почта бөлүмү иштеген. Ошто эки почта бөлүмүндө кат ташуучу 16 ат жана 8 ямщик болгон. Ош-Гүлчө аскердик

чеби менен үзгүлтүксүз кат ташуу үчүн 2 жигит аты менен, ал эми Кашкардагы орустун генералдык консулу менен болгон байланышты 4 жигит аты менен дайым даяр турушкан. Аттардын жана почтасынын акысы контракт боюнча казнадан төлөнгөн.

Ысык-Көлдө суу транспорту Октябрь революциясына чейин эле пайда болгон. Суу транспорту чек ара аскерлерин, гарнизондорду жана Россиядан келип жаткан келгиндерди турак-жай, мекеме менен камсыздоо үчүн курулуш материалдарын, дандарды ж.б. ташуу зарылдыгынан келип чыккан.

Орустар келгенге чейин Ысык-Көлдө сууда сүзүүчү каражаттар болгон эмес. 1856-жылы Теңир-Тоонун изилдөөчүсү И.П. Семёнов өзүнүн күндөлүгүндө «Көлдүн тереңдигин ченөө үчүн казактар кеме жасап, көлдүн түндүк жээги менен сүзүп жүрүшөт» деп жазган. Октябрь революциясына чейин Ысык-Көлдө ишкердик жүргүзүү жеке адамдардын иши болгон. Ал үчүн Жети-Суу казактары, Сибирь тараптан Пржевальск шаарына көчүп келген дыйкандар, мещандар балык кармоо жана майда жүктөрдү ташуу үчүн кайыктарды жасашкан. Бул биринчи суу байланыш каражаты да болгон. Ал эми ири жүктөрдү ташууну соода капиталынын өкүлдөрү өздөрүнө алышкан. 70-80 жылдары Ысык-Көлдүн үстүнөн транспорттук байланышты уюштуруунун мүмкүнчүлүктөрү изилденген. 1872-жылы Караколдо кеме курулуп, аскер губернатору Г.А. Колпаковскийдин жетекчилигинде, кызыккандардын өз алдынча көлгө чыгуусу уюштурулган[147]. Облустук гезитте маалымдалгандай, Ысык-Көл уездинин жетекчиси 1888-жылы белгилүү сибирдик пароход куруучусу И.И. Игнатов менен Ысык-Көлдө пароход куруу ишин баштоо тууралуу жазышуу жүргүзгөн[148]. Бирок, демилге кагаздын бетинде кала берген. Кийин, XIX к. башында гана Верный жана Пржевальск шаарларынын жеке ишкерлери парустук транспортту түзүүгө киришкен[149]. Анткени ,Борбордук Тянь-Шанга анын ичинен көл аймагына фабрика, завод товарларын ташып келүү жана аларды анын жээгинде жашагандарга таратуу жана ошол эле рейстер менен топтоп алган мал-чарба өндүрүмдөрүн ташуу үчүн суу транспорту өтө ыңгайлуу экенин алар өтө туура баамдашкан.

[147] Костенко Л.Ф. Туркестанский край.-СПб., 1880, 172 б.
[148] Туркестанские ведомости. 1888, № 12
[149] Галицкий В.Я. Начало судоходства на Иссык-Куле. В кн.: научные чтения, посвященные памяти академика АН Киргизской ССР И.С. Ильясова .-Фрунзе. 1989. 49-51 б.

Алардын бири 1-гильдиялуу татар көпөсү Фатих Сулайманов эле. Ал өрөөндөгү өтө бай соодагер болгон. Анын дүкөндөрү Жети-Суунун бардык шаарларында жана кыштактарында жайланышкан. XIX кылымдын 90-жылдарында ал «Сулайман I» деген бир мачталуу жел кемени курдурган. Бул соода үчүн курулган биринчи суу транспорту эле. «Сулайман I» Балыкчы-Каракол маршруту боюнча жүк ташыган. Кийин бир тууган Решетниковдор эки жел кеме курушкан жана Жаргылчак-Барскоон-Балыкчы линиясы аркылуу карагай, дан тартышкан. Кайра кайтканда өнөр жай товарларын ала келишкен.

Кыргызстандын аймагында 60 почта станциялары иштеген. Кылымдын аягында почталарды кармоону мамлекет көпөстөргө өткөрүп берген. Көпестер аттарды жана почточуларды контракт аркылуу иштетишкен. 1890-жж. Жети-Сууда 360-400 кош ат жана ошончо киши контракт менен эмгектенишкен. Почта ташуучулар кыргыздар болушкан. Ошентип, кыргыздардын арасынан почта кызматкерлери келип чыккан.

Илгертеден кыргыздардын байланышы жолоочу, айылчы, кербенчилер аркылуу жүргөн. Алардан алынган кабарлар айрым угуучулар тарабынан үйгө, айылга тараган. Мындайларды «узун кулак» деп аташкан. Алар «уккан кулакта жазык жок» деп коюшуп, жаңылыкты таратышкан. Кабар барган сайын алымча-кошумчаларга дуушар болуп отуруп, өзүнүн оболку маанисин өзгөрткөн. Байланыштын экинчи негизги түрү чабарман аркылуу кат жана оозеки түрүндө болгон.

1870-1880-жж. почта трактысын бойлоп телеграфтык линия тартылат жана иштей баштайт. 1900-жылы Бишкектен Караколго чейин 14, Көтмалдыдан (Кутемалдыдан) Ат-Башыга чейин 6, Пишпек-Олуя-Ата арасында 18 почта станциясы курулуп, 4 029 телеграфтык устун коюлуп, 418 км телеграф зымы тартылган. Уезддик шаарлар Верный, Ташкент менен телеграф аркылуу байланышкан. Ошентип, транспорттун бул түрүнүн келип чыгышы XIX кылымдын экинчи жарымына тиешелүү болуп, капиталисттик Россиянын түздөн-түз аракети менен ишке ашкан.

### 3.3. Соода мамилелери

Кыргыз өлкөсү байыртадан транзиттик сооданын кербени Улуу Жибек жолунун нугу өткөн жер. Анын жолдору Ала-Тоонун капчыгайын өрдөп, белин ашып

кербенчини кербени менен чыгыштан батышка, батыштан чыгышка алып барып турган. Жерибиз жүргүнчүлөр үчүн көпүрө, элибиз жол көрсөткүч болуп кызмат өтөгөн.

XIX кылымдагы өзгөрүүлөр жашоонун бул түрүнө да өзүнүн салымын кошуп, тышкы соода Кокон хандыгынан Россиянин колуна өтүп, кыргыздардын Кашгар жана Үч-Турпан менен болгон соодасы барган сайын азайды. Ички жана сырткы соода Кокон, Ташкент, Наманган, Анжиян, Маргалан, Кожент шаарлары аркылуу жүрүп, өзгөчө ролду Ташкент жана Кокон ойной башташты. Өзбек, татар соодагерлери кыргыздардын айылдарына жыл бою келишип, өнөр жай жана кол өнөрчүлүк товарларын жергиликтүү кызыл кулактарга карызга берип, күзүндө жыйнап алышкан.

XIX кылымдын экинчи жарымында Пишпек, Каракол жана Ош шаарларында базар соодасы пайда болуп, шаарларда жана кыштактарда дүкөн соодасы өнүгө баштайт. Ал эми 80-90-жылдары жарманке соодасы пайда болот. Мына ошентип, 100 жылдар аралыгында кыдырма, үймө-үй, карыз соодадан базар соодасына, андан жарманке-соодасына өтүү процесси жүрсө, акыры дүкөн соодасы өсө баштаган. Сооданын бул түрлөрүндө кыргыздар өзбек, татар, орус соода капиталдарынын агенттери, ири соода үйлөрүнүн сатып өткөрүүчүсү болуп кызмат өтөшкөн. Соода малчылыктан да, дыйканчылыктан да бөлүнгөн эмес. Ал натуралдык чарбанын ичинде болуу менен аны жок кылуучу күчкө айланбаган. Өзгөчө Россия аркылуу дүйнөлүк сооданын орбитасына чыга башташкан. Акча-товар мамилелеринин өсүшү өтө акырындык менен жүргөнүнө карабастан, анын пайда болушу соода экономикасында белгилүү ролду ойной башташы прогрессивдүү кубулуш эле. Анткени, ал мал чарбасынын товардуулугун жогорулатты. Ал өзгөчө натуралдык алмашуудан акча соодасына өтө баштаганда көзгө көрүнө баштады. Эквиваленсиз алмашуунун натыйжасында соода менен алектенгендер аябай байышып, соода капиталы түптөлгөн.

Шаар тургундары соода жүргүзүү үчүн күбөлүктөрдү жана билеттерди сатып алышкан. 1885-жылы мындай документтерди 10 000, 1895-жылы 18 201, 1899-жылы 24 761 адам сатып алган. Анын ичинде Ош уездинде 1885-жылы 950, 1895-жылы 1 370 адамдын соода күбөлүгү болгон. Ошондой эле Пишпек, Каракол жана Олуя-Ата уезддеринде 1885-1895-жж. соода күбөлүгүнүн жана билеттердин

ээлери эки эсеге көбөйгөн. Соода жасоого укук берген документтерди сатуу мамлекетке пайдалуу булак болгон. Түркстан казналык палатасынын кабары боюнча андан түшкөн пайда Фергана облусунда 1835-жылы 2 миң, 1895-жылы 18 миң, 1899-жылы 24,7 миң рубль акчаны түзсө, Жети-Суу облусунда 1885-жылы 52,6 миң, 1896-жылы 81,9 миң, 1900-жылы 87,8 миң рубль акчаны түзгөн. Акча-товар мамилелеринин өсүшүн күмөнсүз айгинелеген фактыга калктын соода менен кесиптенген бөлүгүнүн көбөйүшү жана соода менен атайын алектенгендердин келип чыгышы кирет.

Россия менен Кытайдын ортосундагы соода XIX кылымдын биринчи жарымында Семипалатинск аркылуу жүрсө, экинчи жарымында (1860-ж. жана 1861-ж. трактаттар боюнча) Россия расмий түрдө Чыгыш Түркстанга соода жасоого өтөт. Кытай өкмөтү бажы салыгын азайтканга Кашкарда орустун генералдык консулун ачууга макул болот. Өзгөчө, 1881-жылдагы кытай-орус келишиминен кийин Кытай менен болгон соода Пржевальск бажыканасы аркылуу жүргөн. Ал эми 1882-жылдагы келишим боюнча Орус-кытай чек ара чыр-чатактары Или провинциясын өз ара бөлүп алуу менен бүткөндөн кийин Кашгарда соода факториясы иштей баштаган. Ошентип, Россия үчүн Санташ аркылуу Кашгарга жол жана Кулжада орустун генералдык консулдугу ачылган. Ушундан тартып орус-кытай соодасы жандана баштайт.

Соода-сатыктын өсүшүнө шарт түзгөн факторлордун бири шаарлардын, элдүү пункттарынын жана анда жашаган калктын өсүшү болот. Кыргыздар жашаган жерлер илгертеден шаарчалардын мекени болгонуна карабастан, орто кылымда гүлдөгөн өрөөндөр, элсиз талааларга айланган. Кийин шаар жана шаардык турмуш кайрадан жандана баштайт. Бул кыргыз жергесинде XIX кылымдан тартып башталат. Анын пайдубалы Кокон хандыгынын мезгилинде салынган 20 дан ашык чептерден (Пишпек, Токмок, Нарын, Даарат-Коргон, Кочкор, Куртка, Кетмен-Төбө, Сузак, Сопу-Коргон, Жумгал) башталат. Орто кылымдан таржымалын алган шаарларга Ош жана Өзгөн да киришет. Ар кандай кыйынчылыктарга карабастан булар башка шаарлар сыяктуу жок болуп кеткен эмес. XIX кылымда Ош Орто Азиядагы ири шаарына айланса, Өзгөн шаардан кыштактын деңгээлине түшкөн. Соода борборлору катары 70-90-жж. кыргыз жерине сырттан көчүп келген орус, украин, немец жана дунган кыштактарын

эсептөөгө болот. Шаарларда чекене жана дүң соода жүрсө, айылдарда соода натуралдык алмашуу түрүндө болгон.

Шаар калкынын саны 1883-1900-жж. Пишпекте 2 135 тен 8 130 кишиге, Пржевальскиде 3 647 ден 5 079 кишиге, Ошто 13,1 миңден 36,2 миң кишиге чейин жеткенин диссертацияда белгелегенбиз. Бул шаарларда жана шаарчаларда стационардык дүкөндөр, базарлар иштеген жана соода акча аркылуу жүргүзүлгөн. Мындан сырткары Пишпек жана Пржевальск уезддеринде орус, дунган жана украин кыштактарынын саны 15 тен 24 кө чейин өскөн. Булардын баарында дүкөндөр жана дүкөнчүлөр иштеген. Алардын товар жүргүзүүсү ар жылга 3-4 миңден 15-20 миң рубль акчага жеткен.[150]

Соода-сатык жана айыл чарбасы Каракол шаарынын түзүлүшүнөн баштап шаардын чарбалык-экономикалык базасынын негизин түзүшкөн. Соода менен соодагерлер гана эмес, шаарда жашаган элдер жана колунда бар крестьяндар да алектенген. Дүкөндөрдү жалданма жумушчулар да иштетип турушкан. Каракол Ысык-Көлдүн негизги соода борборуна айлангандыгы, жергиликтүү соодагерлердин Кыргызстандын башка шаарлары, Казахстан, Өзбекстан (негизинен Фергана өрөөнүнүн) Батыш Сибирь, Борбордук Россия жана ошондой эле Батыш Кытайдын (өзгөчө Кулжа менен Кашкар райондорунун) соодагерлери менен байланыш түзүшүнө жол ачкан. Мезгилдүү басма сөз материалдарынын жана XIX к. 70-90 жж. саякатчылардын билдирүүлөрүнүн негизинде төмөндөгү маалыматтарды белгилей кетсек болот: шаардык бай соодагерлерге таандык дүкөндөр жана кампалар, соода жайлары жылдан-жылга көбөйгөн, чакан дүкөндөрдө жана шаардын базарында (мал сатуучуларга сайдын жээгинде орун берилчү) жыл бою, өзгөчө жай-күз мезгилдеринде кызуу соода жүрүп турган. XIX к. 90-жылдарынын орто ченинде Каракол шаары барган сайын ири соода жана бөлүштүрүүчү борборго айланган, товарлардын ашыкчасы жакынкы соода жайларына, чакан дүкөндөргө жана Каркыра жарманкесине жөнөтүлчү. Жакынкы айылдардан келген кыргыздар, бодо мал жана жылкыларды, айыл чарба азыктарын сатып, ордуна сырттан келген товарларды алышчу. Борбордук Азиянын базарларында кой эти басымдуулук кылып, чочко эти өтө аз болуп, негизинен сырттан алынып келген. Чочконун эти, ветчина, колбаса, чочконун

[150] Галицкий В.Я. История города Пишпека

майы Рождество жана Пасха майрамдарынын алдында жана күзүндө Олуя-Ата уездинен, Пишпектен, Пржевальсктен жана Россиянын губернияларынын алынып келинген. Түркстандагы орустар уйдун этин эч кандай даамы жок деп, тамак жасоодо койдун этин колдонушкан. Ошондуктан, кой дайыма 3-5 тыйынга кымбат сатылган. Орустарга чейин жергиликтүү тургундар уйду жүк ташуучу күч катары гана кармашкан. Ошондой эле, Теплоключенка жана Преображенский айылдарынын дыйкандары шаардын базарына нан, жашылча-жемиш, бал жана балык азыктарын ташышса, Мариин (Ырдык) айылынан келген дунгандар жашылча-жемиштерди сатууга алып келишкен.

90-жылдардын ортосуна карата соода-сатыкка олуттуу салым кошкон тармак катары Каракол шаарындагы кол өнөрчүлөр тобун атаса болот. 1885-жылы алардын саны 69 болсо,1894-жылы 9 кесиптин түрүн аркалаган 94 кишини түзгөн. Орус усталардын саны, өзбек жана татарларга салыштырмалуу аз болгон Алар кийим-кече, бут кийим тигүү, тиричилик буюмдарын жасоо, жыгач жана темир иштетүү менен алектенишкен. Баарынан да куруучулар, темир усталар, тигүүчү жана өтүкчүлөрдүн саны көп болгон. Ээр токум, эркектердин кемерлери жана аялдардын зер буюмдары жергиликтүү чеберлер тарабынан жасалган.

Каракол уездинде балыкка жана канаттууларга бай көл жээгиндеги жана анын айланасындагы тоолордогу түрдүү жапайы фауна шаардыктардын арасынан профессионал мергенчилердин жана балыкчылардын тобун жараткан. Бирок алардын саны 100-200 кишиден ашкан эмес. Ысык-Көл балыгы Токмок, Пишпек жана Верныйга, терилер андан да ары, ал эми бугулардын мүйүздөрү Батыш Кытайда жогору бааланган. Балык улоо менен негизинен кошумча киреше катары көлгө жакын жайгашкан конуштардын өкүлдөрү, ал эми аң улоо менен мурдатан бери кыргыздар алектенишкен. Балык жана илбээсин Каракол шаарынын базарына арбын жеткирилип, терилери жергиликтүү жана Борбордук Россия, Өзбекстан жана Батыш Кытай соодагерлери тарабынан тез эле сатылып алынчу. Л.Ф. Костенко белгилегендей: “Теринин көбү Ысык-Көлдүн айланасында жыйналат. Кышында бул жерде кара-кыргыздар болжол менен 1 000 суусар, 2 000 түлкү, 800 сүлөөсүн, 100 аюу, 3 000 карышкыр жыйнашат. Бардыгы арзыбаган баага сарттарга жана татарларга мата үчүн сатылат. Каракол жана Верныйдын соодагерлери жылына 150 жупка жакын абдан маанилүү өндүрүм – жаңы марал

мүйүздөрүн Кытайга сатышат, бир жуп баасы 50 руб., Кытайда 200 руб.[151]". Кийинки он жылдар ичинде Ысык-Көл өрөөнүнүн жапайы фаунасы жакырланып, мергенчилик олжолору азайган. 1894-жылы кыргыз болуштуктарынын мергенчилери тарабынан 3 352 түлкү, 1 258 карышкыр, 433 суусар, 120 сүлөөсүн, 57 илбирс, 135 марал, жалпы 5 443 жаныбар олжолонгон. Терилерин – 3 544 руб., мүйүздөрүн – 3 271 руб. сатышкан. Товарлардын саны азайганы менен баалары өскөн эмес, бирок ошол эле учурда базарды монополиялаштырган өзбек жана татар соодагерлердин кирешеси өсүп турган, анткени бир мүйүз жуптун баасы эскисине караганда 2 эсе арзандап 25 руб., териси болсо 1 руб. жетпеген акчага бааланган. Ал эми балык улоо азайган эмес, эң жакшы балыктын 2 пуду Каракол базарында болгону 2 руб. 10 коп. сатылган. 1894-жылы Пржевальскиде 900 пуд, уездде – 3 645 пуд балык сатылып, жалпы 2 063 руб. бааланган. Жергиликтүү айыл чарба өндүрүштөрү, атап айтканда, эт жана эт азыктары, дан эгиндери өтө арзан бааланган, мисалы 1894 жылы кышында кара буудайдын 0,25 кг баасы 3 коп, жазында буудай ундун 0,25 кг баасы 5 руб, 40 коп. бааланган[152]. Ошол эле учурда, сырттан алынып келинген товарлар – туз, шекер жана чайдын баасы кымбат болгон.

Каракол шаардын калкынын, анын ичинде соодагерлердин санынын өсүшүнө, аны менен бирге шаардын Ысык-Көл өрөөнү боюнча эң маанилүү соода жана бөлүштүрүү борбору катары калыптанышына орус аскерлери менен жергиликтүү кыргыз эли тарабынан жүк ташууга жарактуу, ошондой эле Жети-Суу уезддик борборлору жана облусун борбору Верный менен үзгүлтүксүз почта жана жүргүнчүлөрдү жеткире турган жол тармагынын салынышы жана Караколдун Кытай соода борборлору менен негизги соода жолдоруна карата ыңгайлуу жайгашуусу да таасирин тийгизген. 1870-жылы Караколдон Ысык-Көлдүн түндүк жээгин бойлой Боом капчыгайынан Токмок жана Верный аркылуу жүк ташуучу жол менен байланыш түзүлгөн, бир жылдан кийин аталган жол жүк жана почта ташуучу жолго айланган айланган. 1872-жылы Караколдон Боом капчыгайы аркылуу Пишпек менен, ал эми Көтмалды (Кутемалды) аркылуу Нарын менен байланыштырган жол, 1880-жылдан баштап почта жолу иштей баштаган. 1888-

[151] ЦГА Республики Казахстан. Ф.И-44, оп.1, д.646, л.35
[152] ЦГА Республики Казахстан. Ф.И-44, оп.1, д.646, л. 30.

жылы Жаркент менен байланыш түзүлгөн. Тышкы соода үчүн Бедел өтмөгү (ашуусу) аркылуу Кашкар менен түзүлгөн жолдун мааниси да чоң болгон.

Пишпек шаарынын экономикасында ар дайым маанилүү орунду ээлеп келген соода тармагынын өнүгүшүнө, бир катар социалдык-экономикалык факторлордон тышкары, анын аймактагы географиялык жайгашуу шарттары таасир тийгизген. Пишпекти курчап турган айыл-кыштактардын соодагерлерин өзүнө тарта билүү потенциалы менен шаар бара-бара стационардык соода борборлорунун бирине айланган. Пишпектин айрым бай көпөстөрү товарлары менен Жети-Суу жана Россиянын жарманкесине да катышууга үлгүрүшкөн. Бирок, базардын абалы баштапкы өнүгүү этабында болуп, ассортименттин аздыгы менен күндөн-күн өсүп турган талаптарга жооп бере албаган. 1882-жылы Пишпекке кыска убакытка келген офицер шаарда сапаты начар нан, козунун эти жана арактан башка эч нерсе табуу мүмкүн эмес экенин белгилеген. Айтмакчы, Пишпекте алкоголдук ичимдиктердин соодасы кызуу жүргөн, муну билген Борбордук Азиянын ири шарап өндүрүүчүлөрү жана соодагерлери шаарга тартылган. 1881-жылы Пишпекте казалиндик көпөс Н. Ивановго, ташкенттик көпөс Н. Путасовго жана көпөс айым С. Клименкого тиешелүү шарап өндүрүүчү ишкана иш жүргүзгөн. 1882-жылы көпөс айым С. Клименко ичүүчү жай иштетип баштаган, 1883-жылы Н. Иванов да ичүүчү жай иштетүү уруксатын алган. Алгач, Пишпектин соода жүгүртүүсү өтө төмөн болуп, Каракол шаарынын товар жүгүртүүсүнөн 7 эсеге аз болгон. XIX кылымдын 80-жылдарынын аягында жана 90-жылдардын башында, базарда жана шаардык дүкөндөрдө соода товарлары алда канча көп жана ассортименти ар түрдүү боло баштаган. Ошол жылдардагы документтерден көрүнүп тургандай, шаардык соода “Гостиный двор”, “Мелочный” жана “Сенный” базарларында атайын столдон, ларёктордон, араба менен жүктөп, жада калса колдон жүргүзүлүп келген. 1881-жылы Пишпек администрациясы шаардын бюджетине кошумча каражат катары базарга тараза, үстү жабылган тент орнотуп, аларды ижарага берген. Мануфактура жана галантерея, азык-түлүктүн басымдуу бөлүгү, кант, шарап, керосин, ширеңке жана курулуш үчүн темир материалдар жергиликтүү дүкөндөргө Ташкент жана Верныйдан алынып келинген. Пишпектин соода тармагы өнөр жай тармагына салыштырмалуу тез өнүккөндүгү байкалган.

1897-жылы шаардын соода жүгүртүүсү 1 миллион рубль акчага чейин жеткен. Ар кандай тамак-аш азыктарына, өзгөчө нанга жана этке болгон суроо-талаптын өсүшүнө, базар жана дүкөндүк сооданын жанданышы Пишпектин калкынын, өзгөчө соодагерлердин катмарынын өсүшүнө шарт түзгөн. Пишпек ири соода түйүнүнө айлангандыктан, XIX кылымдын 90-жылдарынын экинчи жарымынан баштап Пишпек базарларында алып сатуучулар пайда болуп, карапайым дыйкандардын айыл чарба өндүрүмдөрүн арзан баада сатып алып, аларды кымбат баада башкаларга сатуу менен акча табышкан. Туруктуу сатуучу жайлары болбогон алып сатарлар, жүк ташуучу арабаларын түн ичинде таразага жакын жана базардын көрүнүктүү жерлерине жайгаштырып соода кылышкан. Демек, базардын салыгын да төлөшкөн эмес. Эртеси базарга келген дыйкандар кардар өтпөгөн чет жакаларга жайгашып, өндүрүмдөрү бузулуп кете электе алып сатарларга жарым баада сатканга аргасыз болушкан. Алып сатарлар баардык базарларда мыйзамсыз иштерин жүргүзгөн, алардын ичинде аймактын ири базарларынын катарына кирген Пишпек мал базары да бар.

Тартип бузуулардын санынын көбөйүшү, товарлардын баасынын кымбаттап кетиши, шаардыктардын жана башка соодагерлердин алып сатарларга болгон даттануусун күчөтүп, жыйынтыгында 1896-жылдын 12-декабрында шаардык кеңештин чечими менен Пишпек базарында алдын-ала орун ээлөөгө тыюу салынып, сатуучуларды кезеги жана өндүрүмдөрүнүн түрү боюнча орун берилишин базар кароолчусу тарабынан көзөмөлгө алынуусу туура көрүлгөн. Мындан тышкары, алып сатарлар, ун менен данды күзүндө арзан дүң баада сатып алып, жасалма жол менен товардын жетишпестигин жаратып, жазында бир топ жогорулатылган баада сатыкка чыгарышкан. Алып сатарлардын арасында жергиликтүү бай шаардыктар жана биринчи отурукташкан дыйкандар гана эмес, Фергана жана Казакстандан келгендер да болгон. Шаар башкармалыгы, нааразы болгон шаардыктардын талабы боюнча, күндүн биринчи жарымында Пишпек базарында нанды дүңүнөн сатып алууга жана сатууга тыюу салган атайын токтом кабыл алууга аргасыз болгон.

1903-жылы Пишпектеги 406 чекене соода түйүнүнүн ичинен 35 соода мекемесинде нан жана эт, ошондой эле азык-түлүк жана тамеки чекене соодасы, 27синде ысык тамак, алкоголдук ичимдиктер, 13 мал чарба өндүрүмдөрү, 8 тери,

4 галантерея, 42 чекене текстиль, 1 темир жана темир буюмдар, 16 аралаш товарлар жана 238 чакан дүкөндөр болгон.

Пишпекте кичи капитал басымдуулук кылган. Пишпектеги орто жана чоң соода капиталынын өкүлдөрү, көпөстөр жана дүң соодагерлер аз болгон, бирок алар Пишпек соодасында негизги орундарды ээлеп, атүгүл уезддеги соода тармагын көзөмөлдөп турушкан. XIX кылымдын 90-жылдарынын аягында Пишпектин ири соода ишканаларынын арасында Исхак Даулбаевдин, Шагия Мамашевдин, Сейид Акрем Мурзабаевдин соода мекемелери, чай сатуучулардын арасында көпөс А. Степановдун мураскорлору, А. Пушниковдун жана Мамут Мулла Бабиновдун ишканалары товарларды Россиянын Нижний Новгород, Ирбит жана Крестовская аталган эң ири жарманкелеринен түз сатып алууга мүмкүнчүлүктөрү болгон. 1900-жылдары эң бай Пишпек соодагерлери жарманкелерди айланып өтүп, борбордук Россиянын ири ишканаларынын агенттери менен байланыш аркылуу өнөр жай, галантерея жана башка товарларды (көбүнчө кредитке) сатып алышкан. Орус фирмаларынын агенттери Пишпектик соодагерлер менен келишим түзүп, Пишпек базары бара-бара Кыргызстандын түндүк бөлүгүндөгү жана бүтүндөй Жети-Суудагы эң негизги соода борборуна, жергиликтүү жана Түркстан-Жети-Суу жүк агымдары уюшкан жүк ташуучу жана бөлүштүрүүчү базага айланган. XX кылымдын башында чет жактан ар кандай айыл чарба машиналарын жана шаймандарын импорттоо башталган. Сатыкка чыккан айыл чарба шаймандарынын арасында чет элдик жана россиялык, баасы боюнча ар кандай сегменттеги техникалар кездешкен.

Пишпек базары – шаар тургундарын гана эмес, ага жакын жайгашкан айылдардын жана кыргыз кыштактарынын көптөгөн жашоочуларын, Фергана өрөөнүнүн шаарларынан жана бүтүндөй Жети-Суу областынан тез-тез келип турган соодагерлерди жана сатуучуларды жолуктурууга мүмкүн болгон жана эстен кеткис таасир калтырган жерге айланган. Көптөгөн базарларда орус жана немис улутундагы өндүрүүчүлөрдүн сыры, Жети-Суу облусунун өндүрүүчүлөрүнүн балы сатылчу. Мындан тышкары, базарларда жашылча-жемиштердин ар кандай түрү: чамгыр, салат жалбырагы, шпинат жана бадыраң сатыкка чыккан. Алгач шаардын орус бөлүгүндөгү базарларды жашылча-жемиш менен орус дыйкандар гана камсыздап турган, кийинчерээк жергиликтүү тургундар орустардын ордун

толугу менен басып алган. Кулпунай, алчанын түрү, өрүк, малина, бухара кара өрүгү, ар кандай сорттогу шабдалы, жүзүм, кара мөмө дарбыз жана андалек жайы бою сатылган. Нан, чай, таттуу жана балмуздак сатуучулары дээрлик кардарсыз болгон эмес. Тамак-аш өндүрүмдөрүнөн сырткары базарларда кийим-кече, кездеме жана ар кандай үйгө керек буюмдарды сатып алуу мүмкүн эле. Баалары да орус дүкөндөргө салыштырмалуу төмөн болгон. Соода-сатыктан тышкары, базарда акыркы жаңылыктар менен таанышып, ушак-айыңдар жайылып жана болуп көрбөгөндөй окуялар айтылган. Базарлар чайканада эс алып, тамактанып, достор, кошуналар менен жолугушуу борборунун кызматын да аткарган.

Пишпекте соода жана товар-акча мамилелери укмуштудай тездик менен өнүккөн. 1899-жылы шаардык администрация жергиликтүү көпөстөрдүн, өнөр жайчылардын жана бай үй ээлеринин арзан кредитке муктаждыгын эске алып, шаардык коомдук банкты негиздөө демилгесин көтөрүп чыккан. Пишпек шаар бийлиги резервдик капиталдан 10 миң рубль бөлүүгө даяр болгон, бирок тилекке каршы пландар ишкен ашкан эмес. Облустук башкармалык, Пишпек шаарында коомдук банктын ачылышын эрте деп эсептешкен, айрыкча Жети-Суу облусунун борбору Верный шаарында финанс-кредит багытында мекемеси болгон эмес эле. Жыйынтыгында ишкерлер коому банк ачуу демилгесине колдоо ала албагандыктарынан, шаарда чакан өз ара кредиттик коомду негиздөөнү чечишкен. Кредиттик коом 1907-жылдын 24-мартында ачылып, капиталы 5 рублдан 230 рублга чейинки мүчөлүк акылардан жана шаардык администрациядан түшкөн салымдардан турган. Коомдун жүздөгөн мүчөлөрүнүн арасында соодагерлер, өнөр жай ишканаларын иштеткендер, көпөстөр, кол өнөрчүлөр жана администрациянын айрым кызматкерлери болгон. Кредиттик коом Борбордук банктан, Россия-Азия банкынан, Мамлекеттик банктын Верный шаарындагы филиалынан кредит алган. Ишкананын каражат жүгүртүүсү 1909-жылы 364 миң рублди, 1910-жылы 700 миң рублдан ашык, 1911-жылы 998 775 рублди, 1912-жылы 5 миллион рублду түзгөн. Бирок, Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы менен кредиттик коом каражат жетишпестиктен, өз ишин токтотууга аргасыз болгон. Жыйынтыктап айтканда, Пишпекте капиталисттик принциптерде уюштурулган кредиттин жоктугу сооданын өнүгүшүнө тоскоол болгон; Орто Азия жана Казак шаарлары, ошондой эле Россия менен шаардын аймактар аралык соодасы өнүккөнү менен, Жети-Суу облусунун башка шаарлары жана

кыштактары менен соода-экономикалык байланыштары төмөнкү дэңгээлде кала берген.

Жети-Суу жана Фергана облустарынын кыргыздар жашаган шаарларына жана айылдарына чет өлкөлөрдөн, ошондой эле башка райондордон 1833-жылы 93, 1885-жылы 228, 1887-жылы 150, 1889-жылы 46 соодагерлер келишкен. Алардын соодасынын жүгүрүшү 143 миң сомдон 222 миң сомго чейин өскөн. Жарманкелик жана дүкөндүк сооданын өсүшүнө байланыштуу барган сайын кыдырып соода кылгандардын саны, ошондой эле алардын тапкан пайдасы азайган. Анын үстүнө жарманкелерди жергиликтүү алып сатарлар ээлеп алышкан. Аты аталган облустарда сооданын басымдуу көпчүлүгүн мал жана мал чарба азык-түлүктөрү түзгөндүктөн, аларды сыртка чыгарууга жана ичке алып кирүүгө болгон бажы акысы алынып ташталган. Мунун өзү ички жана сырткы сооданын жанданышына түрткү болбой койгон эмес. Падыша өкмөтү жана анын жер-жердеги чиновниктери тоолуу өлкөнүн экономикасын капиталисттик Россиянын чийки заттык базасы, өнөр жай товарларын сатуучу базары катары кайра түзүүгө аракеттенишкен.

XIX кылымда жергебизге Кытайдан жамбы, чай, жибек, Кокондон, Букарадан кол өнөрчүлүк буюмдары, Россиядан кездеме, темир-тезек ж.б. токтоосуз келе баштаган. Кыргыздар аларга мал жана мал чарба азыктарын сунушташкан. Базарда жана жарманкеде малдын баасы бирде жогорулап, бирде төмөндөп турган. Ал жылдын кандай болушуна, керектөөнүн деңгээлине жараша болгон. Кылымдын орто ченинде бир кой 1 сом 40 тыйындан 1 сом 60 тыйынга чейин болсо, 1894-жылы 2 сом 50 тыйындан 3 сомго чейин, ал эми кылымдын акырында 3 сом 80 тыйынга чейин көтөрүлгөн.

Акча-товар мамилелеринин өсүшүнүн дагы бир мисалы дүкөндөрдүн жана дүкөндө соода жасаган соодагерлердин санынын көбөйүшү боло алат. 1892-жылы Пишпек уездинде 34, 1900-жылы 60, Пржевальск уездинде 1892-жылы 70 соодагер болсо, 1900-жылы 113 соодагер болгон. Бул сан товарларды ташып, колмо-кол соода кылгандарды, жарманке, базардагы алып-сатарларды ичине камтыбайт. Аларды эске алганда бул кесиптин ээлеринин саны бир нече ирет көбөймөк. Облустук статистикалык документтер боюнча товардын жүрүшү Жети-Суу облусунда 1871-жылы 386 миң, 1900-жылы 8 781 миң рублди түзгөн. Анын

ичинен Пишпек шаарында сооданын жүгүрүшү 1886-жылы 234 миң болсо, 1898-жылы 1 млн рубль, Токмокто ошол эле жылдары 390 миң жана 1,2 млн рубль болгон. 1890-жылы Ысык-Көл уездинде 163 105 рублге, Токмок уездинде 321 368 рублге мал жана мал чарба азык-түлүктөрү сатылган. Жогорудагы фактылар XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып малчылык товардык мүнөзгө өткөндүгүнө далил боло алат. Мына ошентип, соодадан табылган пайда дүң соодагер дүкөнчүгө кредитке товарды 30-50 пайызга берсе, дүкөнчү керектөөчүгө 100-150 пайызга саткан. Закаспий жана Оренбург темир жолдору Орто Азияны соода капиталы үчүн акчанын эквивалентсиз алмашуусуна, жергиликтүү калкты аёсуз эзүүнүн каражатына айландырган. XIX кылымдын экинчи жарымындагы саякатчылардын, администрациянын өкүлдөрүнүн маалыматтарына караганда сырттан келген жана жергиликтүү соодагерлер жүз процент пайда табышкан. Ошонун натыйжасында уезддик Ош, Пишкек жана Каракол шаарларында орус соодагерлеринин өнөр жай товарларын сактай турган чон кампалары пайда болгон.

Шаар башчысы М.И. Ионов, 1882-жылы шаардык тургун Мамат Итымовго, 10 жылдын ичинде соода жайлардын ижарасынан түшкөн каражаттардын эсебинен, Ош шаарынын жаңы бөлүгүндө жайгашкан, орус аскердик шаарчасына жакын, 16 соода жайынан турган базар курдурган. Кийин оштуктар базарды “Пьяный” деп атап алышкан.[153]

Сооданын өсүшүнө байланыштуу Орто Азия жана анын курамдык бир бөлүгү болгон Кыргызстан, Россия, ал аркылуу дүйнөлүк базарга кошула баштады. Акча-товар жана капиталисттик мамилелер кыргыздардын чарбасына барган сайын терендеп кире баштады. Бирок, метрополия капитализм орточо өнүккөн өлкө болгондугуна, анын феодалдык, натуралдык экономикага тийгизген таасири солгун болгондугуна карабастан, экономиканын өсүшүндө көзгө көрүнөрлүк алга жылыш болду.

[153] Нурматова С. Русские в Оше (конец XIX - середина XX вв.): по материалам архивов, с.2

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## ШААРЛАРДЫН СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ӨНҮГҮШҮ

Шаарлар байыркы доордон бери эле административдик, экономикалык, соода-сатыктын, илим-билимдин, маданияттын борбору болуу менен адам баласынын жашоо тиричилигинде, б.а. социалдык чөйрөсүндө дагы чоң роль ойноп келген. Түркстан аймагында Бухара, Самарканд, Ош, Өзгөн, Баласагын, Кашкар шаарлары илимдин, маданияттын борборлору болуп, таланттуу адамдарды өзүнө тартып дүйнөлүк маданиятка чоң салым кошуп, өлбөс-өчпөс эмгектерин жараткан шаарлар болгон. Ал эми аталган аймак Россия империясына каратылып, жаңы шаарлардын пайда болушу менен бул жерге миңдеген адамдардын жер которуп келишине алып келген. Түркстан ар түрдүү улуттардын жуурулушу, көп жактуу маданияттардын топтолушу, ошондой эле эски менен жаңынын бирдей өкүм сүргөн жерине айланган.

### 4.1. Шаар калкынын социалдык абалы

#### 4.1.1. Демографиялык абалы

Чүй өрөөнүндөгү орус дыйкандарынын оторлошунун баштоочулары Россиянын Пенза, Самара, Воронеж жана Тамбов губернияларынан келгендер болуп, алардын айрымдары мурда Сибирь менен Казакстанда жайгашканга аракет кылышкан. Келгиндер жер тилкелерди басып алышып, ал жерде убактылуу алачыктарды куруп, кийин расмий катталып бекемделгенде, болочоктогу шаардын негизги жолунун боюнда туруктуу турак-жайларды курушкан. Аларды облусттук башкармалык “шатуны” деп атап коюшкан. Жаңы конуш уезддик шаарга айланышы мүмкүн деген тынымсыз ушак-айыңдардан улам, Пишпектин биринчи отурукташкандарынын катарына Ташкент, Наманган шаарларынан жана Өзбекстандын башка райондорунан өзбек соодагерлери дагы кошулган. Бирок, Пишпектин калкы алгачкы 5-6 жылдын ичинде, тактап аайтканда 1876-жылга чейин өзгөрүүсүз болуп, айылдын калкынан сан жагынан эч кандай айырмасы болгон эмес. Мисалы, 1876-жылга карата Пишпекте болгону 58 үй-бүлө, жалпы 182 адам, анын ичинен 94 аял жашаган. Улуту боюнча пишпектиктер төмөнкүдөй бөлүнүшкөн: 9 орус, 48 өзбек жана 1 татар. Пишпектиктер карапайым эмгекчил эл болгон: дан өстүрүп, нан жасоо менен жан баккан 5 майда буржуазиялык, 1 аскер кызматчылардын, 1 казактардын жана 2 майда соодагерлердин үй-бүлөрү

болгон. Кийинки жылдарда, Жети-Суудагы орус дыйкандарына берилген жеңилдиктердин, ошондой эле администрациянын бул жерде шаар куруу убадасынын негизинде Пишпектин калкы жана анын соода-өнөр жай катмары акырындык менен өнүккөн. XIX кылымдын 70-жылдарынын экинчи жарымында жашоочулардын жаңы агымы байкалган, биринчи отурукташкандар сыяктуу эле, алар мурдагы чептин айланасында, алыс эмес жерде, болочоктогу Ташкент жана Верный жол каттамынын боюнда жайгашкан. Ошол кездеги Пишпек бул чөлкөмдө жаңыдан түптөлгөн орус-украин кыштактарынан эч айырмаланбай, бир гана ылайдан жасалган жалпак жер тамдардын арасында бай жашоочулардын 13 европалык типтеги үйлөрү өзгөчөлөнүп турган, анын ичинде почта станциясы жана таверна да бар.

Уезд администрациясы Пишпекке которулгандан кийинки жылдарда тургундарынын саны тездик менен көбөйүп, 1882-жылга карата 2135 жеткен. Мунун себеби калктын табигый өсүшүндө эмес, урбанизация жана базар экономикасынын өнүгүүсүнө байланыштуу болгон. Мунун дагы бир далили катары, шаар тургундарынын курамында эркек кишилердин саны аялдардын санынан кыйла көп болгонун келтирсе болот. Ошентип, үч жылдын ичинде (1883-1885-жж.) шаар тургундарынын саны жаңы келгендер менен бирге 92 адамга көбөйүп, 1885-жылга карата 2227 адамды түзгөн. Кийинки беш жылдын ичинде калктын өсүшү 651 адамды түзгөн. Пишпек шаарынын тургундарынын өзөгүн соодагер өзбектер, татарлар жана келгин орустар түзүп, 1882-жылдан баштап дунгандар жана бир нече уйгур үй-бүлөлөрү отурукташкан. Шаардын тургундарынын арасында кыргыздар биринчи жолу 6 киши санында 1889-жылы расмий статистикалык басылмаларда кездешет. Кийин кыргыздардын саны жылдан-жылга көбөйүп 1892-жылы 100 боз үйдү түзүшкөн. Алар Пишпектин чет жакаларына жайгашып, негизинен малы жок кедей-кембагалдардын катарындагы кыргыздардан болгон.

1891-1892-жылдарда Россиянын европалык бөлүгүндөгү жана Түндүк-Батыш Казакстандагы (Акмола облусу) ачарчылык жылдар мезгилинен кийин Европалык Россиядан жана дыйкан мигранттардын агымынын натыйжасында, Пишпектин тургундарынын саны 1890-1895-жылдары эки эсеге, тактап айтканда 2878 кишиден 5725 кишиге көбөйгөн. Социалдык курамын карасак, 1882-1895-

жылдардагы «Обзор...» көрсөтүлгөн салыштырма маалыматтар Пишпектин калкынын негизги бөлүгүн түзгөн шаар тургундарынын, анын ичинде шаардык класстардын (көпөстөр, ардактуу атуулдар, мещандар) санынын көбөйгөнүн көрсөтөт. Шаардыктардын арасында көрүнүктүү катмарды аскер адамдары жана аларга жакын отставкадагы жана запастагы солдаттар, казактар, ошондой эле мещандарга кошулбаган дыйкандар түзгөн.

Пишпек шаарынын калк динамикасына, улутка жана тапка таандыгы сыяктуу маанилүү демографиялык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшүнө бир катар факторлор таасир эткендиги байкалат:

*Биринчиден*, жогоруда айтылгандай эле уезддик борбордун Пишпекке көчүрүлүшү;

*Экинчиден*, тышкы саясий окуялардын кесепети катары дунгандар менен уйгурлардын көчүрүлүшү;

*Үчүнчүдөн*, падышачылыктын көчүрүү саясаты;

*Төртүнчүдөн*, 1861-жылындагы Россияда “Крепосттук укуктун” жоюлушу менен эркин дыйкандардын жер которуу процесстери. Бул жерде ички шарттар – шаар калкынын табигый өсүшү жана шаарда жана ага жакын жайгашкан айылдарда калыптанган капиталисттик мамилелердин таасири, азыраак роль ойногон.

Пишпектин жалпы калкы, 1905-1917-жж. мобилизациянын жана жергиликтүү тургундардын тыл жумуштарына чакырылышынын натыйжасында киши санынын азайганына карабастан, биринчи дүйнөлүк согуштун жылдарында да тынымсыз өскөн. Аялдардын саны эркектерге караганда көбүрөөк болгон. Бирок, биринчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги эркек кишилердин санынын азайышына карабастан, Чүй сугат тармагынын жана Жети-Суу темир жолунун курулуш иштеринин кеңейишинен, ошондой эле согуш туткундарынын эсебинен жумушчулардын жетишсиздиги кандайдыр бир деңгээлде толукталып турган. 1916-1917-жылдары 1916-жылдагы окуяларга жана жалпы революциялык кыймылдын күчөшүнө байланыштуу шаардагы аскер бөлүктөрүнүн саны көбөйгөн. 1905-1913-жылдары Пишпектин калкынын улуттук курамы дээрлик өзгөргөн эмес, бирок келгин орус жана татарлардын саны көбөйүп, кыргыз жана

казактардын саны 1907-жылы 1006 кишини түзсө, 1916-жылында болгон Үркүн каргашасынан жана мобилизациядан улам азайган.

Пржевальск шаарынын социалдык-экономикалык мааниде чыныгы шаарга айланышы, калкынын санына, анын ичинде соодагерлердин жана усталардын катмарынын өсүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизген. Алгачкы жылдарда калктын өсүшү жай жүрүп, калкынын санынын жылдык өсүшү бир нече ондогон адамдардан ашкан эмес. Мисалы, 1870-жылы Караколду түптөгөн 130 кишинин 17си гана орустар болуп, калгандарын бартер, соода жана айыл чарбасы менен алектенген өзбектер жана татарлар түзгөн (акыркылардын шаарда туруктуу түрдө жашагандыгы тууралуу тилекке каршы маалымат жок)[154]. Шаар калкынын өсүү прогрессиясына көңүл бурсак, кандайдыр бир мыйзам ченемдүүлүк байкалбайт, андыктан кээ бир демографиялык процесстердин жүрүшүн аймакта түзүлгөн саясий абалдын негизинде гана түшүндүрүү мүмкүн. Алсак, шаардын курулушунун жана калыптанышынын алгачкы кадамдары деп эсептелинген 1869-1872-жылдарда шаар тургуну катары 200 киши тегерегинде[155], 70-жылдардын аягында миңден ашык киши, 1880-жылы – 2,5 миң киши тегерегинде, ал эми 1886-жылы – 3828 киши катталган[156].

Жогорудагыдай демографиялык өсүү төмөндөгүдөй себептерден улам ишке ашкан деп эсептөө мүмкүн:

*Биринчиден*, Түркстандагы колонизатордук ишмердүүлүктүн өсүшү менен жаңы негизделген шаарларга жана шаарларды курчап турган аймактарына орус дыйкандарын отурукташтыруу процессинин башталышы, келгин орус дыйкандарына жер тилкелеринин берилиши. Дыйкандардын курулуш иштерине тартылып, туруктуу иш менен камсыз болушу. Алардын артынан жакшы жашоо шарттарга умтулган туугандарынын жана айылдаштарынын да көчүп келиши;

*Экинчиден*, XIX кылымдын экинчи жарымында Чыгыш Түркстанда түзүлгөн саясий абалдын кесепетинен жана Цин династиясынын бийлигине каршы чыккан дунгандардын жана уйгурлардын жер которгонго мажбур болушуп, Жети-Суу

---

[154] Кронгардт Г.К. Население Киргизии в последней трети XIX – начале XX века. – Фрунзе. – 1989. – С.43 (таблица).
[155] Костенко Л.Ф.
[156] Кронгардт Г.К. Население Киргизии в последней трети XIX – начале XX века. – Фрунзе. – 1989. – С.43 (таблица).

облусунда жана Борбордук Теңир Тоодо баш калкалашы. 1877-жылы ганьсулук дунгандар (алардын саны 15 миң чамалуу болгон) Бедел ашуусу аркылуу Каракол шаарынын жанына жер которушкан (аларга шаардан алыс эмес чөлкөмдөн жер берилип, биринчи дунган кыштагы Ырдык пайда болгон). Ошондой эле, ганьсулук жана чыгыш түркстандык дунгандар Фергана өрөөнүнө, шэньсилик дунгандар Торугарт ашуусу аркылуу Нарынга, андан кийин Токмок шаарына жер которушкан. Орус географы жана саякатчысы В.Ф. Полярков «Дунган көтөрүлүшүнүн акыркы эпизоду» эмгегинде, Кыргызстанга дунгандар алгач «жергиликтүү элди ачкачылык менен ажал иргеп жаткан 1877-жылдын ызгаар кышында» келишкенин жазат. Ал эми журт которуунун экинчи агымы 1881-1883-жылдары катталып, 1881-жылдын күз айларынан тарта Орус падышалыгы Иле (Кулжа) аймагын Кытайга өткөрүп берип баштаганда, Иле дайрасынын боюндагы дунгандардын (айрым маалымат боюнча, эки жылда 5 миңдей, кээ бир булактардын негизинде 14 миң) Казакстан жана Кыргызстандын аймагына келип отурукташып калган. Ошол учурдун жаңырыгы катары Чүй боорундагы дунгандар көп жашаган айыл, Россия императору Александрдын атын алган. Жер которгондордун саны аймактын демографиялык курамына өзгөрүш жараткан (анын ичинде Каракол жана Пишпекте). 1910-жылга карата статистикалык маалыматта алардын жалпы саны 20400 адам болгон. Ал эми, Ош аймагынын Кара-Суусундагы дунгандар, каада-салты менен тили толук унутулуп, өзбек тилинде сүйлөп тегерегиндеги улуттарга сиңишип кеткен;

*Үчүнчүдөн*, 1890-1892-жылдары Россиянын ортоңку губернияларындагы түшүмсүздүктүн да өз таасирин тийгизиши. Натыйжада, орус дыйкандарынын массалык көчүп келүүсү башталган. Ачарчылыктан качкан орус крестьяндары Ысык-Көлдүн жер иштетүүгө ыңгайлуу чөлкөмдөрүнө көчүп келишкен. Түзүлгөн кырдаалга байланыштуу дунгандар менен бирге Иледе жашаган уйгурлар да көчүп келүүгө аргасыз болушкан. Түрк тилдүү уйгурлар дунгандардан айырмаланып, Кыргызстандын ар кайсы аймактарына чачырап кетишкен. Алар соода-сатык менен алектенишип, негизинен шаарларда отурукташышкан. 1912-жылкы маалыматтарда Пишпек жана Пржевальск шаарларында 200 чамалуу уйгур калкы катталган[157]. Көчүп келген элдердин бири татарлар болгон. Алар

[157] Обзор Семиреченской области. За 1910. с.22.

кыргыздарга тилдеш, диндеш элдер болушуп, негизги кесипчилиги соода-сатык болгон. Татарлар, Кыргызстандын аймагына кыргыздардын Россиянын курамына киргенге чейин эле, тактап айтканда 1814-жылдардан тартып эле келе башташкан. Кыргыздардын Россияга каратылышынан кийин алар бийлик өкүлдөрү менен жергиликтүү элдин ортосундагы котормочулук милдетти аткарышкан. Алгачкы жылдары империялык бийлик алардын көчүп келүүсүн колдошсо, кийинчерээк диний жакындуулуктан жергиликтүү элдин арасында сөзү өтүп, жаңы тартиптеги мектептерди ачуу менен джадидизм кыймылынын күчөп кетүү коркунучунан улам татарларга ар түрдүү чектөөлөрдү киргизе баштаган. Натыйжада, көптөгөн татарлар кайрадан мекенине кетүүгө аргасыз болушкан. 1910-жылдагы статистикалык маалыматтарга ылайык, Кыргызстандын аймагында татарлардын саны 2200 түзгөн Алар негизинен Пишпек, Каракол жана Ош шаарларында жашаган[158].

Келгиндер тууралуу жалпылап айтсак, Батыш Кытайдан келген дунган, уйгур, сарт-калмактар жана ошондой эле, Борбордук Россия, Батыш Сибирь, Украина, Өзбекстан жана Казахстандын облустарынан жүрүп турган миграция, көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздар байырлаган Ысык-Көл уездине жана Каракол шаарына этникалык түрдүүлүк жана өзгөчөлүк алып келип, жалпы элдин арасында социалдык өзгөрүүлөргө, отурукташуу процессине жол ачкан. Ошентип, еврей, немис жана башка улуттардын өкүлдөрү менен бирге, шаарда отурукташкан саналуу кыргыздар да пайда болуп, шаарлыктардын ичинде коммерциялык жана сезондук иштерине байланыштуу шаарда убактылуу шартта кытайлыктар да жашаган. Каракол шаарынын демографиялык өзгөчөлүгүнө көңүл бурсак, эркек жашоочуларынын саны аял жашоочуларга караганда көбүрөөк болгон, бул көрүнүш шаардагы аскерлерге гана байланыштуу болбой, чет мамлекеттердин жарандарынын, кашгардык уйгурлар сыяктуу сезондук жумуш үчүн келгендерден улам да болгон. Айта кетсек, сезондук миграция аймактын ички жана тышкы соода мамилелерине жана ошондой эле маданий байланыштардын чыңдалышына таасирин тийгизген. 1869-жылы туруктуу гарнизондун Ак-Суу чындоосунан Караколго которулушу менен бир катар жылдар бою шаардык чөйрөдө көпчүлүктү аскер кызматкерлери түзгөн[159].

158 Бартенова И.Ю. Истоки переселенческого движения в Кыргызстан... с.44.
159 ЦГА Республики Казахстан. Ф.И.-44, оп.1, д.646, л.3.

Калктын артыкчылык кылган улуттук бөлүгү уезддин администрациясында дээрлик бардык кызматтарды ээлеген. Россия империясынын эң четки түндүк-чыгыш чек ара заставасы болгон Караколдо, Уйгур хандыгынын башчысы Якуб бектин аймактык дооматтарынан жана Цин бийлигинин интригаларынан улам олуттуу гарнизон дайыма даяр турган. Алсак, 1894 жылдагы Каракол шаарындагы жана уезддеги аскерлердин саны төмөндөгүдөй болгон (4.1-таблица):

**Каракол шаарындагы жана уезддеги аскерлердин саны, 1984-ж., киши**

| | **Шаарда** | | | **Уездде** | | | **Жалпы** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эркек | Аял | Жалпы | Эркек | Аял | Жалпы | Эркек | Аял | Жалпы |
| Запастагы төмөнкү кызмат адамдары | 101 | 62 | 163 | 162 | 104 | 266 | 263 | 166 | 429 |
| Жөө аскер | 638 | 121 | 759 | 178 | 38 | 216 | 816 | 159 | 975 |
| Замбирекчилер | 222 | 66 | 288 | - | - | - | 222 | 66 | 288 |
| Казактар | - | - | - | 11 | - | 11 | 11 | - | 11 |

Аскердик бирикмелер да шаардын демографиялык абалына чоң таасир тийгизген. Анткени, гарнизонго тамаш-аш, азык-түлүк, жыгач жана отун жеткирүү, аскер шаарчасынын аймагында жана офицерлердин үй-бүлөлөрүндө кызмат кылуу, негизги кирешеси дыйканчылык болгон шаар тургундарына жана жаңы көчүп келгендерге кошумча киреше алып келген.

Каралып жаткан шаарларда ар кандай конфессиялардын өкүлдөрүнүн жашаганы да анык. Алсак, Ошто 1897-жылкы эсепке караганда мусулмандардын 32886, провославдардын 995, старобряддардын 5, римдик-католиктердин 189, иудейлердин 46, протестанттардын 47 өкүлү жашашкан. Салыштырмалуу Пишпек жана Каракол шаарларында калктын басымдуу бөлүгүн православ христиандардын ар башка агымдарын кармангандар түзгөн[160] (эски ишенимдегилер жана бөлүнүп кеткендер). Бул тууралуу К.К. Палендин “Шаардык башкаруу” жөнүндөгү отчетунда да маалымат келтирилет (4.2-таблица).

Ошондой эле, таблицада берилген маалыматтар боюнча Жети-Суу облусунун уезддик шаарларында, анын ичинде Пишпек менен Караколдо, шаардын ыйгарым укуктууларынын кызматынын көпчүлүгүн орус элинин өкүлдөрү аркалагандыгы байкалат. Ыйгарым укуктууларды шайлоо ар дайым үч коомдук катмарлардын – мещандар, интеллигенциянын өкүлдөрү жана мусулмандардын күрөшү менен

[160] Старообрядцы и раскольники. ЦГА Республики Казахстан. Ф.И.-44, оп.1, д.646, л.9.

коштолгон. Мусулмандардын катышуусу, 1892-жылдагы “Шаардык жобонун” 44-беренесине ылайык, 5% менен чектелген. Ошондой эле, шаар башчылары православ динин карманган орус улутундагы мещандардан болуп, жардамчылары бир учурда жергиликтүү элдерден дайындалган[161].

**Пишпек жана Каракол шаарларындагы ыйгарым укуктуулардын диний ишеними, коомдук катмары жана билими, 1897-ж.**

| Шаарлар | Ыйгарым укуктуулар | Диний ишеними | Коомдук катмары | Билими |
|---|---|---|---|---|
| **Пишпек** | 12 | 9 православ<br>3 мусульман | 2 дворян<br>8 мещан<br>1 дыйкан<br>1 казак<br>Жергиликтүү тургундардан (сарт, дунган, таранчылар):<br>3 мещан | 1 жогорку<br>3 баштапкы<br>6 үйдө билим алган<br>2 билими жок |
| **Каракол (Пржевальск)** | 15 | 10 православ<br>2 эски ишеним<br>3 мусульман | 10 мещан<br>3 крестьян<br>2 казак<br>Жергиликтүү тургундардан (сарт, дунган,таранчылар):<br>3 мещан | 7 баштапкы<br>7 үйдө билим алган<br>1 билими жок |

Ал эми карапайым шаар тургундарына келсек, Каракол шаар тургундарынын эң чоң социалдык катмарын дворяндар түзгөн – 183 адам, алар уездде, шаар бийлигинде, сот мекемелеринде, билим берүү жана саламаттыкты сактоо ж.б. мамлекеттик мекемелерде кызмат өтөшкөн. Соода тармагынын өкүлдөрү дээрлик үч эсе аз болуп, 68 кишини түзгөн. Бирок, аз болушканы менен шаардын экономикасын өз колдорунда кармап, сооданы көзөмөлдөп турушкан. Шаар тургундардын негизги бөлүгүн шаардагы үй ээлери – 1365 киши түзүп, ал эми жергиликтүү калк менен дыйкандар негизги өндүрүштүк күчтү түзүшкөн.

Ал эми Ош шаарынын жашоочуларынын жалпы саны 43433 кишини түзүп, алардын ичинен жергиликтүү (туземдик) калктын саны 42694 кишини түзгөн. Шаардагы кыймылсыз мүлктүн ээлеринин жалпы саны 6316 киши болсо, жергиликтүү калктын ичинен 6187 киши болгон. Шаар тургундарынын арасында 1 дворян, 72 мещан, 1 көпөс, 4 жогорку билимдүү, 9 орто билимдүү жана 55

[161] Пален К.К. Городское положение.

билимдүү киши катталган. 1912-жылы орус улуттундагылардын саны 1457 адамды түзгөн[162]. Алар жер иштетүү, огород, бак өстүрүү менен эмгектенишкен.

1897-жылы жүргүзүлгөн бүткүл Россиялык эл каттоодо эне тили орус, украин жана белорус деп эсептелген калк Пишпек уезди боюнча – 12280 адамды (6,9%), Прежевальск уезди боюнча 11223 (7,6%), Ош уезди боюнча 1373 (0,8%) адамды түзгөн[163].

Аймактагы демографиялык процесстердин натыйжасында славян элдери менен жергиликтүү калк ортосунда бардык сферада өз ара алмашуулар башталып жаңы социалдык катмарлардын пайда болушуна алып келген. Алсак, кыргыздар жана орус дыйкандары ортосундагы үйлөнүү мисалдарын кездештирүүгө да болот. Бул туурасында саякатчы Г. Гинс кызыктуу маалыматтарды берген. Ал Жети-Сууга саякаты учурунда Пишпек уездинде орус улутундагы бир аял менен маектешкешип, аял өзүнүн баласынын тез-тез кыргыздарга баргандыгын, ал жактан кыргыз кызын жакшы көрүп калып, аны менен качып кеткенин, кыргыздар аны жашыруун үйлөнтүп, мал берип, көлгө жибергендерин айтып берген[164]. Г. Гинс өзүнүн талаа күндөлүгүндө Чүй өрөөнүндө эки дөңгөлөктүү арабада башына мехтен шапке жана көк бархаттан көйнөк кийген жаш орус кызынын, жанында коштоп бара жаткан кыргыз жигитине турмушка чыкканын эскерет. Токмоктогу разьезд попунун Түркстан, Ташкент епископуна жолдогон билдирүүсүндө Күркүрөө деген кыргыз кыштагында Сергей Светличный аттуу орус, эки кызын кыргыздарга күйөөгө бергенин, 11 жаштагы кызын да кыргыздар кудалап кетишкенин белгилейт.[165].

1914-жылы Прежевальск уездинде ар кандай тоскоолдуктарга карабастан кыргыз жигити Мухамбет Раимбеков орус кызы Кулагина Анастасия Дмитриевна менен үйлөнгөн. Анастасия кичинекей кезинде кыргыз балдар менен чоноюп, кыргызча таптак сүйлөгөн орус кызы болгон. Ал убакта орус кыздарынын орус улутунда болбогон элге турмушка чыгуусуна тыю салынган. Ушуга байланыштуу алар түн ичинде Тескей Ала-Тоого кыргыздар менен казактардын арасына качышкан.

---

[162] Галицкий В., Плоских В. Старинный Ош. – Фрунзе, 1987. – С. 115.

[163] Батырбаева Ш.Д. Демографическая интеграция украинского население в Кыргызстане (по материалам переписей, проведенных в XX века). Украинцы в Кыргызстане. Статьи, исследования,материалы. Выпуск 2. –С. 41.

[164]Русские путешественники и исследователи о киргизах. –Фрунзе, 1973. –С. 214

[165] Аймамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX века. – Фрунзе, 1967. –С. 61

Эртеси экөөнүн ата-энеси издешип, Преображенский волостуна кабарлашкан. Бул кабар тез эле уезд башкармасына жеткен. Экөө кармалып, Мухамбетти камап, уезд башкармасы аны Сибирге сүргүнгө айдайм деп коркуткан. Анастасия болсо, үй камагына алынган. Эки айдан кийин Мухамбетке орус менен кыргыздын үйлөнүүсүнө катуу тыю салынганын, эгер орус кызына үйлөнө турган болсо християн динине өтүү керек экендигин айтылып, каттуу эскертүү менен бошотулган. Бирок, ага карабастан, экинчи жолу алар Казакстан тарапка качып кетишкен. Ал жактан Мукамбет казактарын малын карап, Настя маал саап күнүн өткөрүшкөн. Бирок, көп өтпөй эле дагы кармалып калышкан. Кайрадан камака камалып, ал эми Анастасия ата-энесинин катуу көзөмөлүндө кармалган. Мухамбет бир айдан кийин бошотулуп, Анастасиянын ата-энесинин жоктугунан пайдаланып, үчүнчү жолу качышып, Мухамбеттин туугандарына жашынышкан. Алар түнү иштеп, күндүзү жашынууга мажбур болушкан. 1916-жылы үркүндө Кытайга качышып, бир жылдан кийин кайтып келишкен. Бирок, Мухамбетти падышанын жазалоочулары өлтүрүп коюшкан. Совет бийлигинин орношу менен Анастасия коомдук иштерге активдүү катыша баштаган. 1918-жылы ал ревкомдун өкүлү, партиянын мүчөсү Саалы Арботоев деген кыргыз кишиге турмушка чыккан. Алар Батый деген кыздуу жана эки уулду болушуп, кийин балдары мамлекеттик иштерде иштешкен[166].

Падышалык администарциянын тоскоолдуктарына карабастан, келгин славяндар арасында ислам динине өткөндөр да кездешпей койгон эмес. Мисалы 1910-жылы Федосия Михайловна ислам динине өтүп, өз эрки менен дунган кишиге турмушка чыккан. Мына ушул сыяктуу маалыматтар өз кезинде уезд начальниктеринин отчетторунда белгиленип турган. А.А. Иванов өз эмгегинде Орто Азияга көчүп келген келгиндердин санынын аздыгына карабастан жергиликтүү элдердин арасында ассимилация болбогонун, тескерисинче жергиликтүүлөр ассимилацияга учураганын жазат[167]. Муну ал убактагы жогорку бийликтин орус чиновниктеринин колунда болгонун, орусташтыруу саясатынын жүргүзүлүшү, жергиликтүү калктын көбү сабатсыз, кат таануусу ачылбагандыгы менен түшүндүргөн. Мындан сырткары кыргыз элинин канына сиңип калган эзелтен

[166] Айтбаев М.Т. Историко-культурные связи киргизского и русского народов (под материалам Иссык-Кульской области Киргизской ССР). – Фрунзе, 1957. – С. 124-126.
[167] Иванов А. Одна из наших окраин // Русский Вестник, 1889. Том 205. – С. 179.

берки атадан балага, ooздон-озго өткөн оозеки чыгармачылыгы, тил үйрөнүүгө же көрүп дароо аткаруу шыгын кошуугa болот. Албетте, бул пикирге кошулууга болбойт. Анткени, жогоруда айтылган кыргыз-орус баш кошуулары жана жергиликтүү эл арасында жашаган орустар арасында мусулман болушуп, кыргызча ысымдар алган фактыларды да айтуу абзел. Буга далил катары Ысык-Көлдөгү Покровка айылынын тургундары Фимушкиндин үй-бүлөсүн алууга болот. Фимушкиндин Иван жана Федор аттуу уулдары биринин артынан Мусулманкул жана Иманкул деген ысым алып, кыргыз кыздарына үйлөнүшкөн[168]. Мындай фактылар Ош, Нарын жана Пржевалскиде да кездешкен. Изилдөөчү Д. Айтмамбетовдун келтирген маалыматтары боюнча, айрым кыргыз салттарынан орустар да таасирленишкен. Мисалы, кызга калың төлөө салтын орустар да аткарган. Келгиндердин социалдык-экономикалык өнүгүүсүн изилдөөгө алган Е.И. Хелимский «Келгиндер менен жергиликтүү эл ортосундагы тыгыз мамиле кыргыздарды отурукташууга, жер иштетүүчүлүк менен алектенишине алып келген»[169] - деп белгилейт.

Көчүрүп келүү саясатынын алгачкы жылдары эки этнос ортосундагы карым-катнаш жакшы мүнөздө болуп, чарбада жана маданий тармакта прогрессивдүү жагдайлар байкалып келсе, XX кылымдан башынан тарта айрым келишпестиктер катталган. Алсак, калк арасында жер, суу жана жайыттын айынан чыккан чыр-чатак фактылары көбөйгөн. Өзгөчө, администрациялык бийликтин орустарга берген артыкчылыктары менен бирге кеңири жайылган паракорчулук жергиликтүү элдин кыжырын кайнатып, бул кийинки көтөрүлүштөрдүн себептеринен бири болуп калган. Ж. Абдрахманов өз кезинде белгилегендей: «Алгачкы убакта келгиндерди жайгаштыруу администрациялык бийлик тарабынан жергиликтүү элдин пайдалануусундагы жерлерди эсепке албай туруп эле жүргүзгөн. Кайсы жерде, канча жер аянты керек экендиги көз болжол менен эле чечилген. Ошондуктан, падыша бийликтерине көчмөн элдин жери эбегейсиз көптөй көрүнгөн да, алар ашыкча жерлерди тартып алуу багытына түшүшкөн. Падышалык администраторлор статистикалык жана экономикалык так эсепке

[168] Аймамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX века. – Фрунзе, 1967. –С. 62.

[169] Хелимский Е.И. Вопросы социально-экономического развития крестьян-переселенцев средней Азии в конце XIX- начале XX вв. в дореволюционной исторографии (на материалах Семиреченской области) –Бишкек, 1992. – С.21.

албай эле, жерлерди келгиндердин кыштагы үчүн алган. Алар бул жердин бош жаткан жер эместигин, ал көчмөн элдин жайыты экендиги менен, алар эртең ал жерге кайра кайрылып келе турганын эске да алгылары келген эмес».[170] Келгиндерди жайгаштырууда мына ушундай терс көрүнүштөр да болуп турган. Алгач келгиндерди отурукташтыруу көзөмөлгө алынып келинсе, кийинчерээк өз алдынча мыйзамсыз көчүп келүүлөр башталган.

Жогоруда келтирилген маалыматтар тастыктагандай, колониалдык баскынга, падышалык бийликтин жергиликтүү элге карата жүргүзгөн терс саясатына жана диний көз караштарга карабастан, кыргыз-славян эли ортосундагы социалдык-маданий карым-катнаштар айрым карама-каршылыктарды эске албаганда жакшы мүнөздө болгон.

### 4.1.2. Санитардык-гигиеналык иштердин максаты

XIX кылымдын аягында жана өзгөчө XX кылымдын башында шаардык калктын санынын бир кыйла өсүшү менен, саламаттыкты сактоо тармагы, ишине берилген дарыгерлердин болгон күч-аракети менен гана сакталып келген. Медициналык мекемелердин аздыгы, алардын жараксыз имараттарда жайгашкандыгы, кызматкерлердин аздыгы, аларды тейлөөгө падыша казынасынан бөлүнгөн каражаттын, жабдуулардын жана дары-дармектердин жетишсиздиги байкалган. Өзгөрүүлөр, Россия империясынын биринчи Буржуазиялык-демократиялык революциясынан улам козголуп, бүтүндөй Россияда, анын курамындагы Жети-Суу облусунда да, замандын талабына жараша жүргүзүлгөн. 1897-жылдын 29-майында кабыл алынган мыйзамдын негизинде Жети-Суу облусунда саламаттыкты сактоо тармагы реорганизацияланып, калкты тейлөөчү жергиликтүү медициналык жардам пункттары ачылган.[171]

1895-1902-жж. аралыгында Пржевальск шаардык администрациясын врач Н.М. Барсов жетектеген учурда, айрым кемчиликтер болгону менен, шаардын саламаттыкты сактоо тармагында позитивдүү өзгөрүүлөр байкалган. Жалпы Ысык-Көл аймагы боюнча үч медициналык пункт ачылып, бири Пржевальскиде

---

[170] Доклад Абдрахманов Ж. Киргизия как район аграрной колонизации. Влияние колонизации на общественную хозяйственную и культурную жизнь киргиз. 1931 https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:7250

[171] Айтмамбетов Д. Дореволюционные школы в Киргизии. – Фрунзе: Изд-во АН Киргизской ССР, 1961, с.220-221

ишин баштаган. Аталган медициналык пункт, учурдагы Каракол жана Тоң райондорунун аймагын тейлөөгө алып, тегерегинде жайгашкан айыл-кыштактар, шаарда жайгашкан пунктка каратылып, айыл аймактарында калктын медициналык жардам менен камсыздалышын бир аз болсо да жакшырткан.

«1872-жылдагы Жети-Суу облусунун калк саламаттыгынын абалы жөнүндөгү отчётто » мындай деп айтылат: Жети-Суу облусунда аскердик врачтар иштеген 10 гана медициналык мекемелери болгон, анын ичинде Токмоктогу 20 орундуу жана 20 кошумча койкасы бары жарым госпиталь, Каракол шаарындагы 20 орундуу жана аялдар үчүн бөлүнүп берилген 4 койкалуу жарым госпиталь кызмат көрсөткөн.

Ошондой эле, отчёттон, калкты дарылоо үчүн ар бир уездде бирден участкалык дарыгердин жана Россиянын фармацевтикалык коомунун жыл сайын 1000 рубль өлчөмүндө бөлгөн каражаттын негизинде дары-дармектер менен камсыздалган дарыканалар кызмат көрсөткөндүгү тууралуу маалымат алабыз. Аталган дарыканалар участкалык дарыгердин толук карамагында болуп, Токмок жана Каракол шаарларында ижарага алынган жеке үйлөрдө жайгашкан. Мындай дарыканаларда бейтаптарды кабыл алуучу бөлмөлөр да болгон. Дарыканалардын тез жардам бөлмөлөрүндө бейтаптарды кармоо кыйынчылык жараткан, анткени керектүү шарт болбогондугу үчүн, бейтаптар өз тамак-ашын камсыз кылууга жана ооруканада дарылануга акча төлөөгө милдеттүү болгон.

1872-жылдагы отчётто Жети-Суу облусунун уезддик врачтары тарабынан жардам көрсөтүлгөн оорулуулардын саны жана коюлган диагноздор жөнүдө кыскача маалыматтар камтылган. Алсак, отчеттук жылда келте, кургак учук, венерикалык оорулар, төрөттөн кийинки сезгенүү жана кош бойлуу аялдардын оорулары катталган. Мындан тышкары, чечекке каршы эмдөөлөр тууралуу 1872-жылдагы отчётто, калктын социалдык курамы боюнча маалымат берилет. Мисалы, жергиликтүү жана көчмөн калктар саны боюнча эң көп эмделген. Демек, жергиликтүү элдердин арасында бул ооруга чалдыккандар көп болгон.

Жети-Суу облусунун саламаттыкты сактоо тармагы, өзгөчө алгачкы медициналык-санитардык жардамды жөнгө салуу иштерин жүргүзгөн эмес. Ал тургай 12 жыл өткөндөн кийин, 1885-жылкы отчётто эч кандай өзгөрүү байкалбайт. Анда Жети-Суу облусу боюнча жалпы 5 штаттык дарыгер ишин

улантканы тууралуу айтылат. Дагы 12 жылдан кийин, 1907-жылга карата Жети-Суу облусунун шаар калкы кескин өскөн. 1907-жылдагы отчёт боюнча Жети-Суу облусунун Пишпек жана Токмок шаарларында бирден аптека болуп, аларда 1ден фармацевт иштеген. Жугуштуу оорулардын структурасында чечек, скарлатина, кептөөр, тиф, дизентерия, чума, цинга, малярия жана сифилис катталып, акыркы эки оору өзгөчө көйгөй жаратkan.

Акыр-аягы, 1911-жылдан тартып Жети-Суу облусунун уезддеринде 11 уезддик ооруканалар кызмат көрсөтө баштаган, алардын арасында Пржевальск, Пишпек жана Токмок ооруканалары. Бардык ооруканалар 1-3 жылдык мөөнөтү менен ижарага алынган имараттарда жайгашып, орточо жылдык ижара акысы 360 руб. түзгөн. Көбүнчө ижарага сапаттуу үйлөр алынып, алардын ээлери колунда бар шаар тургундары болгондугу белгилүү. Эгерде шарттар ыңгайлуу эмес болсо, дарыгер башка үйдү ижарага алуу келишимин түзүүгө уруксат берүү өтүнүчү менен Жети-Суу аймактык дарыгеринин атына арыз менен кайрылган. Кээ бир учурларда келишим түзүлүп, ага ылайык имарат ээси оңдоо иштерин жүргүзгөн. Жети-Суу облусунун медициналык жактан тейлөө кызматы, облус калкынын өсүп жаткан муктаждыктарына жооп бере албаганы анык. Эгерде, аскер катмары жана мамлекеттик кызматкерлер үчүн кандайдыр бир шарттар түзүлгөн болсо, карапайым эл үчүн 1911-жылдан баштап акы төлөнүүчү жергиликтүү ооруканаларда гана медициналык жардам алууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Уезддерде кадр жетишсиздигинен, хирургиялык операцияларды аткара алган жана акушердик-гинекологиялык жардам көрсөтө алган адистер болгон эмес. Жаңы төрөгөн аялдардын өлүмүнүн көрсөткүчү жогору болгон, бирок анын статистикасы уезддерде жүргүзүлгөн эмес. Педиатрлар болгон эмес, натыйжада эпидемия учурунда балдардын массалык өлүмү эбегейсиз деңгээлде болгон.

Каракол шаарынын медициналык пункту төрт бөлмөлүү имаратта жайгашып, биринчи бөлмөсүндө дарыгердин кабинети, экинчисинде күтүү бөлмөсү, үчүнчүсүндө жетиштүү өлчөмдөгү дары-дармектер менен камсыздалган дарыкана жайгашкан. Шаардык дарыканаларда рецепт боюнча жазылган дары-дармектер бекер берилген, бирок рецепти жок дары сатууларга тыюу салынган эмес. Медициналык тез жардамдын керектөөлөрүнө 600 рубль бөлүнгөн, бул каражаттын бир бөлүгү шаардык бюджеттен, экинчи бөлүгү уезддик каражаттан

төлөнгөн. Дарыгер амбулатордук кароону гана жүргүзгөн. Ал эми тез жардамга же узак мөөнөттүү дарыланууга муктаж болгондор аскердик ооруканага жөнөтүлгөн. Ал жерде тез жардамга муктаж жана оор абалда болгон шаардыктар жана айыл тургундары үчүн 48 керебет бөлүнгөн. Медициналык жардам улутуна карабастан көрсөтүлүп, Каракол шаарынын жана уезд калкынын саламаттыгын сактоого орус аскер врачтарынын кошкон салымы чоң болгон. 1899-, 1905- жана 1909-жылдары Ысык-Көл айыл-кыштактарына Санкт Петербург шаарынан белгилүү врачтар: Гуминский, Гуковский жана Левитская аттуу офтальмологдор, атайын медициналык жардам көрсөтүүгө келишкен. Бир айдын ичинде Левитская 1032 кишиге жардам берген.

1908-жылдын күз айларынан тарта Караколго дарыгердин кызматтык орду берилген. Эмгек акысы жылына 2000 руб. түзүп, турак жай катары дарыкананын алдында бир бөлмө бөлүнгөн. Ооруларды кабыл алуу үчүн имараттын жоктугуна байланыштуу, врач дарыканада жашап да, оорулууларды да кабыл алган. Дарыгер айымга жардам көрсөтүү үчүн фельдшер дайындалган. Шаардык дарыгердин карамагына Ак-Суу жана Жети-Өгүз минералдык жылуу булактардын иштетилиши да кирген. Шаардык администрация оорулуулар үчүн Ак-Сууда 7, Жети-Өгүзгө 9 жыгач үйлөрдү тургузуп, минералдык суулар менен дарылануу үчүн 2 ванна курулган. Бирок, шаар бийлиги аталган булактарды кармоону пайдасыз деп таап, жеке ишкерге ижарага берип койгон. К.К Палендин сенатордук ревизиясы көрсөткөндөй, жеке ишкер минералдык булактарды коммерциялык максатта колдонуп, ысык күкүрт ванналар ден-соолугуна зыян келтире турган бейтаптарды дарыгерден жашырып киргизгени жана ошондой эле көңүл ачуу кечелерге уруксат бергени маалым болгон.

Шаардыктардын, айрыкча айыл-кыштактардын медициналык жактан тейлөө көйгөйлөрү бийликтегилерге белгисиз болгон эмес. Жети-Суу облусунун аскер губернаторунун 1905-жылдагы отчетунан белгилүү болгондой, облусттук администрация абалды жакшыртууга аракет кылган эмес, ал эми шаардык бийликте медициналык мекемелерди жана дарыканаларды курууга, медициналык кызматкерлерди акча жана турак жай менен камсыз кылууга, керектүү жабдууларды сатып алууга жетиштүү каражат бөлүнгөн эмес. Аймактын чөлкөмдөрүндө медициналык кадрлар өтө жетишсиз болгон. Медициналык

кызмат орундарынын жарымы бош калган, бардык иш фельдшерлерге жүктөлгөн. Врачтардын кызматка келбегендигинин бирден-бир себеби, облустун алыскы чөлкөмдөрүндөгү пункттарда ылайыктуу турак жайлардын жоктугу. Уезд башкармасынын отчётунда белгиленгендей, Пржевальск шаарында граждандык ведомстволордон келген бейтаптарды тейлөөгө алган аскердик оорукана жана оорулууларды белгилүү күн жана сааттарда кабыл алган участкалык врачтын амбулатордук тез жардам пункту иш жүргүзгөн. Врачка фельдшерлер жана акушер айым жардам берген.

XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын башында шаардыктар, уезддин айыл тургундары, өзгөчө көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздар бир нече жолу коркунучтуу эпидемиялык ылаңдарга чалдыккан. Шаардыктардын арасында жабырлануучулар көбүнчө мектеп окуучулары арасында байкалып, мектептердин санитардык-гигиеналык абалынын начардыгынан улам болгон. 1906-жылдын февраль айында шаардык чиркөө мектебинин окуучуларынын арасында кызамык оорусу менен ооруган 26 окучуунун арасынан, өз убагында медициналык жардам менен камсыз болбогондуктан, 4 окуучу каза болгон. Оору күчөп, обочолонууга мүмкүн болбогондуктан, шаардагы мектептер жабылып, ата-энелерге профилактикалык иш-чаралар сунушталган. Жылдын аягында скарлатина да күчөп, кийинки жылы да уланган.

1911-жылы Пржевальск шаарында шаардык оорукананын жаңы имараты курулуп, пайдаланууга берилген. Тургундар ооруларга каршы туруштук бере турган дагы бир медициналык мекемеге ээ болушкан. Биринчи дүйнөлүк согушка чейинки жылдарда шаарда үч кичи оорукана иш жүргүзгөн: шаардык, уезддик жана мобилдүү. 1911-1914 жж. арасында курулган ооруканада 12 гана оорун болгону менен, эскиге салыштырмалуу замандын талабына ылайык жабдылган, экономикалык жактан коопсуз, керектөөлөр жана дары-дармектер менен жакшы камсыз болгон, аны каржылоого шаардык бюджеттен жетишээрлик каражат бөлүнгөн. 1914-жылы жугуштуу оорулуулар үчүн имараттарды курууга каражат бөлүнгөн.

Жогоруда айтылгандай, участкалык дарыгердин иш жүгү чоң болгон. Милдеттерине амбулатордук кабыл алуулардан тышкары, айыл аймактарына барып-келүүлөр, соттук-медициналык жана медициналык-полиция

экспертизалары, чечекке каршы эмдөөлөрдү жүргүзүү жана жергиликтүү тургундардын арасында чечекке каршы эмдөөчүлөрдү даярдоо кирген. Ошентсе дагы, падышалык бийлик, баарынан мурда, аскерлерди жана аймактын колониялдык элитасын медициналык жактан камсыздоого кам көрүшкөн.

Калктын ден-соолугун коргоого түздөн-түз дагы, кыйыр дагы көмөк көрсөткөн тармак, бул – ветеринария тармагы. Бирок, XIX кылымдын 90-жылдарынын ортосуна чейин Жети-Суу облусунун администрациясынын расмий документтеринде «ветеринардык врачтар жана фельдшерлер жок» деп белгиленет. Бардык ветеринарлар жана фельдшерлер аскердик бөлүктөрдө жайгашкан. 1895-жылга чейин Пржевальск шаарынын тургундары, ошондой эле жакынкы кыштактардын, уезддин көчмөн жана жарым көчмөн болуштуктарынын жашоочулары көп мал багышкан. Пржевальск шаарында бир да ветеринардык врач болгон эмес, бирок эпизоотиялык жана башка ыландар көп катталып, жаныбарлардын оорулары калктын ден-соолугуна олуттуу коркунуч жараткан. 1895-жылы гана ветеринардык кызмат жөнүндө биринчи эскерүүнү Степан Осокин тууралуу маалыматтарда кезиктиребиз.

XIX кылымдын 60-жылдарына карата Россияда бирдиктүү ветеринардык кызмат болгон эмес. Ветеринардык врачтардын жана фельдшерлердин көпчүлүк бөлүгү ар кандай ведомстволордун курамында кызмат өтөшкөн. Россияда крепостук укук жоюлгандан кийин (1861), Ички иштер министрлигинин алдында ветеринария жаатын жакшыртуу жана малдын өлүмүн токтотуу боюнча чараларды кабыл алуу боюнча өзгөчө комитет иш жүргүзгөн[172].

1868-жылдын 2-декабрында Россиянын Ички иштер министрлигинин курамында Борбордук ветеринардык башкармалыктын уюштурулушу, империяда малдын жана калктын ден-соолугуна болгон камкордуктун расмий башаты катары каралат. Борбордук ветеринардык башкармалыктын карамагына губерниялардагы жана уездердеги мамлекеттик ветеринардык кызмат (земство системасындагы), мал айдоочу жана темир жол станцияларындагы ветеринардык врачтар киргизилген. Земство системасындагы ветеринардык мекемелерден сырткары жеке ветеринардык клиникалык тармак жана жеке-ветеринарлар калкка акы төлөнгөн ветеринардык кымат көрсөтүшкөн. Ветеринардык кызматкерлердин

[172] Никитин И.Н. История ветеринарной медицины. М., «КолосС» 2006.

олуттуу бөлүгү орус армиясынын курамындагы Ветеринардык башкармалыктын катарында болушкан[173].

XIX кылымдын 70-жылдарына чейин Түркстанда эле эмес, Россиянын Европалык бөлүгүндө дагы “ветеринардык врач” термини көпчүлүк калкка белгисиз болгон. Земстволук ветеринария уюштурулганга чейин малды чала сабат эмчи-домчулар (знахарь), коновалдар жана аз сандагы помещик-филантроптор дарылашкан.

Кыргызстандагы ветеринардык кызматтын башаты катары 1891-жылы Чалдыбарда ветеринардык пункттун ачылышы эсептелинип келген[174], бирок, Россиянын мамлекеттик императордук архивинин маалыматына ылайык (РГИА, ф. 391, оп. 8, д. 6, л. 1) 1888-жылдан баштап Беловодское айылында (учурда Кыргыз Республикасынын Чүй облусуна караштуу Москва районунун административдик борбору) ветеринардык көзөмөл пункту иш жүргүзгөн[175]. Демек, Кыргыз Республикасынын ветеринардык кызматынын тарыхый башаты 1888-жыл деп кабыл алынышы керек. 1901-жылы Беловодское айылындагы ветеринардык көзөмөл пункту ветеринардык тилке болуп кайра түзүлгөн[176]. Акырындан ветеринардык кызмат калыптанып, анын жетектөөчү органдары түзүлө баштаган. Уездик ветеринардык врач кызмат орундары уюштурулуп, айрым аймактарда жана мал айдоочу жолдордо ветеринардык кызматтар иштеп, уездик ветеринардык аптекалар пайда болгон. Шаарларда касапканалар уюштурулуп, ветеринардык-санитардык көзөмөл жакшырган.

Земство ветеринариясынын түзүлүшү жана ветеринардык врачтардын санынын өсүшү менен тажырыйба алмашуу жана жайылтуу керектөөсү келип чыккан. Бул максатта губернияларда ветеринардык врачтардын съездери жана кеңешмелери уюштурулган. Съездерде жана кеңешмелерде эпизоотиялар менен күрөшүү, дарылоо жана земство ветеринариясын уюштуруу маселелери талкууланган. Земство ветеринардык врачтарынын Биринчи съезди Вятка губерниясында 1874-

---

[173] Скрябин К.И. Воспоминания о работе в Туркестанском крае. Моя жизнь в науке. Москва. 1969. 464; Алексеева Л.В. Состояние ветеринарного дела в годы революции и гражданской войны. Вестник НВГУ. 2008. 1:64 69; Лукьянов С.А. Роль Министерства внутренних дел Российской империи в развитии ветеринарии и ветеринарно-эпизоотического надзора: монография. Москва. 2019. 155; Лукьянов С.А., Удодов А.Г. Земная ветеринарная медицина: становление и развитие во второй половине XIX - начале XX века. Образование. Наука. Научные кадры. 2020. 4:86 90.

[174] Алдашев А.А. Этапы развития ветеринарии в Киргизии. – Ф., Илим, 1989; Жунушов А.Т. Ветеринарная служба на путях перестройки. Б., 1991.

[175] Мухлынин Б. Ф. История села Беловодское. 2022.

[176] Ошол эле жерде.

жылы өткөрүлсө, 1904-жылга чейин Россия империясында 148 съезд жана кеңешме өткөрүлгөн. 1907-жылдын 29-30-апрелинде Пишпекте ветеринардык врачтардын бодонун көк көйнөгү менен күрөшүүгө арналган кеңешмеси Түркстан крайынын ветеринардык бөлүмүнүн башкаруучусу Ф.Е. Курицындын төралыгында өткөрүлгөн.[177]

Россиянын Ички иштер министрлигинин 1910-жылдын 12-августундагы №825-чечими менен Жети-Суу облусуна 35 ветеринардык врач аныкталган. Алардын 32 адиси ветеринардык тилкелерге чектелсе, 3 адис облусык башкармалыкка чектелген. Облуста бардыгы 38 ветеринардык тилке ишкердик жүргүзгөн. Демек, облуста ветеринардык адистердин жетишсиздиги байкалган. Пржевальск уездинде күзүндөгү кургакчылыктан жана март айындагы калың кардын натыйжасында жайыттардын кунардуулугу төмөндөп, жуттан мал өлүмү катталган. Жугуштуу ылаңдардан бодонун көк көйнөгү (чума, Morbillivirus infectious disease, pestis bovum), шарп (aphtae epizooticae, ящур), өлөт (pleuropneumonia contagiosa bovum, повальное воспаление легких), күйдүргү (anthrax, сибирская язва) Пишпек уездинде 44 учур, кутурма (rabies, lyssa, бешенство), күл (variola, чечек, оспа) Пишпек уездинде 1 очок жана котур (acaroidosis, чесотка) катталган[178].

Бирок ветеринардык адистердин аздыгы, айылдардын жана кыштоолордун чачылып орун алгандыгы, ошондой эле падышалык чиновниктердин колониалдык мамилеси, жергиликтүү калктын малын туруктуу ветеринардык тейлөө менен камсыз кыла алган эмес. Мына ушундай шарттардын негизинде өлкөнүн ар кайсыл аймактарында, малдын ар кандай жугуштуу ылаңдары маал-маалы менен катталып турган. Мисалы, 1885-жылы Кыргызстандын учурдагы аймагында бодонун өлөтү (pleuropneumonia contagiosa bovum, повальное воспаление легких) катталса, 1887-жылы Токмок уездинин Аламүдүн айылында күйдүргү (anthrax, сибирская язва) катталган. 1890-жылы Токмок жана Пржевальск уездеринде шарп (aphtae epizooticae, ящур), 1900-жылы Пржевальск уездинде, 1904- жана 1913-жылы Пишпек уездинде койлордун күлү (variola, чечек, оспа) катталган. 1914-жылы жылкыларды армияга чектөө учурунда

---

[177] Свенцицкий М. Совещание ветеринарных врачей. Туркестанский сборник. Ташкент. 1907. Т. 428. 196-197.

[178] Обзор Семиреченской области... за 1913 год. [2], 110, LXI с. Верный: Совет. Семиречье. обл. правления, 1883-1915.

массалык түрдө жүргүзүлгөн ветеринардык текшерүү учурунда маңка (malleus, сап) аныкталган.

1910-жылдан баштап Пржевальск жана Пишпек уездеринин аймактарында 9 туруктуу иштеген төмөндөгү ветеринардык тилкелер түзүлгөн: Пишпек, Пржевальск, Токмок, Нарын шаарларында, Сазановка (азыркы Ананьево), Покровка, Көтмалды (азыркы Балыкчы шаары) жана Беловодское айылдарында. Булардан сырткары бийик тоолуу Аксай, Арпа жана Суусамыр жайлоолорунда жай мезгилдеринде иш жүргүзүүчү убактылуу ветеринардык тилкелер уюштурулган. Мындай уюштуруу иш чаралары көчмөндөрдүн малын ветеринардык тейлөөгө илимий негиздерди жайылтуунун аракеттери болгон. Бул иш чаралар, калкты отурукташтырууга болгон багыттардын бири болуп, ветеринардык ишти андан ары өнүктүрүүгө шарт түзгөн. Падышалык Россия ветеринардык кызматты өтө эле начар каржылаган. Албетте, ал каражаттын эң эле аз бөлүгү колониалдык аймактарга тийген. Ошондуктан дайыма ветеринардык аспаптардын, медикаменттердин жана дезинфекциялык каражаттардын тартыштыгы “кендирди кесип келген”. Ошондой болсо дагы, аймакта түзүлгөн ветеринардык кыматтын объектилери илимий ветеринарияны жана анын кызматын элге жайылтуунун очоктору болуп калган. Натыйжада, жергиликтүү калк мал чарбасын, селекцияны илимий негизде алып баруунун артыкчылыктарын сезе баштакан. Белгилүү болгондой, ветеринардык адистердин күч-аракети жана уезд калкынын көмөгү менен XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында малдын жугуштуу ооруларынын очокторун өз убагында жоюуга мүмкүн болгон.

Орустун алдынкы ветеринардык адистери кыргыздарды айбандардын жугуштуу ылаңдарынын эпизоотиялары менен күрөшүүнүн илимий негиздерине үйрөтө башташкан. Алар, көчмөндөрдүн мал чарбачылыгынын ветеринардык-санитардык жана эпизоотиялык абалын иликтөө менен бирге эле, кыргыздардын элдик (салттуу) ветеринариясы менен дагы таанышышкан. Орустун кээ бир демократиялык маанайдагы адистери, жергиликтүү калк менен тыгыз мамиле түзүшүп, тилин, турмуштиричилигин жана үрп-адаттарын үйрөнүшкөн. Жогорку билимдүү жана маданияттуу кишилер катары, алар сабатсыз кыргыздарды Европанын алдынкы маданиятына, кат таанууга тартышкан. Алардын бир

тобунун ысымдарын кыргыз ветеринардык адистери бүгүнкү күнгө дейре сыймыктануу менен атап келишет. Алар: XIX кылымдын 90-жылдарында келишип, ветеринардык иштерди уюштуруп, аны жүргүзүшкөн – Пишпек уездиндеги С.Ф. Заремба, Е.М. Чеботов; Беловодскидеги Н.А. Терновский; Токмоктогу В.А. Якубовский жана Пишпектеги У.Б. Базанов, С.М. Воскресенский; Пржевальск уездиндеги С.Н. Осокин, А.Н. Касаткин[179], П.И. Ливотов.

Эң өкүнүчтүүсү, Совет мезгилине чейин кыргыздардын арасынан бир дагы киши атайын ветеринардык адистик ала алган эмес. Ошондой эле, Россия империясынын мезгилинде Кыргызстандын аймагында ветеринардык багыттагы бир дагы окуу жайы жана ветеринардык лаборатория ачылган эмес[180]. Кемин өрөөнүнөн чыккан Жанек (Жакып) Солтоноев Варшава ветеринардык институн 1910-1914- жылдарда окуп, Биринчи дүйнөлүк согуштун айынан институтту бүтпөй калып, 1929-жылы Алматыдагы зооветеринардык институтту экстерно бүтүрсө[181], 1911-жылы Абдыкерим Сыдыков гимназияны аяктап, окуусун улантуу үчүн Казань университетинин ветеринария факультетине тапшырган. Бирок, ал жактын суук жана нымдуу аба ырайы ден соолугуна тескери таасирин тийгизип, университетти бүтпөй калган[182].

## 4.2. Шаарлардын маданий турмушундагы жаңылыктар

### 4.2.1. Билим берүү тармагынын өнүгүшү

Биринчи светтик мектептер жана саламаттыкты сактоо бөлүмдөрү аймакта XIX-кылымдын 70-жылдарында пайда болгон. 1879-жылдын 31-октябрында шаар тургундары жана окуучулардын ата-энелеринин катышуусунда Пишпекте биринчи окуу жайы болгон приходдук мектептин ачылышы болгон. Мектепке биринчилерден болуп катталган окуучулардын ичинен 42 эркек (алардын арасында бир гана кыргыз) жана 12 кыз болгон. Шаарда мектеп жашындагы

[179] Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун архиви. F. 1070. Оп. 1. Д. 6. Л. 75-80.
[180] Проект «Киргизский фотоархив». Киргизия. Наука и образование. Ветеринария. http://www.foto.kg/galereya/page,1,129,1521-kirgiziya-nauka-i-obrazovanie-veterinariya.html.
[181] Алдашев А.А. Этапы развития ветеринарии в Киргизии. – Ф., Илим, 1989; Кадыров Ы. Кыргыздын Гиннес китеби. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, Бишкек. 2008. 216.
[182] Плоских В.М. А. Сыдыков: героическая и трагическая судьба переводчика периода восстания 1916 г. Новая политика Всходня. 2016. 2(11): 220-233; Кубатова А.Е. Абдыкерим Сыдыков и некоторые вопросы формирования национальной разведки. Вестник Кыргызского государственного университета И. Арабаевой. 2020. 4:39-45.

балдардын санынын көбөйүшү менен биринчи Пишпек приходдук мектеби шаардык бир класстык эркектер чиркөөсүнүн мектеби деп аталып, кыздар үчүн өзүнчө 2-категориядагы чиркөө мектеби да ачылган.[183]

Түркстан аймагында, а.и. Жети-суу жана Фергана облустарынын шаарларындагы мектептерде бирдиктүү окуу программаларынын жоктугу, мектеп имараттарынын жана керектүү окуу куралдарынын жетишсиздиги билим берүү тармагына терс таасирин тийгизген.[184]

1889-жылдын аягында Пишпекте, багбанчылыктын, дыйканчылыктын жана жибек өстүрүүнүн ыкмаларын практикалык түрдө үйрөтүүнү көздөгөн, кыргыз багбанчылык мектебинин пайдубалынын түптөлүшү шаардын билим берүү турмушундагы кубанычтуу окуя болгон. Сабактар 1890-жылы башталып, окуучуларын акылары жана керектөөлөрү кыргыздардан чогултулган каражаттардын эсебинен каржыланган. Мектептин жеке жер тилкеси болбогондуктан, сабактар шаардын бакчасында жүргүзүлгөн. А.М. Фетисовдун жетекчилигинде көчмөндөрдүн балдары мөмөлүү дарактарды, жүзүмдөрдү, жашылчаларды жана тамекинин премиум сортторун өстүрүп, ошондой эле жибек өндүрүүнү практикада үйрөнүшкөн. Англиялык миссионер Г. Лансдел Токмок жана Пишпек шаарларында Россиянын курамына киргенден кийинки маданий өзгөрүүлөргө көңүл буруп, Пишпектеги А.М. Фетисов жетектеген айыл чарба мектебинде болуп, анын ботаникалык бакчасына кызыгып, көпөлөктөр менен коңуздардын коллекцияларынын кызыктуу экендигин белгилеген. Студенттер кыш мезгилинде, талаа окууларынан бош убактыларында зоология, ботаника, ошондой эле айыл чарба багытындагы, физика, орус тили, география жана тарых боюнча жана жалпы фундаменталдуу предметтер боюнча негизги маалыматтарды алышкан. 1894-жылы мектеп Төмөнкү айыл чарба мектебине өзгөртүлгөн.[185]

К.К. Палендин Түркстан аймагы боюнча жүргүзүлгөн сенаттык текшерүүсүнүн 1910-1911-жылдары жарык көргөн отчётунда аймактын экономикалык, социалдык жана маданий абалын чагылдырган ишенимдүү статистикалык маалыматтар бар. Отчётто Пишпекте төмөндөгү окуу жайлар болгондугу

---

[183] Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980, с. 53
[184] Приваловский И. Положение школьного дела в Семиреченской области. — Русский начальный учитель, 1881, № 11, с. 12.Турк. сб., т. 272, с. 163—207
[185] Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980, с. 59-60

белгиленет: 1). Балдардын үч класстык шаардык училищеси; 2) Балдардын бир класстык шаардык приходдук училищеси; 3) кыздардын бир класстык шаардык приходдук училищеси; 4) Жер иштетүү жана жерге жайгаштыруу Башкы башкармалыгынын айыл-чарба мектеби; 5).Чиркөө-приходдук мектеп; 6). Шаардык ветеринардык амбулатория.[186]

Пржевальск щаарынын билим берүү тармагынын 1895-1917-жж. арасын камтыган этапында, баштапкы мезгилине салыштырмалуу, өнүгүүгө карай өзгөрүү байкалат. Светтик жана конфессиялык окуу жайларында мектептердин саны, мугалимдердин жана окуучулардын саны көбөйгөн. Мындан тышкары, диний окуу жайлардын – мечиттердин алдындагы мектептердеги окуу программаларына светтик билим жана жарандык тарбиялоо ыкмалары барган сайын көбүрөөк кире баштаган. Мындай көрүнүш, салттуу ислам жана эски ыкмадагы мектептерге салыштырмалуу, көпчүлүк учурда жаңы усулдагы мусулман мектептеринде байкалган. Ар кандай типтеги орус мектептери (училищелер) шаардын жана казынанын материалдык колдоосунда болсо, туземдик мектептер мурдагыдай эле жергиликтүү улуттарынын диний жамааттарынын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттарынын эсебинен жана окуучунун ата-энеси жана туугандарынын төлөмдөрүнөн каржыланган. Н.М. Барсовдун колдоосу да маанилүү роль ойногон, ал орустардын жана жергиликтүү калктын да билим алуусуна жакшы көңүл бурган. Өз доорунун агартуучу адамы, элге берилген билимдин түбөлүктүүлүгүн түшүнүп, кыргыз балдарынын билим алуусуна өзгөчө кам көргөн. Семиреченск облусу боюнча мектептеринин инспектору Якоби, Түркстан крайы боюнча мектептеринин башкы инспектору Ф. Керенскийге 21 апрель 1900-жылы жазган катында, Пржевальск шаарынын башчысы, Пржевальскдин аскердик ооруканасынын врачы Н.М. Барсовдун окуу жайларынын ишмердигине активдүү катышканын, билим берүү тармагына башка тармактарга салыштырмалуу чоң маани бергенин жана көптөгөн долбоорлордун үстүндө иштегенин билдирген. Эң башта өздүк имараты болбогон Пржевальск айыл чарба окуу жайы кыш айлары анын үйүндө жайгашкан. Н.М. Барсов, окуучунун саны көп мектептерге кошумча мугалимдердин алынышы жана жаңы имараттарынын курулушу үчүн шаардык кеңешинин депутаттары тарабынан каражат бөлүнүп берилишине бардык

[186] Пален К.К. Городское управление.- СПб., 1910. С.248-252, 299-302

аракетин жумшаган. Ал эми обладминистрациянын алдында талыкпай жаңы мектептерди ачууну суранып, убактысын да, күчүн да аяган эмес. Каракол шаарынын эл агартуучулук тарыхынын эң алгачкы барактары шаар башчысы болуп, шаардын ийгилиги үчүн көп иштерди жасаган көрүнүктүү инсандын өмүр жолу менен байланышкан. Н.М. Барсовдун ишмердүүлүгүнө ыраазы болгон шаардыктар анын урматына эстелик-бюст тургузушкан, тилекке каршы, ал сакталып калган эмес. Н.М. Барсовдун ишмердиги жөнүндө кененирээк "Пржевальск коомдук башкармалыгынын 1901-жылдагы ишмердиги жөнүндөгү маалыматтарда" берилген. Шаардык администрация шаардын жашоо шарттарын жакшыртууга, анын ичинде санитардык абалына жана мектептердин абалына өзгөчө көңүл бурган. Шаардын төрт жылдык эркек балдар үчүн мектебинин имаратынын ремонту жасалып, ички дубалдарынын сырдалышы каражаттын тартыштыгынан кийинки жылга калтырылган, жалпы 1462 руб. 20 коп. жумшалган. Шаардын администрациясы, мектепке дагы бир мугалим кызматтык ордун ачуу үчүн 360 руб. каражат бөлгөн. Мындан тышкары, кийинки жылы кыз-келиндер мектеби үчүн эки кабаттуу жаңы имараттын курулушун баштоо пландалып, бул үчүн олуттуу чыгымдар талап кылынган.[187]

XX кылымдын башында Каракол шаарындагы билим берүүнүн абалы жана өнүгүүсүндөгү жылыштарды статистикалык, расмий документтердин жана адабий булактардын негизинде байкоого мүмкүн. 1895-1896-окуу жылынын башында шаардагы төрт мектепте (уезддеги жалпы 7 мектептин ичинен) 400-450 окуучу окуган, мурдагы жылдарга салыштырганда, окуучунун саны бир топко өскөн. Мисалы, 1874-1875-окуу жылында 7 мектепте жана 1879-1880-окуу жылында 2 мектепте жалпы окуучу саны 240ка жеткен эле. Шаардык коомдук администрациянын ишмердүүлүгүнүн алгачкы жыйынтыктары ушундай болгон. Ошентип, 1895-жылга карата иштеп жаткан мектептерден тышкары дагы эки мектеп: 150 окуучу окутула турган эки класстык эркек балдар мектеби жана негизинен орус жана башка европалык улуттагы 60 окуучу катталган кыздар мектеби ачылган (1898-жылы). XX кылымдын башынан бери шаардын башкаруу органдары, мектеп жашындагы көптөгөн балдардын окуу жайларынан сыртта калгандыгынан улам, облустук жана крайдык жетекчиликтерге чиркөө алдында

[187] Рыскулов Т.М. История города Каракола (1869-1918гг.). Кандид.дисс.. – Б.: – 1994. С. 118-119

эркек балдар үчүн мектебин ачуу өтүнүчү менен кайрыла баштаган. 1901-жылы шаардык администрация аталган максат үчүн 300 рубль бөлүп, казынадан кошумча 620 руб. талап кылган. Тилекке каршы, Каракол менен Пишпекте чиркөө алдында эркек балдар үчүн окуу жайларынын ачылышы зарыл деп эсептелгени менен эч кандай натыйжа берген эмес. 1903-жылы Түркстан крайындагы шаардык мектептердин башкы инспектору Ф. Керенский жогорку административдик органдарга Каракол, Пишпек жана Копалда башталгыч жана чиркөө алдында мектептердин ачылышы пайдалуу болоорун айтып, мектептердин жетишсиз болгонун белгилеген. Акыры иш алдыга жылып, 1903-жылы Караколдо чиркөө алдындагы эркек балдар үчүн экинчи мектеп салтанаттуу түрдө ачылган.[188]

1905-жылдын "Пржевальск уездинин сүрөттөлүшүндө" Пржевальск шаарында эркер балдарды окутуу үчүн төрт класстык мектеп жана чиркөө алдындагы мектеп, ошондой эле бир класстык кыздар мектеби иштеген; мындан тышкары 1-августтан баштап шаар училищесинин алдында, коомдук каражаттын эсебинен, жергиликтүү окуучулар үчүн мектеп-интернат ачылып, 1906-жылы кыргыз интернаты менен орус-тузем мектеби ачылган. Интернат, уезддеги кыргыз болуштуктарынын төлөмдөрүнүн эсебинен каржыланып, окуучулар турак-жай жана тамак-аш менен камсыз болушкан. 1899-жылы мектептин алдында кол өнөрчүлүк класстары ачылып, 1902-1904-жж. 40-50 окуучу жыгач устачылык жана темир устачылык боюнча билим алышкан. Тилекке каршы, мектептин толук программасын аяктагандар аз болгон. 1902-1903-окуу жылында 14 гана окуучу тастыктоочу документтерди алууга жетишкен. Шаарда кесиптик-техникалык окуу жайы болбогондуктан, кол өнөрчүлүк класстарынын популярдуулугу өскөн. 1905-жылы 213 окуучунун көпчүлүгү орустар болсо, жергиликтүү элдин арасынан 60 окуучу болгон. Кийин, 1907-жылы жалпы эл үчүн кол өнөрчүлүк курстары ачылган.[189] Байкалып тургандай, шаардыктар кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсүн туура көрүп колдошкон.

Каракол шаарынын калктын санын көбөйүшү менен бирге артыкчылыктуу жана бай катмарлардын түптөлүшү, шаар башкармалыгынын алдында эркек балдар жана кыз балдар үчүн гимназияларын ачуу зарылдыгын пайда кылган. 1910-

[188] Туркестанские ведомости.1903, № 77; Рыскулов Т.М. История города Каракола (1869-1918гг.). Кандид.дисс.. – Б.: – 1994. С.120.
[189] Ысык-Көл облустук архиви Ф.1108, Оп.1, Д.3;

жылдын февраль айында шаардык өкүлдөрдүн кеңеши, каржылануусуна 10 миң рубль бөлүштүрүү милдеттемесин алып, калган каражатты мамлекет тарабынан бөлүштүрүп берилишин суранып, Жети-Суу облусунын билим берүү инспекторуна прогимназия ачуу өтүнүчү менен кайрылган. Бирок, башкы инспектор казынанын тартыштыгына таянып, бул демилгени колдогон эмес. 1911-жылдын 4-мартында шаардык администрация, каржылануусуна 13 миң руб., ижарасына 6 миң руб. бөлүнгөн окуу акысы төлөнүүчү прогимназия ачкан. Аз өтпөй, Түркстан генерал-губернаторлугунан, шаардык бюджеттин эсебинен, Каракол шаарында даярдоо курсун камтыган, 4 класстык кыздар үчүн гимназиясын ачуу буйругу келген. 1911-жылдын октябрында анын салтанаттуу ачылышы ишке ашып, гимназиянын кадр курамын төмөндөгүдөй бекитилген: педагогикалык кеңештин төрагасы – 1, директор – 1, мугалимдер – 8, анын ичинде – 4 филолог, мыйзам таануучу – 1, кароолчулар – 2 жана башка кызматкерлер – 2. Гимназияда окуган окуучулардын саны кыздардын эки жылдык мектебинин эсебинен жыл сайын көбөйгөн: 1911-жылы – 60ка, 1912 – 80ге жана 1916-жылы – 94кө. Гимназияда окуу акысы олуттуу болгондугу (жылына 75 рубль), окуучулардын колунда бар социалдык катмарларга таандыгын билдирет. Мисалы, 36 кыз – дворян жана чиновник, 10 – бай дыйкан жана казак үй-бүлөлөрүнүн өкүлдөрү болгон. Кийинки жылдары, прогимназияда дворян, чиновник жана диний кызматкерлердин үй-бүлөлөрүнөн 23 кыз, шаардыктардан жана казактардан 36 кыз окугандыгы, окуу акысы бир аз төмөндөтүлгөндүгүн билдирет. 1914-жылы шаар жетекчилиги прогимназияны гимназияга өзгөртүү маселесин күн тартибине алганда, Россиянын агартуу министрлиги макулдугун берип, бардык чыгымдар шаар тарабынан каржылануусун шарт катары билдирген. [190]

Мындан тышкары, башка окуу жайларынан өзүнүн профессионалдык багыты менен айырмаланып турган башталгыч айыл чарба мектеби ишин жүргүзгөн. Айыл чарба мектебинде негизинен шаардын жарды катмары жана кыргыз дыйкандарынын балдары окуган. Мектептин максаты – жаштарды практиканын негизинде окутуу, айыл чарба өндүрүшү жана анын ар түрдүү тармактары менен тааныштыруу. Каракол мектептин өзүнүн имараты болуп, жыл сайын 10-октябрда

[190] Рыскулов Т.М. История города Каракола (1869-1918гг.). Кандид.дисс.. – Б.: – 1994. С.123

окуучулар теориялык курс алуу үчүн жакынкы чарбалардан келишкен. Мектептин китепканасы жана чоң бакчасы болгон. Кээ бир бөлмөлөрү жыгач жана бут кийим устаканаларга ижарага берилген. Кийинчерээк окуучуларга дыйканчылык жана мал чарбачылыктын негиздери окутула башталган. [191]

Шаардан 12 верст узакта жайгашкан мектепке караштуу мал чарба фермасында 28 жылкы, 64 бодо мал, 72 кой, 27 эчки багылган. Биринчи дүйнөлүк согуштун алдындагы жылдарда, ферманын мал жандык курамы Борбордук Россиядан алынып келинген асыл тукум мал менен толукталган. Айыл чарба мектебинин окуучулары үчүн жалпы предметтерден (орус тили жана жазуу эрежелери, арифметика жана геометрия, география жана тарых, укук билимдери жана православ окуучулары үчүн Библия негиздери), табигый илимдерден (ботаника, химия) жана ошондой эле, атайын дисциплиналардан (дыйканчылык, бакчылык, малчылык, сүт өндүрүү жана аарычылык) милдеттүү болушкан. Мектептин финансылык абалы, тейлөөгө бөлүнгөн каражатка караганда, жалпы билим берүүчү жана кесиптик окуу жайларынан айырмаланып, канааттандырарлык болгон. Окууну жана практиканы рационалдуу уюштуруу, квалификациялуу педагогикалык кадрларды даярдоо менен айыл чарба мектебинен жана анын окуучуларынан жакшы жыйынтыктарды күтүүгө болгон. Тилекке каршы, 1916-жылдагы кайгылуу окуялардын кесепеттеринен улам мектеп ишин токтоткон.

1906-жылы Пржевальск шаарында орус-тузем мектеп-интернаты ачылып, 53 кыргыз окуучу каттоого алынган. Аталган мектеп диний көз караштагы эң төмөнкү типтеги окуу жайы болгон.

1908-жылы сенатор К.К. Пален тарабынан аймактын бардык тармактарына жүргүзүлгөн ревизия боюнча көптөгөн маалымат алууга жана ошол кездеги абалга баа берүү болот. Мисалы, орус өкмөтү тарабынан Түркстан чөлкөмүнүн ар кайсы мезгилдеринде жана аймактарында билим берүү гана эмес, негизинен улуттук-идеологиялык максаттарда орус-тузем мектептер деп аталган окуу жайлар ачылганы менен, аларда билим берүү стандарты каралган эмес.[192] Аталган мептептердин педагогикалык кызматкерлери Ташкент шаарындагы мугалимдер семинариясынан өзгөчө билим алышып, эки тилди (сарт жана перс тилдери)

---

[191] Ошол эле жерде, с. 124
[192] Айтмамбетов Д. Дореволюционные школы в Киргизии. – Фрунзе: Изд-во АН Киргизской ССР, 1961, с.245

өздөштүрүшкөн. Статистикалык обзорго ылайык, Пржевальск уездинде жалпы 4 орус-тузем мектеби иштеп, кээ бир мектептерде окуу натыйжалуу болгон. Алардын жергиликтүү калктын билим алуусуна кошкон салымы абдан чоң. Бирок, К.К. Палендин сенатордук ревизиясынын материалдарынан көрүнүп тургандай, Пржевальск шаарындагы орус-тузем мектебинин окуучуларынын билими, мектепте түзүлгөн абалдан улам, төмөн жана жетишсиз болгон. К.К. Палендин берген маалыматы боюнча, жергиликтүү администрациянын өкүлү К.И. Савичтин жана билим берүү инспектору А. Куценконун, 1908-жылдын 2-сентябрында Пржевальск мектебинде жүргүзгөн кабарсыз текшерүүдө бир топ катачылык менен бирге тартип бузуу аныкталган. Окуучулардын айтымы боюнча, сабактар өз убагында өткөрүлбөгөндүгү, окуу журналдардагы маалыматтар формалдык түрдө толтурулгандыгы, мугалимдердин профессионалдык жетишсиздиги жана ошондой эле этикага жатпаган мамиле көрсөткөндүгү аныкталган. Мисалы, Андреев аттуу мугалим, сабакты өтпөй, 9 ай бою үзгүлтүксүз, ал тургай, алдын ала айлык алып турган, сенатордук текшерүүнүн натыйжасында, Андреев соттолгон.[193]

Жогоруда белгиленгендей, Пржевальск шаарында баштапкы билимди светтик жана диний мектептерде алууга бирдей мүмкүнчүлүгү болгон. Биринчи топко негизинен орустардын жана башка европалык улуттардын балдары, экинчисине мусулман калк, анын ичинде өтө аз болсо дагы кыргыздар да кездешкен. Мектептер жетишсиз болгон учурда, сыйынуу жайлардын саны ар бир он жыл сайын көбөйгөн. Пржевальск шаарында эки православ чиркөөсү бар болгон, бири шаардын борборунда, экинчиси отставкадагы полковник Гаврила Степанович Петелиндин каражатына курулган шаардын көрүстөнүндө жайгашкан. Пржевальск шаарында жалпы 6 мечит бар болгон: 1 татар, 3 сарт жана 2 дунган улуттарына таандык мечиттер. Бардык мечиттердин алдында окуучулардын саны туруксуз болгон диний мектептер иш алып барган. Мындай мектептерде мамлекет тарабынан бекитилген программа жана туруктуу график болгон эмес. Окуучулар талаа иштеринен бош болгон убакыттарында, молдо тарабынан жүргүзүлгөн сабактарга катышкан.[194]

---

[193] Рыскулов Т.М. История города Каракола (1869-1918гг.). Кандид.дисс.. – Б.: – 1994. С.127-128
[194] Ошол эле жерде, с.129

Кыргызстанда салттуу исламдын негизинде ачылган окуу жайлар Совет бийлигинин алгачкы жылдарына чейин элге кызмат көрсөткөн. Падышачылык өкмөттүн администрациясынын көргөн чараларына карабастан, аймакта диндик окуу жайлар азайган эмес, тескерисинче көбөйгөн. 1914-жылы Ош уездинде 88 медресе болуп, анда 1178 окуучу окуса, Пишпекте 45 окуучу окуган медресе болгон. Пишпектеги мектептерде иштеген молдолордун орточо 1200 рубль айлык акы алып иштегени туурасында маалымат кездешет. Медреселерге вакыфтардан киреше жакшы түшкөн. Ош шаарындагы 7 медресенин 365 вакыфтык дүкөнү (лавка) болсо, 4 медресенин вакыфтык караван-сарайлары болгон.[195]

Орто Азияда, анын ичинде Кыргызстандын аймагында да, мектеп, медреселерден тышкары кары-кана, даляил-каналар да болгон. Булар мектептин төмөнкү баскычына окшош болгон. Түркстан аймагы боюнча төмөнкү баскычтагы мындай каналардын саны 1897-жылы 341ге жеткен. Кары-каналар менен даляил-каналар көбүнчө Кыргызстандын түштүк аймагында кездешип, бир эле Ош шаарында 8 кары-хана болгон. Илимий эмгектердеги булактар боюнча медресеге таандык ондогон соода түйүндөрү болгон. 1877-жылы медресеге караштуу Ош шаарында 71 соода жана кол өнөрчүлүк түйүндөрү болсо, 1882-жылы алардын саны 80ге жеткен, ал эми 1906-1907-жылдардагы маалымат боюнча медресеге таандык соода, кол өнөрчүлүк жайлар менен устаканалардын саны 120га жеткен. 1878-жылы Түркстандын генерал-губернатору фон Кауфман Фергана областында 8 окуу жайды, Маргалаң шаарына 4 класстык училище, 2 класстык приходдук училище (диний жана светтик башталгыч билим берүүчү орус мектеби), Кокон, Наманган, Ош шаарларына 1 класстан турган шаардык мектептерди жана кыздар үчүн 1 класстуу приходдук училищелерди ачууга уруксат берген. [196]

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Түркстан облусунда И. Гаспринский жетектеген жадидчилик кыймылы пайда болгон. Жадидчилер мусулман мектептериндеги окуу программасында реформаларды жүргүзүүнү көздөп, Кыргызстандын аймагында жадидчилер чыгарган газеталар, китептер тарай баштаган. Тарыхый маалыматтар боюнча И. Гаспринский Кыргызстанга эки жолу келген, биринчи келишинде Каракол шаарындагы жаңы усулдук мектепти

---

[195] Карыева А. Кыргызстанда агартуучулуктун калыптанышы жана өнүгүшү (XIX - XX к. башы), 2017, 93 б.

[196] Ошол эле жерде, с. 152

ачып, алгачкы сабакты өзү өткөн. Мындан сырткары Пишпекте "медрасаи-иштидат", Токмокто "медраса икбалия" мектептеринин ачылышына таасир эткен.[197]

Кыргызстандын аймагында жаңы усулдук мектептер XX кылымдын башынан баштап жайыла баштаган. 1901-1902-жылдарда Пржевальскиде 3, Пишпекте 2, Токмокто 1 жаңы усулдук жадид мектептери ачылган. Кыргыз жергесинде мындай мектептер адегенде Пишпек, Токмок жана Каракол шаарларында 1901-1902-жылдары Казань, Уфа тараптан келген татар миссионерлеринин, агартуучулардын демилгеси менен ачылган. 1912-1914-жылдарда Пишпек шаарындагы жаңы усулдук мектепте 70 кыз окуган, аны 50сү татар, 20сы кыргыз болгон. 1910-жылы Ошто ачылган Фазылбек Касымовдун мектебинде кыздар да окушкандыгы белгилүү. Аларды Казань, Уфа шаарларындагы кыздардын мектептерин бүтүрүп келишкен татар, башкыр мугалимдер окутушкан.[198]

Шаардагы дээрлик бардык мектептердин материалдык абалы оор болгон. Билим берүү министрлиги жана шаар тарабынан бөлүнгөн каражат имараттарды оңдоого, жабдууларды жана окуу куралдарын сатып алууга, китепканаларды толуктоого жеткен эмес. Мектепте жогорку билимдүү кызматкерлер саналуу болгон. Мугалимдердин аймакта иштөөсү үчүн шарт түзүлгөн эмес.

Билим берүү кызматы бекер жана милдеттүү көрсөтүлгөнүнө карабастан, окуучулардын сабактарга катышуу активдүүлүгү жана баалоо көрсөткүчтөрү өтө төмөн болгону жана эки жыл окуган соң окууну таштап кетишүүсү байкалган. Мектепти 3-4 жылдык окуу курсун толук саналуу гана окуучулар, көбүнчө ата-энеси бай жана колунда бар үй-бүлөлөрдүн балдары бүтүрүшкөн. Бирок, «агартуунун жемиштери» жалпы сабаттуулукка оң таасирин тийгизген, муну 1897-жылы Караколдо өткөн Бүткүл Россиялык биринчи эл каттоонун маалыматтарынан да көрүүгө болот: сабаттуулар, элдин жалпы санынын 20% түзгөн. Анын ичинде эркектер арасында 27,6% жана аялдар арасында 10,2%. [199]

**4.2.2. Маданий–агартуучулук тармагы**

---

[197] Ошол эле жерде, с. 211
[198] Ошол эле жерде, с. 216
[199] Рыскулов Т.М. История города Каракола (1869-1918гг.). Кандид.дисс.. – Б.: – 1994, с.121

Кыргызстандын Россияга каратылышынын прогрессивдүү натыйжаларынын бири – көрүнүктүү саякатчылар жана алдыңкы окумуштуулар тарабынан аймакты ар тараптуу табигый-тарыхый багыттагы жана башка изилдөөлөрдүн башталышы болуп, кийинки илимий изилдөөлөргө кызыгууну жаратууда П.П. Семенов Тянь-Шаньский, Н.М. Пржевальский, Н.А. Северцов, А.П. Федченко, И.В. Мушкетов, Б.В. Радлов, В.В. Бартольд сыяктуу орус илиминин көрүнүктүү өкүлдөрү чоң салым кошушкан. Алардын изилдөөлөрүнүн натыйжасында, дүйнө жүзүндөгү жалпы илимий коомчулуктун назарында кыргыз элинин тарыхы жана өзгөчө маданияты жөнүндө түшүнүгү пайда болгон. Чет өлкөлүк илимий экспедициялардын катышуучулары уезддик шаарларга тез-тез келип, аларды даярдоочу базага айландырышкан.

Пишпекте мезгил-мезгили менен изилдөөчүлөрдүн болушу анын коомдук жана маданий турмушун бир топ жандантткан. Пишпектиктердин социалдык жана маданий активдүүлүгү өтө чектелүү болгон. XIX кылымдын 70-80-жылдарында диний майрамдардан башка шаардыктарда көңүл ачуучу кызыктуу эч нерсе болгон эмес. Анда-санда гана шаар балдарынын кубанычына, шаарга индиялык фокусниктер жана өзбек циркачтар келип турушкан. [200]

Пишпектиктер туулган күндөрдө, диний майрамдарда жана ушул сыяктуу маанилүү даталарды белгилөөдө, сөзсүз түрдө бири бирине конокко барып, толтура тамак-аштын жана алкоголдук ичимдиктерин түгөтүлүшү менен коштолгон. Ал эми XIX-кылымдын 90-жылдарынын башында шаардык мектепке Петербургдан жаңы мугалимдердин келиши менен шаардын коомдук турмушунда өзгөрүүлөр башталып, шаар тургундарынын лексиконунда хор, спектакль сыяктуу түшүнүктөр пайда боло баштаган. В.М. Фрунзенин үйүндө жаңы мугалимдердин бири Константин Флорович Свирчевскийдин жетекчилигинде жумасына бир жолу жаштар топтолуп, ырларды ырдап үйрөнүшкөн. Ошондой эле, 1891-жылы Пишпекте А.Н. Островскийдин пьесалары жана Н.В. Гогольдун комедиялары ышкыбоз топтору тарабынан коюлуп, ага көптөгөн шаардыктар үй-бүлөлөрү менен катышкан.[201]

---

[200] Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980, с.64
[201] Бедельбаев А. Деятельность первых культурно-просветительных учреждений Кыргызстана (конец XIX – начало XX века), Вестник КРСУ. 2006. Том 6. № 10, с.6

Каракол шаарынын маданий-социалдык турмушунда шаардын жогорку жана төмөнкү катмарынын материалдык жана руханий принциптери, расмий жана элдик агымдары, светтик жана руханий аспектилери, байыркы каада-салттары жана инновациялары, социалдык жана улуттук баалуулуктары өзгөчө түрдө сынган. Бирок анын негизги белгилери падышалык-колониялык жана орусташтыруу позициясынан чыгып сүйлөгөн же патриархалдык-феодалдык салттарды коргогон коомдун алдыңкы, демократиялык элементтери менен консервативдүү реакциячыл күчтөрдүн ортосундагы түз жана ачык, кыйыр жана көзгө көрүнбөгөн тирешүүдөн байкалган.

Уезддик шаарлардын социалдык жана маданий турмушу ар кандай ышкыбоздук бирикмелер тарабынан кызыктырылып, өзгөчөлөнүп турган. Түркстан жана Батыш Сибирь соода-маалыматтык жана башка басылмаларда Пржевальск уездинин расмий мүнөздөмөлөрүндө мамлекеттик мекемелердин тизмесинен кийин эле, маданий-агартуучулук, кайрымдуулук, соода, финансы жана кредиттик кызмат көрсөткөн коомдук бирикмелерге шилтеме берилген. Мисалы, 1905-жылы Пржевальск уездинде коомдук китепканадан тышкары, окутуучулар арасында көмөктөштүк, драмалык искусствону сүйүүчүлөр, балдар үйлөрүнүнө жардам берүү жана Россиянын кызыл крест коомдору жайгашкан. Кийинки жылдарда мындай уюмдардын саны өскөн. Тилекке каршы, шаардын калкынын көпчүлүгүн түзгөн карапайым катмардын күнүмдүк түйшүгүнөн улам, кайрымдуулук коомдорунун ишмердигине жетиштүү деңгээлде көңүл бурулган эмес. Ал эми колунда бар жана кайрымдуулук иштерин алып барууга бардык шарты бар катмардын көңүл ачуудан башка нерсеге көңүл бурбагандыгы өкүндүргөн. Алар бош убактысын карта ойноп, аңчылык жана алкоголдук ичимдиктерди түгөтүү менен коротуп, көңүл ачуу отуруштары бир нече күнгө созулгандыгы белгилүү. Жай айларында Пржевальск шаарынын маданий турмушу токтогон, мындай көрүнүш бай катмардын шаардын четинде жайкашкан жеке эс алуу жайларына көчкөнү, аскердик бөлүктөр жайкы лагерлерине кеткени жана мектеп окуучуларынын айылдарына кайтканы менен түшүндүрүлөт. Андыктан, күз жана кыш айларында баары жанданып калыбына келген.[202]

[202] Рыскулов Т.М. История города Каракола (1869-1918гг.). Кандид.дисс.. – Б.: – 1994, с.151-152

Маалыматтарга караганда, музыкалык-драмалык искусствону сүйүүчүлөрдүн биринчи туруктуу кружогу 1877-жылы Ош шаарында Н.П. Гамовдун жетекчилигинде 4-туркестан линиялык батальонунун аскердик чогулушунда түзүлгөн. Бардык спектаклдер казармада коюлуп, шаардыктар бул жерге отургучтары менен келишкен. Анын артынан драмалык искусствону сүйүүчүлөрдүн туруктуу кружоктору 1884-жылы Каракол шаарында, кийин Пишпек шаарында да негизделген. Адабият жана музыка сүйүүчүлөр коому кезеги менен адабий-музыкалык кечелерди, кайрымдуулук концерттерди өткөрүшүп, адабий чыгармалардан үзүндүлөрдү аткарышып, романстарды ырдашкан. Музыкалык аспаптардан мандолина, скрипка популярдуу болгон, ошондой эле Глинка, Чайковский, Римский-Корсаков операларынан ариялар жана музыкалар аткарылган. Корольковдун үй-бүлөсү пианинонун коштоосу менен Бетховен, Мендельсон жана Чайковскийдин чыгармаларын аткарышкан. Майрамдарда шаардыктар аккордеон, скрипканын коштоосунда орус жана украин элдеринин улуттук ырлары жана бийлери аткарылган. Ал эми жергиликтүү элдин акындарынын жана комузчуларынын чыгармачылыгы менен шаар базарларында таанышууга мүмкүн болгон. Корольковдун жетекчилигинде майрам күндөрү вальс бийлери уюштурулуп, духовой оркестр тарабынан марштар аткарылган. 1914-жылга чейин ышкыбоздук театр сүйүүчүлөрү тарабынан Грибоедов, Островский, Чехов жана Горькийдин пьесалары боюнча 200гө жакын спектакль, ошондой эле өз убагында популярдуу болгон бир нече мелодрама жана водевильдерди элдин кароосуна коюлган. Спектакль көрсөтүү үчүн бийликтен уруксат талап кылынган. Уезддик администрация, эркин ой күчтөрүнөн коркондугунан улам, ар түрдүү тоскоолдуктарды жаратып, пьесалардын цензурадан өткөн нускасын чыгарууну талап кылып келген. Мисалы, А.С. Пушкиндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналган спектаклге тыюу салынган. [203]

1908-жылы Пьяновский, Петраков, Корольков жана башка ат спорт түрлөрүнүн сүйүүчүлөрү, алардын ичинде жергиликтүү калктын өкүлдөрүнүн жалпы демилгеси менен Ат спорт коому уюштурулуп, ошондой эле мүчөлөрү тарабынан Кыргызстанда биринчи ипподром курулган. 1911-жылы Ат чабыш спортун

[203] Бедельбаев А. Деятельность первых культурно-просветительных учреждений Кыргызстана (конец XIX – начало XX века), Вестник КРСУ. 2006. Том 6. № 10, с.4-5

колдоо коомуна өзгөртүлүп, ат спорт түрлөрүнүн өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүнү көздөгөн. Анын активдүү мүчөсү ветеринардык дарыгер, кийин республиканын мал чарбасына эмгек сиңирген адиси П.И. Ливотов болгон.[204]

Шаардын калкынын (жарым-жартылай айылдыктардын, негизинен мигранттардын) маданий деңгээлинин көрсөткүчтөрүнүн бири болуп эсептелинген, Кыргызстанда биринчи мезгилдүү басма сөз каражаттарынан «Пржевальский сельский хозяин» аттуу арзан баадагы гезитинин, Пржевальск айыл чарба коому тарабынан 1913-жылдын март айында уезддеги белгилүү балчы Силиндин редакциясында биринчи саны чыккан.[205]

Каракол шаарынын коомдук турмушундагы эң маанилүү маданий окуя – 1902-жылы шаардын коомдук китепканасынын ачылышы болгон. Шаар түзүлгөндөн баштап, шаардык жыйын, келечектеги китепкана үчүн жыл сайын 300 рублдан бөлүнүшүн кабыл алган. Ошондон бери шаар башчысы Н.М. Барсовдун китепкана боюнча облустук администрацияга тынымсыз кайрылуулары башталган. Жети жылдан кийин гана, 1901-жылдын 4-августунда Жети-Суу облусунун вице-губернатору бүткүл аймак боюнча биринчи китепкананын уставын бекиткен. Китепканага Н.М. Пржевальскийдин эмес, император Александр III аты берилгендиги алгачкы демилгечилер Козлов менен Роборовскийдин көрсөтө турган материалдык колдоолорунан баш тартуусуна себеп болгон. Андыктан, китепкана курулуп, өз ишин баштаган, Н.М. Барсов, Михайлов, Корольков жана шаардын башка китеп сүйүүчүлөрү тарабынан китепкананын уставы түзүлгөнү тууралуу маалымат Т. Рыскулов тарабынан Санкт Петербургтун архивдеринен табылып, толук тексти Каракол шаарынын тарыхына арналган диссертациясында келтирилген. Михайлов, китепкананын ачылышында Н.М. Барсовдун эмгегин жогору баалаган. Китепкананын кийинки ишинде Корольков, П.И. Ливотов жана шаардын прогрессивдүү коомчулугунун өкүлдөрү активдүү катышкан. Пржевальск шаарындагы элдик китепкана негизделген күнүнөн тарта бекер кызмат көрсөткөндүгү менен көптөгөн окурмандарды өзүнө тарткан, алардын дээрлик көпчүлүгүн окуучулар түзгөн. «Туркестанские ведомости» гезитинде, элдик китепканага жаңы гезит-

---

[204] Иссык-Куль, Нарын. Энциклопедия. – Фрунзе. 1991.- с.84, 138, 421.
[205] Джумагазиева Н. Становление кыргызской национальной (печатной) литературы и публицистики // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 3, 2021, с.136

журналдарды окуу үчүн келгендердин жана ошондой эле китептерди үйгө алып кеткен окурмандардын саны күндөн күнгө көбөйгөнү, негизинен тарыхый эмгектерге жана саякатнамаларга кызыгуу болгондугу тууралуу маалымат келтирилет. 1903-жылы элдик китепкананын эсебине, демилгечи жана калктын арасында кайыр иштер үчүн чогултулган каражаттарды эсептегенде, 1280 руб түшкөн. Мындан сырткары, окурмандар китепканага жеке китептерин, журналдарын белек катары тартуулашкан. Шаар башчысы Н.М. Барсов, көпчүлүгүн илимий мазмундагы эмгектер түзгөн 38 китепти белек катары берген. Бирок, интеллигенция жана шаар тургундардын аракеттерине жана кошкон салымдарына карабастан, китепкананын туруктуу иштөөсү үчүн каражаттын тартыштыгы байкала баштаган. Китепкананы сактап калуу үчүн гезиттердин топтомдорун сатууга туура келген. 1904-жылы китепкана Билим берүү министрлигинин балансына алынганы менен иш жүзүндө жетиштүү колдоо көрсөтүлгөн эмес.[206]

Алгачкы китепкананын ачылышынан алты жыл соң, шаардын мусулман интеллигенциясынын агартуу жана кайрымдуулук коомунун аракети менен экинчи китепкана негизделип, түзүүчүлөрдүн өздүк каражаттарына Ташкент, Верный, Казань, Уфа жана өлкөнүн башка шаарларынан татар, өзбек, казак, орус тилдеринде гезит, журналдар алынып келинген. Жыйынтыгында, кыргыз, өзбек жана татар улутундагы жергиликтүү калк “Бучул хан”, “Юлдуз”, “Нур”, “Вакыт” (татар тилинде), “Туркестанские ведомости”, “Семиреченские ведомости”, “Биржевые ведомости”, “Торговое дело” жана “Русское слово” сыяктуу гезиттер менен жакындан таанышып, китепкананын негизги окурмандары болгон.[207] Эки чоң китепканадан тышкары, чиркөөлөр менен мектептердин алдында чакан китепканалар болгон. Айрым шаар тургундардын жеке китеп коллекциялары ондогон, атүгүл жүздөгөн китептерди камтыган.

Шаардын жана уезддин жашоосунда олуттуу жандануунун, көлдү изилдөө үчүн келген окумуштуулар, саякатчылар жана экспедициялар алып келген. Кээ бир

[206] Джунушалиева Г.Д. Культурная политика государства в Кыргызстане: этапы и пути реализации: Вторая половина XIX в. - конец 30-х гг. XX в. : автореф.кандид.дисс. Бишкек, 2005. Айтмамбетов Д.О. Некоторые данные о лечебных, культурно-просветительных учреждениях и печати в Киргизии во второй половине XIX - начале XX вв. В кн.: "Труды Института истории (Академия наук Киргизской ССР). - Фрунзе,1959, - С. 123-124
[207] История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней, в пяти томах. Фрунзе, 1986, с.254.

изилдөөчүлөр, Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгышын же Кыргызстанга чектеш тоолуу аймактарынын табиятына абдан кызыгып, Пржевальскиге бир нече жолу келип, аны изилдөө база катары көрүшкөн. Шаардыктар конокторго меймандостугун көрсөтүшүп, алардын илимий иштеринин ийгилиги үчүн колдон келген жардамын беришкен. Пржевальскийдин жаркын элесине таазим кылууну саякатчылар тарабынан парз катары эсептелген. Орус-япон согушуна жана 1905-1907-жылдардагы биринчи орус революциясына чейин Караколго дээрлик жыл сайын саякатчылар келип турган. Шаардыктар да ар кандай табигый жана тарыхый-маданий коллекцияларды чогултууга, изилдөөгө кызыгышкан. Ысык-Көлдүн жана анын айланасындагы ландшафттардын жаратылыш-климаттык шарттары, ошондой эле кыргыз фольклоруна, өзгөчө тарыхый уламыштарга кызыгуу жаралган.

XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында дарыгерлер, мугалимдер, жергиликтүү тарыхчылар жана ыктыярдуу коомдордун мүчөлөрү тарабынан шаардагы мектептеп окуучулары жана уезддин тургундары үчүн бекер жекшембилик окуулары уюштурулган. Аларды уюштуруу үчүн уезддик бийликтерден атайын уруксат талап кылынган. Элдик окуулар, медицина жана ден соолук, агрономия жана мал таануу, адабият, музыка жана улуттук тарыхтагы маанилүү даталар сыяктуу абдан кызыктуу жана ар түрдүү темаларды камтыган. Пржевальск интеллигенциясынын демократиялык маанайдагы бөлүгү, көп кирешеси жок түрдүү улуттардан түзүлгөн шаардын карапайым тургундары, ар кандай учурларда, кайрымдуулукту жана кызматташтыкты көп көрсөтүшкөн. Мисалы, театралдык жана музыкалык искусствону сүйүүчүлөр кайрымдуулук концерттерин тартуулашса, шаар коомчулугу аларды ар дайым колдоп келген, аз болсо да чогулган каражаттар жер титирөөдөн жабыркагандарга, жакыр студенттерге, китепкана-окуу залына, жарадар жана майыптарга жардам катары берилген.[208]

Православдар диний майрамдарын белгилеген күндөрү мекемелер жана мектептер иштечү эмес. Мусулмандар да өз учурунда 1905-1907-жылдары бир нече жолу диний майрам күндөрүн эс алуу күн катары жарыялоо маселесин бийликтин алдына койгон. Шаардыктар үчүн чиркөөнүн коңгуроолору, ошондой

[208] ЦГА Республики Казахстан Ф.И-44, оп.1, д.2153, л. 133. Рыскулов Т.М. История города Каракола (1869-1918гг.). Кандид.дисс.. – Б.: – 1994, с. 142-143

эле мечиттердин азан чакыруусу адатка айланган. Айта кетсек, 1916-жылкы окуяларга чейин шаарда ар кандай конфессиялардын өкүлдөрүнүн ортосунда өзгөчө улуттук-диний араздашуу болгон эмес.

Маал-маалы менен облустук жана уездик бийликтердин жогорку өкүлдөрүнүн келиши, уездге бир топ баш аламандыктарды алып келген. Иш сапарлар алдын-ала белгилүү болгон учурда, уездик бийлик жана шаардын улуулары, ардактуу меймандарды шаарга келээрде салтанаттуу тосуп алышчу. Текшерүүчүлөр кеткенден кийин тиешелүү мекемелердин дарегине алкыш сөздөр айтылган же кемчиликтерди айыптаган буйрук келип түшчү.

Шаардыктардын коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуя, бул шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоо болгон. Шайлоо укугу бир гана үй ээлерине берилип, жеке үйү болбогон шаар тургуну шайлоо укугунан ажыратылган. XX кылымдын башында, орустардын бай соода-сатык элитасы жана чиновниктери, шаардын эки чоң саясий тайпасына айланып, бири-бирине каршылык көрсөтүшкөнү менен, экөө тең биргелешип шаар иштеринин башкаруусунда, Пржевальск шаарынын мусулман жамаатынын өкүлдөрүнүн катышуусун чектөөгө аракет кылышкан. Шаардагы коомдук-саясий кырдаалга жалпы россиялык ички жана тышкы саясий, социалдык-экономикалык окуялар: кризистер, ачкачылык, 1905-1907-жылдардагы революциялык окуялар, орус-япон жана биринчи дүйнөлүк согуштар таасирин тийгизген.

## КОРУТУНДУ

Түркстан аймагы Россия империясына каратылганга чейин, жергиликтүү элдин феодалдык ыкмадагы административдик башкаруунун жана патриархалдык-уруулук түзүлүштүн белгилери сакталып, туруктуу экономикалык байланыштары дээрлик жок болгон. Түркстандын, анын ичинде азыркы Кыргызстандын аймагы, Россия империясынын курамына каратылгандан кийин жергиликтүү калкынын тарыхый тагдырында, коомдук жана экономикалык түзүлүшүндө жаңылануу байкалган.

Каратып алынган жерлерди башкаруу үчүн Россия империясы жаңы административдик системасын орнотуп, Түркстан крайынын Жети-суу жана Фергана облустарын башкаруу үчүн 1867, 1873 жана 1886 жылдарда бир катар жоболор кабыл алынып, административдик-башкаруу системасынын негизги принциптери иштелип чыккан.[209] Жаңы киргизилген башкаруу системасына ылайык, Түркстан крайында колониалдык башкаруу аскердик-элдик мүнөздө жүргүзүлүп административдик жактан облус, уезд жана болуштуктарга бөлүнгөнү белгилүү. Жаңы административдик-башкаруу системасынын негизинде, жергиликтүү эл менен орус бийлигинин ортосундагы социалдык-экономикалык мамилелерди жүргүзүү милдети уезддик башкармачылыкка жүктөлгөн. Мына ушул убакыттан тартип, орус администрациясынын эң төмөнкү бийлик элементи болгон, азыркы Кыргызстан аймагына тийиштүү, Пишпек, Пржевальск жана Ош уезддик шаарлары, статусуна мүнөздүү артыкчылыктардын коштоосунда европалык типтеги шаарга айлануусу башталган.[210]

Россия империясынын курамындагы губернияларда жүргүзүлгөн администрациялык системанын принциптерине ылайык түзүлгөн система, Түркстан аймагынын жергиликтүү шарттарын, менталитеттин өзгөчөлүктөрүн, жергиликтүү калктын жашоо образына дал келбегендиги менен орус администрация тарабынан жаңы башкаруу институттарын түзүү жана жакшыртуу иштери жергиликтүү коомчулуктун жашоосуна оң таасирин тийгизгендигин

---

[209] Шушкова М.Е. Реформа управления Туркестанским краем в начале XX в.: разногласия между С.Петербургом и Ташкентом // Новый исторический вестник, 2012, с. 7; Проект Положения об управлении в Семиреченской и Сыр-Дарьинской области – СПб., 1867; Проект положения об управлении в Туркестанском генерал-губернаторстве» – Ташкент, 1881; Положение об управлении Туркестанского края от 12 июня 1886г. // Свод законов Рос. империи.- СПб., 1912.- Кн.1, т.2.;. Положение об управлении Туркестанского края .-СПб,, 1892 г.

[210] «Положение об управлении Туркестанского края» 1886, С. 66

белгилеп кетүү зарыл. Россия империясынын Түркстанда жүргүзгөн саясатынын айрым кесепеттерине карабастан, транцформациялык процесстер салтуу коомдук түзүлүштүү өзгөртүү менен социалдык-экономикалык, маданий чөйрөдө жүрүп турган ири өзгөрүүлөрдүн натыйжасында диссертациялык эмгекте негизги объект катары изденип жаткан Пишкек, Пржевальск жана Ош шаарларында төмөндөгү жыйынтыктарга алып келген:

-Россия империясы Түркстанга карата жүргүзгөн саясий стратегиясынын негизинде, шаарлар этникалык эмес, территориялдык принципте түзүлүп, натыйжада отурукташкан дыйканчылык, көчмөн жана жарым-көчмөн малчылык менен алектенген Фергана жана Жети-суу облусунун тургундары аралаш жашоого мажбур болушкан.[211] Мындай абал бир жагынан чарбалардын биргелешип өнүгүүсүнө кандайдыр бир деңгээлде шарт түзгөн.

-XIX к. экинчи жарымында, Пишпек, Пржевальск жана Ош шаарларында массалык түрдө жүргөн миграциялык процесстеринин натыйжасында жана XX к. баштарында аймакта жаралган элдик кыймылдардын таасири астында, шаарларды орус бийлигинин негизги таяныч пункттарына айлантуу зарылдыгы жаралган. Уезддик шаарлар колониалдык бийлигинин ишенимдүү таянычы катары кызмат кылышы үчүн аталган шаарларга өзгөчө статус берүү маселеси каралып, натыйжада, Пишпек, Пржевальск жана Ош шаарлары үчүн алардын географиялык, чарбалык жана демографиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен гербтери иштелип чыккан. Аталган гербтер Россия империясынын геральдикалык салтына ылайык түзүлүп император тарабынан бекитилген. Уезддик шаарлардын символикаларында, Россия империясынын салттуу геральдикалык белгилерин камтыган гербтер, империянын бир субъекти экендигин билдирип турган.

-Жаңы башкаруу системасы колониалдык мүнөздө болгонуна карабастан, шаарларда жаңы социалдык объекттер түзүлүп, Пишпек, Пржевальск жана Ош уезддик шаарлары өнүгүү жолуна багыт алган. Аталган шаарлар XX к. башында уезддик шаар статусун алуу менен тийиштүү финансылык артыкчылыкка ээ болгон.[212]

-Аталган уезддик шаарларда миграциялык процесстеринин натыйжасында өнөр жай тармагында жаңы типтеги завод фабрикалар түптөлгөн. Алсак, Жети-Суу

[211] Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России.- М.: 1959. с.360-364
[212] Пален К.К. Городское управление.- СПб., 1910. С.391

облусунун аскер губернаторунун отчетторунда XIX к. 70-90 жылдарынын арасында Пржевальск шаарда жеке, жалданма жумушчулары бар капиталисттик мүнөздөгү чакан өнөр-жай ишканалары пайда боло баштаганы айтылат. 1882-1885-жж. ишканалардын жалпы саны 12 болсо, 1894 жылы 25ке жеткен, устакана жана тегирмендер менен бирге эсептегенде 41 түзгөн. 1877-жылы көпөс А. Каримов тарабынан булгаары иштетилген завод негизделген. 1884-жылы көпөс Торопкин тарабынан курулган пиво заводу Пржевальск шаарынын эң ири ишканалардын бири болуп саналган. Заводдо учурдагы заманбап жабдуулар орнотулуп, өндүрүштүн сапаты жакынкы райондорго салыштырмалуу кыйла жогору болгондугунан улам, пиво жакынкы конуштарга тездик менен тарап кетчү. Шаардын ишканаларында өндүрүлгөн азык-түлүк, кийим-кече айылдарга салыштырмалуу сапаты менен бир топ алдыда болгон. 1891-жылдан баштап Пишпектин өнөр жай ишканаларынын катарында пиво жана май өндүрүүчү заводдору; 1892-жылдан баштап пилорама, эки булгаары заводу, ошондой эле соодагер С. Кожановдун самын заводун куруу үчүн ижарага алган жер тилкеси жана 1893-жылы май өндүрүү жана булгаары иштетүү заводдору үчүн дыйкан Н. Чернецов менен В.Тезиковго ижарага берилген жер тилкеси тууралуу маалыматтар кездешет. XIX кылымдын 90-жылдарынын биринчи жарымында, шаарда 14 устакана (алардын 8и бай өзбектерге таандык), 2 жыгач устаканасы жана 1 дөңгөлөк устаканасы жана ошондой эле 28 күрүч иштетүүчү завод, 7 май жана 1 крахмал иштетүүчү заводдор, ошондой эле 5 нан бышыруучу завод кызмат көрсөтүлгөн. Алгач өндүрүш технологиясы боюнча эски устаканалар менен айырмасы болгон эмес. Бирок, XIX кылымдын 90-жылдарында Пишпекте өнөр жайы калыптанып, ар түрдү багытта өнүгүп, жакшы жыйынтыктарга жеткен. Өнөр жай тармактары катары айыл чарба чийки заттарын кайрадан иштетип чыккан ишканалар: күрүч, ун фабрикалары, тери иштетүүчү, самын, май жана шам өндүрүүчү, чийки заттан кирпич жана курулуш материалдарын чыгаруучу заводдору кызмат көрсөтүп, иш орундары менен камсыз кылган.[213]

-Изилдөөлөр көрсөткөндөй уезддик статус алган шаарларга ички жана сырткы миграциялык процесстер күчөгөн. Натыйжада уезддик шаарлар көп улуттан турган борборлорго айланып, шаарларда маданий-этникалык байланыштарынын күчөшү менен жаңы маданий түзүлүштөрдүн пайда болушун байкоого болот.

[213] Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980.

Миграция төмөндөгүдөй себептерден улам ишке ашкан деп эсептөө мүмкүн: *Биринчиден,* Түркстандагы колонизат ордук ишмердүүлүктүн өсүшү менен жаңы негизделген шаарларга жана шаарларды курчап турган аймактарына орус дыйкандарын отурукташтыруу процессинин башталышы, келгин орус дыйкандарына жер тилкелеринин берилиши. Дыйкандардын курулуш иштерине тартылып, туруктуу иш менен камсыз болушу. Алардын артынан жакшы жашоо шарттарга умтулган туугандарынын жана айылдаштарынын да көчүп келиши; *Экинчиден,* XIX кылымдын экинчи жарымында Чыгыш Түркстанда түзүлгөн саясий абалдын кесепетинен жана Цин династиясынын бийлигине каршы чыккан дунгандардын жана уйгурлардын жер которгонго мажбур болушуп, Жети-Суу облусунда жана Борбордук Теңир Тоодо баш калкалашы. 1877-жылы ганьсулук дунгандар Бедел ашуусу аркылуу Каракол шаарынын жанына жер которушкан. Ошондой эле, ганьсулук жана чыгыш түркстандык дунгандар Фергана өрөөнүнө, шэньсилик дунгандар Торугарт ашуусу аркылуу Нарынга, андан кийин Токмок шаарына жер которушкан. Жер которгондордун саны аймактын демографиялык курамына өзгөрүш жараткан (анын ичинде Каракол жана Пишпекте). 1910-жылга карата статистикалык маалыматта алардын жалпы саны 20400 адам болгон. Ал эми, Ош аймагынын Кара-Суусундагы дунгандар, каада-салты менен тили толук унутулуп, өзбек тилинде сүйлөп тегерегиндеги улуттарга сиңишип кеткен; *Үчүнчүдөн,* 1890-1892-жылдары Россиянын ортоңку губернияларындагы түшүмсүздүктүн да өз таасирин тийгизиши. Натыйжада, орус дыйкандарынын массалык көчүп келүүсү башталган. Ачарчылыктан качкан орус крестьяндары Ысык-Көлдүн жер иштетүүгө ыңгайлуу чөлкөмдөрүнө көчүп келишкен. Түзүлгөн кырдаалга байланыштуу дунгандар менен бирге Иледе жашаган уйгурлар да көчүп келүүгө аргасыз болушкан. Түрк тилдүү уйгурлар дунгандардан айырмаланып, Кыргызстандын ар кайсы аймактарына чачырап кетишкен. Алар соода-сатык менен алектенишип, негизинен шаарларда отурукташышкан. 1912-жылкы маалыматтарда Пишпек жана Пржевальск шаарларында 200 чамалуу уйгур калкы катталган. Көчүп келген элдердин бири татарлар болгон. Алар кыргыздарга тилдеш, диндеш элдер болушуп, негизги кесипчилиги соода-сатык болгон. Алар негизинен Пишпек, Каракол жана Ош шаарларында жашаган.[214]

[214] Бартенова И.Ю. Истоки переселенческого движения в Кыргызстан... с.44.

-Шаарлар келечектеги административдик жана соода борборлорунун башатын түзгөн. 1867-жылы Жети-Суу облусу түзүлгөндө жолду жана транспортту уюштуруу аскер губернаторуна тапшырылган. Анын буйругу менен облустун борборун, крайдын борбору – Ташкент менен байланыштыруу зарылдыгы келип чыккан. Натыйжада, ошол эле жылы Верный-Пишпек-Кара-Балта-Олуя-Ата-Ташкент жолун куруу ишке киришет. Транспорттун мындай жайланышы облус менен уездди гана байланыштырбастан, биринчи кезекте гарнизондор менен аскердик пункттарды бекеттер менен байланыштырган. Бирдиктүү, уюшулган система түзүлгөн. XIX кылымдын акыркы чейрегинде дөңгөлөк-араба жолун куруу Фергана өрөөнүндө да жүргөн. Жол куруу адегенде Фергананын түздүктөгү райондорунда башталган. Анын негизги максаты жаңы түзүлгөн Фергана облусун, шаарларын бири-бири менен байланыштыруу жана аларды крайдын саясий борбору Ташкент менен туташтыруу болгон. 1900-жылы почта жолдорунун узундугу 399,1 чакырымды түзгөн. Бул аралыкта 18 почта станциясы, 17 станция аралык мекемелер болгон. Алты шаарда, анын ичинде телеграфтык мекеме (контора) жана 1 почта бөлүмү иштеген. Ошто эки почта бөлүмүндө кат ташуучу 16 ат жана 8 ямщик болгон. Ош-Гүлчө аскердик чеби менен үзгүлтүксүз кат ташуу үчүн 2 жигит аты менен, ал эми Кашкардагы орустун генералдык консулу менен болгон байланышты 4 жигит аты менен дайым даяр турушкан. Ош уезддик шаары Россия империясынын Кашкар ортосундагы соода көпүрөгө айланган. Орустар келгенге чейин Ысык-Көлдө суудa сүзүүчү каражаттар болгон эмес. 1856-жылы Теңир-Тоонун изилдөөчүсү И.П. Семёнов өзүнүн күндөлүгүндө «Көлдүн тереңдигин ченөө үчүн казактар кеме жасап, көлдүн түндүк жээги менен сүзүп жүрүшөт» деп жазган. Октябрь революциясына чейин Ысык-Көлдө ишкердик жүргүзүү жеке адамдардын иши болгон. Ал үчүн Жети-Суу казактары, Сибирь тараптан Пржевальск шаарына көчүп келген дыйкандар, мещандар балык кармоо жана майда жүктөрдү ташуу үчүн кайыктарды жасашкан. Бул биринчи суу байланыш каражаты да болгон. Ал эми ири жүктөрдү ташууну соода капиталынын өкүлдөрү өздөрүнө алышкан. 70-80 жылдары Ысык-Көлдүн үстүнөн транспорттук байланышты уюштуруунун мүмкүнчүлүктөрү изилденген. 1872-жылы Караколдо кеме курулуп, аскер губернатору Г.А. Колпаковскийдин жетекчилигинде, кызыккандардын өз алдынча көлгө чыгуусу уюштурулган.[215]

[215] Костенко Л.Ф. Туркестанский край.-СПб., 1880, 172 б.

Облустук гезитте маалымдалгандай, Ысык-Көл уездинин жетекчиси 1888-жылы белгилүү сибирдик пароход куруучусу И.И. Игнатов менен Ысык-Көлдө пароход куруу ишин баштоо тууралуу жазышуу жүргүзгөн.[216] Бирок, демилге кагаздын бетинде кала берген. Кийин, XIX к. башында гана Верный жана Пржевальск шаарларынын жеке ишкерлери парустук транспортту түзүүгө киришкен.[217] Анткени, Борбордук Тянь-Шанга анын ичинен көл аймагына фабрика, завод товарларын ташып келүү жана аларды анын жээгинде жашагандарга таратуу жана ошол эле рейстер менен топтоп алган мал-чарба өндүрүмдөрүн ташуу үчүн суу транспорту өтө ыңгайлуу экенин алар өтө туура баамдашкан. Кыргызстандын аймагында 60 почта станциялары иштеген. Кылымдын аягында почталарды кармоону мамлекет көпөстөргө өткөрүп берген. 1870-1880-жж. почта трактысын бойлоп телеграфтык линия тартылат жана иштей баштайт. 1900-жылы Бишкектен Караколго чейин 14, Көтмалдыдан (Кутемалдыдан) Ат-Башыга чейин 6, Пишпек-Олуя-Ата арасында 18 почта станциясы курулуп, 4 029 телеграфтык устун коюлуп, 418 км телеграф зымы тартылган. Россия курамына кирүү менен байланышкан экономикалык өзгөрүүлөргө темир жолдордун курулушу да кирет. Кыргызстандын аймагында жалгыз темир жол Пишпек аркылуу Арыска көздөй уланган, жолдун боюндагы 11 точканы тейлеген телеграф линиясы иштеген.[218] Почта тракттары аркылуу облус борбору Верный, крайдын борбору Ташкент менен байланыш түзүлгөн. Ал эми Верный жана Ташкент темир жолдору аркылуу империянын башка аймактарына чыгуу мүмкүнчүлүгү болгон.[219] Түркстан-Сибир жолунун курулушунда Луговая-Пишпек участогу совет бийлиги орногондон кийин 1924-жылдын 8-августунда ишке киргизилген.

Бул жолдор жергиликтүү калктын экономикалык өнүгүүсүнө таасирин тийгизбей койгон эмес. Жолдор менен катар почта байланыштары да ачылган. Ал эми Ысык-Көлдө пароходство уюшулган. Ошондой эле телефон, телеграф, жана басмаканалар иштей баштаган. Ошентип, транспорттун бул түрүнүн келип чыгышы XIX кылымдын экинчи жарымына тиешелүү болуп, капиталисттик Россиянын түздөн-түз аракети менен ишке ашкан.

---

[216] Туркестанские ведомости. 1888, № 12

[217] Галицкий В.Я. Начало судоходства на Иссык-Куле. В кн.: научные чтения, посвященные памяти академика АН Киргизской ССР И.С. Ильясова .-Фрунзе. 1989. 49-51 б.

[218] Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1971).-Б.:2019, с. 407

[219] Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. – М.: Соцэкгиз., 1959, с.369

-Уезддик шаарлар экономикалык гана эмес социалдык-маданий өзгөрүүлөргө дуушар боло баштаган. XX кылымдын башында Түркстан аймагында мектептердин үч тиби болгон: 1) конфессионалдык – эски ыкмадагы мектеп, медреселер; 2) жаңы усулдук (жадидчилердин) мектеби; 3) орус-жергиликтүү мектептери. Ош, Пишпек жана Пржевальск шаарларында колониалдык бийлик тарабынан орус бийлигине келечекте кызмат кылуу үчүн орус-туземдик мектептер уюшулган.[220] Кыргызстандын аймагында башталгыч орус-жергиликтүү мектептери 1870-жылы алгач Токмокто, кийинчерээк 1874-жылы Караколдо, 1879-жылы Пишпекте, ал эми 1878-жылы Ошто ачылган. Жаңы типтеги орус-жергиликтүү мектептеринде атайын бектилген окуунун мөөнөтү болгон эмес. Окуучулардын жаш курагы боюнча 8-20 жаштагылар болушкан. Түркстан аймагында, анын ичинде Кыргызстанда дагы айыл-чарба окуу жайлары ачыла баштаган. Эң биринчи айыл чарба мектеби 1888-жылдын 1-сентябрында Караколдо, мурунку шаардык училищанын базасында ачылган. Биринчи окуу жылында 11 кыргыз бала окуган. Жер иштетүүчүлүк, малчарбачылык, багбанчылык, балчылык боюнча адистерди даярдаган бул окуу жай эки жылдан кийин жабылып, кайра 1894-жылы ачылган. 1889-жылдын аягында мындай мектеп Пишпекте ачылган.[221]

Жергиликтүү окуучулардын сабактарга катышуу активдүүлүгү жана баалоо көрсөткүчтөрү өтө төмөн болгону жана эки жыл окуган соң окууну таштап кетишүүсү байкалган. Мектепти 3-4 жылдык окуу курсун толук саналуу гана окуучулар, көбүнчө ата-энеси бай жана колунда бар үй-бүлөлөрдүн балдары бүтүрүшкөн. Билим берүү падышачылык Россиянын мамлекеттик саясатынын негизинде болсо дагы жергиликтүү калктын билим берүү жаатында дүйнөлүк маданияттын эң жаңы жетишкендиктери менен таанышып, өнүгүүгө багыт алган. Алардын жана алар окутуп-тарбиялагандардын арасынан кыргыз интеллигенциясынын мыктылары өсүп чыкканы буга далил.

-Жалпы Түркстан аймагында саламаттыкты сактоо тармагы өтө эле начар каржылаган. Медициналык жана ветеринардык адистердин аздыгы, аймактардын

---

[220] Бендриков К.Е. Очерки по истории народного образования в Туркестане. М.1960. С.62-63; Измайлов А. Э. Очерки по истории советской школы в Киргизии за 40 лет.-Фрунзе:Киргизучпедгиз, 1957, с, 31-35; Каниметов А. Язык братского единства.—Фрунзе: Мектеп, 1976, с. 27-32.

[221] Данияров С.С. О прогрессивном значении русской культуры в развитии культуры киргизского народа в конце XIX  и начале XX веков[Текст]/ С.С.Данияров. – Фрунзе: Мектеп, 1964.

чоңдугу жана конуштардын бири-биринен алыс жайгашкандыгы, падышалык чиновниктердин колониалдык мамилеси, туруктуу медициналык жана ветеринардык тейлөө менен камсыз кыла алган эмес. Мына ушундай шарттардын негизинде өлкөнүн ар кайсыл аймактарында, адамдын жана малдын ар кандай ылаңдары маал-маалы менен катталып турган. Ал эми шаарларда санитардык көзөмөл айыл-конуштарга салыштырмалуу жогору болуп, дарылоо-алдын алуу иштери колго алынган. Ош, Пишпек, Пржевальскда аскердик лазареттер болгон. Дарылоочу жайлар менен катар жарандык аптекалар да ачыла баштаган.[222] Натыйжада, айылдыктар шаарларга тартылып, дарылоону жана селекцияны илимий негизде алып баруунун артыкчылыктарын сезе башташып, шаардагы медициналык кызматтын объектилери, илимий медицина менен ветеринарияны жана алардын кызматын элге жайылтуунун очокторуна айланган.

-Кыргызстанда европалык типтеги биринчи маданий-агартуу мекемелери жана уюмдары Россияга кошулгандан кийин пайда болуп, кандайдыр бир деңгээлде административдик-башкаруу аппаратынын, интеллигенциянын жана жер которгон дыйкандардын керектөөлөрүн канааттандыруу талаптарына жооп берген. Аймактын маданият жаатында коомдук китепканалар ачылып, аларда элдик окуулар болуп турган, спектакль сүйүүчүлөрдүн кружокторуу ачылып, мүчөлөр тарабынан коюлган спектаклдерден түшкөн каражаттар кайрымдуулук катары китепканалардын ишмердигин колдоого жиберилген.[223] Генерал-губернатор К.П.Кауфман 1770-жылы 2200 томдон турган китепкана түзгөн. 20-жыл аралыгында (1867-1887-жж.) Ташкенттеги китепканада биз жогоруда сөз кылган В.И.Межов түзгөн «Түркстан жыйнагынын» 416 тому топтолгон.

Ошондой эле кружоктор түзүлүп, курамында доордун прогресивдүү ой-жүгүрткөн адамдардан түптөлгөн. Алар түпкүлүгүндө маданий-агартуу иштерин гана жүргүзбөстөн, агитациялык жана үгүт иштерин бирдей жүргүзүп, кружокторду демократиялык идеяларды жайылтуунун борборлоруна айландырышкан. Пишпек, Пржевальск жана Ош уездик шаарлары, революциянын жана келечекте советтик бийликтин социалдык-экономикалык модернизациялоо процесстерин жүргүзүү борборлоруна айланган.

---

[222] И.И. Гейер. Ферганская область. «Весь русский Туркестан». Ташкент, 1909, стр. 244;

[223] Бедельбаев А.Б. Деятельность первых культурно-просветительных учреждений Кыргызстана (конец XIX–начало XX века). Вестник КРСУ. 2006. Том 6. № 10, 4-6 б.

-Уезддик шаарларда социалдык-экономикалык,чарбалык өзгөрүүлөрдүн жүрүшү менен шаарлардын стратификациялык түзүлүшү өзгөрө баштаган. Алсак, XIX к. экинчи жарымы- XX к. башында шаарларда трансформациялык процесстеринин жүрүшү өзгөчө уезддик шаарларда көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздардын отурукташуу процессин күчөткөн.

-Кыргызстандын аймагында европалык типтеги шаарлардын пайда болушунун прогрессивдүү натыйжаларынын бири көрүнүктүү саякатчылар жана алдыңкы окумуштуулар тарабынан аймакты ар тараптуу табигый-тарыхый жана башка изилдөөлөрдүн башталышы болуп, кийинки илимий изилдөөлөргө кызыгууну жараткан.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


Абдурахимова Н.А., Рустамова Г. Колониальная система власти в Туркестане во второй половине XIX – первой четверти XX вв.– Ташкент: Университет, 1999

Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, 1999

Абытов Б.К. Ош: факты, события и личности (новый взгляд на основе источников средних веков и нового периода) Ош, 2000

Абытов Б.К. Тысячелетняя история Оша: историко-источниковедческий анализ (IX-начало XX вв.): Автореф. дис. ... д-ра ист. наук. Ин-т истории НАН КР. – Б.: 2002

Айдаралиев А.А. Основные этапы здравоохранения Киргизии. – Фрунзе: Киргосиздат, 1958

Айтбаев М.Т. Историко-культурные связи киргизского и русского народов (по материалам Иссык-Кульской области Киргизской ССР). – Фрунзе, 1957

Айтмамбетов Д. Дореволюционные школы в Киргизии. – Фрунзе: Изд-во АН Киргизской ССР, 1961

Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX века. –Фрунзе, 1967

Алдашев А.А. Этапы развития ветеринарии в Киргизии. – Ф., Илим, 1989

Алымбаев Ж.Б. Общественно-политическая жизнь кыргызов в российской историографии второй половины XVIII – начала XXвв. – Б.: 2009

Аттокуров С. Развитие мелкой промышленности Киргизии в к. XIX - нач. XX в. // Ученые записки историкоюридического факультета Киргосуниверситета. Фрунзе, 1964. Вып. № 3

Бартенова И.Ю. Истоки переселенческого движения в Кыргызстан, КРСУ, 2010

Батырбаева Ш.Д. Демографическая интеграция украинского население в Кыргызстане (по материалам переписей, проведенных в XX века). Украинцы в Кыргызстане. Статьи, исследования,материалы. Выпуск 2. –С. 41

Бедельбаев А.Б. Деятельность первых культурно-просветительных учреждений Кыргызстана (конец XIX–начало XX века). Вестник КРСУ. 2006. Том 6. № 10

Бендриков К.Е. Очерки по истории народного образования в Туркестане. М., 1960

Бернштам А.Н. Культура древнего Киргизстана. – Фрунзе, 1942

Бойко Д.А. Гербы городов, губерний и областей Российской Империи, внесенные в Полное Собрание Законов с 1900 по 1914 год. – Запорожье, 2013

Васильев, В.А. Семиреченская область как колония и роль в ней Чуйской долины, 1915

Воротников, В.С. Чуйские переселенческие участки в Пишпекском уезде Семиреченской области. // Семиреч. обл. ведомости. – 1908.- №60,62,64,66-69,71-73

Вощинин В.П. Очерки нового Туркестана. Свет и тени русской колонизации. СПб., 1914

Галицкий В.Я. История города Пишпека. – Фрунзе: Изд-во Илим, 1980.

Галицкий В.Я. Начало судоходства на Иссык-Куле. В кн.: научные чтения, посвященные памяти академика АН Киргизской ССР И.С. Ильясова .-Фрунзе. 1989

Галицкий В.Я., Плоских В.М. Старинный Ош. - Фрунзе, 1987

Гареев З.В. Опытные работы по плодовым, бахчевым культурам и по винограду. Сб. «Наука в Киргизии за 20 лет (1926— 1946)»

Гейер И.И. Путеводитель по Туркестану. Ташкент, 1901

Гейер И.И. Туркестан / И.И. Гейер; с доп. ст. "Семиреченская обл.", сост. А.Л. Кирснером. – 2-е изд., испр. и доп. автором. Ташкент: [б. и.], 1909

Гейер И.И. Ферганская область. «Весь русский Туркестан». Ташкент, 1909

Гирс Ф.К. Отчет ревизующего, по высочайшему повелению, Туркестанский край, тайного советника Гирса. – СПб., 1883

Город Бишкек: Сб.док.и материалов / Сост. Г.Т. Гуля, Е.А. Романова, Б.О. Самаева. – Б.: 2013

Губернии Российской империи. История и руководители. 1708-1917. Москва, объединенная редакция МВД России. 2003

Данияров С.С. О прогрессивном значении русской культуры в развитии культуры киргизского народа в конце XIX и начале XX веков. – Фрунзе: Мектеп, 1964

Джаманкараев А.Б. Развитие торговли в Киргизии в конце XIX-начале XX вв. – Фрунзе: Илим, 1966

Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. – М.: Соцэкгиз., 1959

Джунушев К. Развитие товарно-денежных отношений в дореволюционной Киргизии. – Фрунзе: Илим, 1965

Джунушев К. Экономические предпосылки развития товарного хозяйства в дореволюционной Киргизии, - Фрунзе: Изд-во АН Киргиз. ССР, 1962

Доклад Абдрахманов Ж. Киргизия как район аграрной колонизации. Влияние колонизации на общественную хозяйственную и культурную жизнь киргиз. 1931 https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:7250

Егоров С. Геральдика для всех. Москва, 2002. Левандовский А.П. В мире геральдики.-М.: Вече, 2008

Ефремов Ф.С. Российского унтер-офицера Ефремова, ныне коллежского асессора, десятилетнее странствование и приключение в Бухарии, Хиве, Персии и Индии и возвращение оттуда через Англию в Россию, писанное им самим // Русская старина, 1898. №7. – М., 1952

Жакыпбеков Ж. Социально-экономическое и политическое развитие кыргызов во второй половине XIX - начале XX вв: Историграфия проблемы. Б., 2003

Жумабаев Б.М. Южный Кыргызстан глазами российских путешественников. (вторая половина XIX-начало XX ВВ . ). -Б.: Ош-3000, 1999

Жунушов А.Т. Ветеринарная служба на путях перестройки. Б., 1991

Захарова А.Е. Историко-культурное наследие г. Ош, конец XIX - начало XX вв., канд.дисс., 1999

Иванов А.И. Одна из наших окраин. // Рус. вестн. -1889. -Т. 205. - №11.

Измайлов А. Очерки по истории советской школы в Киргизии за 40 лет (1917-1957 гг.). – Фрунзе: Киргизгосучпедгиз, 1957

Измайлов А. Э. Очерки по истории советской школы в Киргизии за 40 лет.- Фрунзе:Киргизучпедгиз, 1957

Ильясов С.И. Земельные отношения в Киргизии в конце XIX - 1 начале XX вв.- Фрунзе: Изд-во АН Кирг.ССР, 1963

Иссык-Куль, Нарын. Энциклопедия. – Фрунзе. 1991

История Киргизии, т. 1, 1956

История Киргизской ССР. 1968. Т. I.

Кадыров Ы. Кыргыздын Гиннес китеби. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, Бишкек. 2008

Каниметов А. Язык братского единства.—Фрунзе: Мектеп, 1976

Карыева А. Кыргызстанда агартуучулуктун калыптанышы жана өнүгүшү (XIX - XX к. башы), 2017

Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917). – Б.: Maxprint, 2019

Кененсариев Т. Мысли о трехтысячелетия Оша и предстоящем празднике 3015-летие города // Маданият баалуулуктарын камтыган сырдуу Ош-3015. Бишкек, «Улуу Тоолор». 2015

Конопка С.Р. Туркестанский край. Ташкент, 1912.

Костенко Л.Ф. «Туркестанский край. Опыт военно-статистического обозрения Туркестанского военного округа». Т I. СПб., 1880

Кронгардт Г.К. Население Киргизии в последней трети XIX – начале XX века. – Фрунзе. – 1989

Кронгардт Г.К. Население Кыргызстана во второй половине XIX - начале XX вв. – Бишкек, 1997

Куропаткин А.Н. Кашгария. Историко-географический очерк страны, ее военные силы, промышленность и торговля. СПб., 1879

Кушелевский В.И. Материалы для медицинской географии и санитарного описания Ферганской области. Том II. — Новый Маргелан, 1891.

Липский В.И. По горным областям Русского Туркестана (Тянь-Шаня). – Изв. РГО, т. XVII, 1906

Литвинов П.П. Роль России в исторических судьбах киргизского народа (по материалам истории памиро-алайских киргизов конца XIX- начала XXвв.) АКД. Фрунзе, 1985

Лукомский В.К. и барон Типольт Н.А. Русская геральдика: Руководство к составлению и описанию гербов.- Петроград, 1915

Лукьянов С.А. Роль Министерства внутренних дел Российской империи в развитии ветеринарии и ветеринарно-эпизоотического надзора: монография. Москва. 2019

Лыкошин Н. С. Полжизни в Туркестане. Пт., 1916

Малтаев К.Ж. Сулайман-Тоо-древнейший поднебесный храм в Центральной Азии. Ош. гос. ун-т, 2000

Маматова А.Б. Россия империясынын Кыргызстандагы административдик саясаты (XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башы). Кандидаттык диссертациясы.- Б., 2012

Марков Е.Л. Россия в Средней Азии: Очерки путешествия по Закавказью, Туркмении, Бухаре, Самаркандской, Ташкентской и Ферганской областям, Каспийскому морю и Волге. — СПб., 1901

Менский К. Краткое описание г. Пржевальск (Из путевых заметок по Семиречью. 2300 верст на почтовых) Военный сборник журналы. 1905, № 8

Мухлынин Б. Ф. История села Беловодское. 2022.

Назаров Ф. Записки о некоторых народах и землях средней части Азии Филиппа Назарова, отдельного Сибирского корпуса переводчика, посланного в Коканд в 1813 и1814 годах. - СПб., 1821

Наливкин В. Краткая история Кокандского ханства. Казань, 1886

Недзвецкий В.Е. Памятная книжка и адрес-календарь Семиреченской области за 1905 год. Верный, 1905

Недзвицкий В.Е. Административное устройство, оседлые пункты и кочевыя волости Семиреченской области. г.Верный, 1913

Никитин И.Н. История ветеринарной медицины. М.: «КолосС», 2006

Нурматова С. Русские в Оше (конец XIX - середина XX вв.): по материалам архивов, 2007

Нурматова С. Русские в Пишпеке (конец XIX - начало XX вв.): по материалам архивов, 2011

Пален К.К. Всеподданнейшая записка, содержашая главнейшей выводы отчета о произведенной в 1908–1909гг. по Высочайшему повелению, Сенатором гофмейстером графом К.К.Паленом ревизии Туркестанского края.– СПб. –1910.

Пален К.К. Городское управление.- СПб., 1910.

Пален К.К. Материалы к характеристике народного хозяйства в Туркестане. СПб., 1911

Плоских В.М., Джунушалиев Д.Д., Галицкий В.Я. Пишпек-Фрунзе-Бишкек: этапы исторического развития (1878-2003 гг.).-Б.: 2003

Поярков Ф. Алексей Михайлович Фетисов. «Турк. ведом.», 1894, № 59

Проект «Киргизский фотоархив». Киргизия. Наука и образование. Ветеринария. http://www.foto.kg/galereya/page,1,129,1521-kirgiziya-nauka-i-obrazovanie-veterinariya.html

Рожанович И.В. Пчеловодство в Пржевальском уезде «Туркестанские ведомости», 1901, № 33

Румянцев П.П. Уезды Жетысу. – Алматы.: Жалын, 2000

Русские путешественники и исследователи о киргизах. –Фрунзе, 1973

Русский инвалид. 1889. №59

Рыскулов Т.М. История города Каракола (1869-1918гг.). Кандид.дисс.. – Б.: – 1994

Сапелкин А.А. Аграрные отношения в Киргизии в начале XX в. (1900-1917). Фрунзе, 1977

Сапелкин А.А. К истории феодализма в Киргизии в конце XIX-начале XX веков. – Фрунзе: Илим, 1968

Свенцицкий М. Совещание ветеринарных врачей. Туркестанский сборник. Ташкент. 1907. Т. 428

Скрябин К.И. Воспоминания о работе в Туркестанском крае. Моя жизнь в науке. Москва. 1969

Соболева Н.А. Российская городская и областная геральдика XVIII-XIX вв. М.: Наука, 1981

Стокасимов Н.П. Военно-статистическое описание Туркестанского округа. Ферганский район. Ташкент, 1912

Талызин А. Пишпекский уезд. Исторический очерк (1855-1868гг.) // Памятная книжка Семиреченского областного статистического комитета на 1898 г. Т.2. Верный, 1898

Тиллебаев, С.Б. Система админстративно -территориального управления в Туркестанском крае в конце XIX - начале XX вв. и участие в ней представителей местного населения (на примере Ферганской области). Автореф. Дис.канд. ист. наук –Ташкент, 2006

Тихменев В.П. и Поплавский. Военное обозрение восточной пограничной полосы Семиреченской области. СПб., 1883

Түлөбаев А.З. Ветеринария тарыхы. Лекциялар жыйнагы. – Б.: 2022. – 57-58 б.

Түлөбаев А.З., Салыков Р., Исаев А.Т., Гүлназ Аскарбек. Жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу: - Б.: «Улуу Тоолор», - 2016. 78-79 б.

Турчанинов Н.В. Города Азиатской России. Азиатская Россия. Т. I, СПб, 1914

Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов (вторая половина XIX - начала XX вв.).-Фрунзе: Илим, 1980

Федченко А.П. Путешествие в Туркестан. Москва, 1950

Хасанов А. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70-е гг. XIX В. - Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1961

Хасанов А. Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. М.- Б., 2004

Хелимский Е.И. Вопросы социально-экономического развития крестьян-переселенцев средней Азии в конце XIX- начале XX вв. в дореволюционной истoрографии (на материалах Семиреченской области) –Бишкек, 1992

Хорошхин А.П. От Ташкента до Токмака. Сборник статей, касающихся до Туркестанского края. – СПб., 1876

Чиркин, Г.Ф. Положение переселенческого дела в Семиречье: Записка командированного в Семиреченскую область летом 1908 года ревизора землеустройства. - СПб, 1909

Чормонов Б., Сидоров А. Промышленный прогресс в Киргизской ССР, - Фрунзе: Киргизгосиздат, 1963

Шкапский О.Р. Киргизы-крестьяне (из жизни Семиречья) // Туркестанский сборник. Т. 490.- Ташкент. 1908

Шкапский, О. П. Переселенцы-самовольцы и аграрный вопрос в Семиреческой области. -СПб., 1906.

Шрейдер П.И. По окраине. Путевые очерки. – СПб., 1896

Шушкова М.Е. Реформа управления Туркестанским краем в начале XX в.: разногласия между С.Петербургом и Ташкентом // Новый исторический вестник, 2012

Шушкова М.Е.Организация управления Туркестаном в начале XX века. Канд.дисс.-М.: 2015

Ювачев И.П. Курбан-Джан-датха. Исторический вестник, 1907, №12

Ярков А. Очерк истории религий в Кыргызстане. Б., 2002

Pahlen K. K. Mission to Turkestan: Being the Memoirs of Count K. K. Pahlen. 1908—1909. Ed. by R. A. Pierce. London, Oxford University Press, 1964

## КОЛДОНУЛГАН АРХИВДИК БУЛАКТАР


Кыргыз Республикасынын Ысык-көл облустук мамлекеттик архиви, Ф.1108, Оп. 1, № 12

Обзор Семиреченской области по годам http://elib.shpl.ru/ru/nodes/50512-obzor-semirechenskoy-oblasti-po-godam-vernyy-1883%E2%80%931915

Обзор Ферганской области по годам http://elib.shpl.ru/ru/nodes/50832-obzor-ferganskoy-oblasti-po-godam-novyy-margelan-skobelev-1889-1916

ООГАПД. -Ф. 50. Оп. 1. Д. 115-а. Л.25

Памятная книжка и адрес-календарь Семиреченской области на 1905 год. Верный, 1905

Первая Всеобщая перепись населения Российской империи 1897 г. Семиреченская облусь. Под редакцией Н.А. Тройницкого. – Санкт-Петербург: издание Центрального статистического комитета Министерства внутренних дел, 1899-1905

Положение об управлении Туркестанского края .-СПб, 1892 г.

Положение об управлении Туркестанского края от 12 июня 1886г. // Свод законов Рос. империи.- СПб., 1912.- Кн.1, т.2.

Положение об управлении Туркестанского края, 1886

Проект Положения об управлении в Семиреченской и Сыр-Дарьинской области – СПб., 1867

Проект положения об управлении в Туркестанском генерал-губернаторстве» – Ташкент, 1881

Протоколы заседаний комиссии, учрежденной приказом по Туркестанскому краю от 27 апреля 1902 г. № 92, для составления объединенного Положения об управлении областей Туркестанского края

Список населенных мест Ферганской области, г.Скобелев, 1909

Туркестанские ведомости, 1883 г., № 27; 1888, № 12; 1889, № 24; 1895, №93; 1901, № 33; 1903, № 77; 1905, № 48; 1908, №92; 1915, № 263

Указ “О гербах губернии, областей, градоначальств, городов и посадов” от 1857 г.

ЦГА Кыргызской Республики. Ф.2, Оп.1, д.45

ЦГА Республики Казахстан. Ф. И-44, оп.1, д.646; Ф.44. Оп.1. Д. 21416; Ф.44.Оп.1. Д. 94

ЦГА РУз. Ф.И-1. Оп.27. Д. 1011

ЦГИА РФ. Ф.1263, Оп.1. Д. 4603

**КОЛДОНУЛГАН МАКАЛАЛАР**

Алексеева Л.В. Состояние ветеринарного дела в годы революции и гражданской войны. Вестник НВГУ. 2008. 1:64 69

Алымбаев Ж. История герба города Оша. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 8, 2020

Алымбаев Ж.Б. «Түркестан жыйнагы» – Кыргызстандын тарыхы боюнча маанилүү тарыхый булак // Вопросы истории Кыргызстана. – Бишкек, 2008. – №1. – 101–104-б.

Алымбаев Ж.Б. «Туркестанские ведомости» как источник по истории кыргызов колониального периода // Отечественная История. – Алматы, 2009. – №1. С.150-157;

Алымбаев Ж.Б. Причины и мотивы продвижения России в Туркестан в трудах русских ориенталистов XIX в. // Вестн. Кырг. гос. ун-та им. И.Арабаева. – Бишкек, 2007. – Вып. №8. – С. 35 – 40.

Джумагазиева Н. Становление кыргызской национальной (печатной) литературы и публицистики // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 3, 2021

Коллекция документов по истории Кыргызстана полученных из Российского Государственного (РГИА) архива” Центральный Государственный Архив Кыргызской Республики (ЦГА КР) ф-160.-И, оп 1, ед. хран.46

Кубатова А.Е. Абдыкерим Сыдыков и некоторые вопросы формирования национальной разведки. Вестник Кыргызского государственного университета И. Арабаева. 2020. 4:39 45.

Лукьянов С.А., Удодов А.Г. Земная ветеринарная медицина: становление и развитие во второй половине XIX - начале XX века. Образование. Наука. Научные кадры. 2020. 4:86 90

Махмудова Н. Историко-источниковедческий обзор отчетов ревизии Сенатора К.К. Палена // Метаморфозы истории, 2019, № 13

Махмудова Н. Сенаторская ревизия графа К.К. Палена в Туркестане: причины, ход, последствия. // Новая и новейщая история, 2016, № 94. – С. 134 150.


Плоских В.М. А. Сыдыков: героическая и трагическая судьба переводчика периода восстания 1916 г. Журнал «Вестник КРСУ», 2016 год, Том 16, № 10, Стр. 205-210

Сапаралиев Д. Система управления кыргызов в составе Российской Империи 1855-1917 гг. Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi, 2004, 6 (12),9-15. https://dergipark.org.tr/tr/pub/manassosyal/issue/49968/640529

**ТИРКЕМЕЛЕР-СҮРӨТТӨР**

## ОШ

1. Ош шаарына кириш



2. Ош мечити




3. Ак-Буура



4. Ош базарлары







5. Ош шаарынын орус бөлүгү



**Пишпек**

1. Шаардык администрация



2. Терентьевдин үйү





3. Көпөс Даулбаевдин дүкөнү



4. Пишпек ун базары




**Пржевальск-Каракол**




Основатель города Каракол (1869-г.)

**1.** Барсов тарабынан негизделген парк




2. Шаардык библиотека



3. Шаар тургундары



Основатель Каракольской метеорологической станции географ и путешественник Я.И.Корольков в кругу семьи. Справа налево: Я.И. Корольков, Л.И. Тропани, В.А. Королькова-Грибоедова (жена Королькова, внучатая племянница А.С.Грибоедова), Н.Г. Хлудов, В.А.Горденина, Рыбалов. Фотография 1916 года.

4. Базар



Базарная площадь.

5. Көпөс Рафиковдун үйү



# РЕЗЮМЕ

**Аты-жөнү** **:** Гүлназ Аскарбек

**Эл. дареги** **:** gulnaz.askarbek@manas.edu.kg

**Телефону** **:** +996557310794

**Билими:**

| **Илимий даражасы** | **Багыты/профили** | **Берилген жылы** | **Окуу жайы** |
|---|---|---|---|
| Орто билим | Жалпы билим берүү | 2012 | Мектеп-гимназия №48, Бишкек |
| Бакалавриат | Тарых | 2017 | Кыргыз-Түрк Манас университети, гуманитардык факультет, тарых бөлүмү |
| Магистратура | Этнография | 2019 | Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, тарых жана чөлкөмтаануу факультети |

Дипломдук ишинин темасы жана илимий жетекчиси:

**Кыргыздардын сөөк жана мүйүз иштетүү чеберчилиги.** т.и.д. профессор Кубатбек Табалдыев

Магистрдик ишинин темасы жана илимий жетекчиси:

**Социально-исторические аспекты в пастбищном животноводстве кыргызского народа.** КРнын УИАнын корреспондент мүчөсү, т.и.д., профессор Асанканов А.А.